84 Кы 7-4
А 90

Үсөнбек Асаналиев



# КАРГА АКЕ

84Кыр7-5
А-90

Үсөнбек Асаналиев

# КАРГА АКЕ

Т. Сыдыкбеков атындагы обл. китепканага автордон белек
27.02.14.

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В.И. ЛЕНИНА
№ 271386

БИШКЕК - 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ku 7-4
А 90

**Асаналиев Үсөнбек**
А 90 Карга Аке. – Б.; «Print Express» 2011, – 134 б.

**ISBN 978-9967-26-163-1**

Ушул китепти басууга демөөрчү болуп, өз каражатына чыгарган Карга акенин чыгаан тукумдарынын бири, басмакананын директору Бакыт Султановго чоң ыраазычылык айтуу менен, ишине ийгилик, чың ден соолук, Карга акенин жашына барышын каалайбыз.

Китепчеде Карга акенин өмүрүндөгү урунттуу учурларынан учкай маалыматтар, бата, накыл сөздөрү, тукумдары, чөбөрөсү болгон Жоомарт молдонун камак-казалдарынан калган үзүндү берилди.

А 4702300100-11
**ISBN 978-9967-26-163-1**

УДК 821.51
ББК 84 Ku 7-4
© Асаналиев, 2011.

# КАРГА АКЕ
## (1718-1828)



Жаш сурасаң - Карга акеге,
Бата сурасаң - Мойт акеге,
Акыл сурасаң - Сарт акеге,
Айла сурасаң - Тилекмат акеге,
Чындык сурасаң - Садыр акеге,
Калыстык сурасаң - Карач акеге,
Касиет сурасаң - Кыдыр акеге бар!
(Эл сөзү)

«Акыл ордо» коомдук кеңеши чыгарган «Жети аке феномени - элдик нарктын туу чокусу» (Ысык-Көл - 2008, 1-2-беттер) аттуу брошюрада көлдүк жети акенин касиети жөнүндө төмөнкүдөй таасын аныктама берилген: «Ырыс алды - ынтымак» дейт элибиз. Ушул өңүттөн алганда касиеттүү Ысык-Көлдү байырлашкан ар урук элибиздин көөнөргүс өзгөчө тажырыйбасы бар. Ысык-Көлдөн чыккан жети акени бүгүн ким билбейт. Укумдан-тукумга, ооздон-оозго өтүп, Карга аке, Мойт аке, Сарт аке, Карач аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акелердин өмүр таржымалы, кылган иши, айткан сөзү накыл сөз катары айтылып келет... Жети акебиздин бардыгы, ал биздин сыймыгыбыз, ал биздин бактыбыз, дөөлөтүбүз, жубардай тунук ариетибиз, ар намыс, күч-кайрат жана түбөлүк өчкүс рух башатыбыз деп билгенибиз жөндүү. Негизинен түбөлүк жашап калуучу нерсе бирөө гана, ал - сөз. Ошондой эле жалпы эл мүдөөсү үчүн жасалган ак эмгек, калк оозунда кадиксиз орногон баатырдык өлбөйт. Акелердин арабыздан суюлганына дээрлик жүз жылдай аралык өтсө да, алардын айткан асыл сөздөрү, агедил эмгектери, көсөмдүгү, чечендиги эл оозунда көөнөрбөй жашап келет».

Бир чеченден:

- Кол баштоо кыйынбы? Жол баштоо кыйынбы? Сөз баштоо кыйынбы, - дейт.

Анда чечен:

- Кол баштоо кыйын эмес - көк найзалуу эриң болсо, жол баштоо кыйын эмес - эрчиген элиң болсо, мына кыйындын кыйыны - сөз баштоо, - дептир.

Анын сыңары түп аталардан сөз баштоо түмөн түйшүк, түйүндүү иш болуп, айсыз караңгыда карайлап, жол боолголоп бастырган жолоочунун кейпине жараша иш экен.

Элде калган элес-булас учкундан шоола издеп, Карга акенин жарыгы жалынын, адамдыгы менен арымын, эси менен элесин көз алдыга келтирүүгө аргасыз аракет кылат экенбиз. Аралык алыс, үч кылымга тете мезгил өтүп, уламалар унут калган. Мезгилдин боз бороону көп нерсенин көзүн бүтөп салган. Эселек кезде аталардын сөзү ар-намыс, чоң мурас экенин билбеппиз, көңүлгө илбеппиз.

Совет доорунда таалим-тарбиябыз башкача болду, жаңы заманды жар салып, эскини эстен чыгардык. Мурдагы чыгаан адамдар, акылмандар сөзү эскилик, эскини көксөө катары бааланып, аны сөзгө алгандар, жазгандар өз көлөкөсүнөн үркүп калган. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Казыбек эл бийлеген бийлердин, байлардын сөзү кечөөкү күнгө чейин куугунтукталып келгени төгүн да, тегин да эмес. Ата-жотону унутуп, азыркы жаштардын көбү өз атасынан ары өткөнүн билбей калды.

Көлдө акелерди ачык айта баштаганыбызга да аз жыл болду. Алардын айрым тукумдары деле аталарын атоодон айбыгып, кызматка залалы тийбесин деп жашырынып-жамынып, кай бири башка атанын атын тутуп, амалданып келишпедиби. Мезгил, шарт, заман ошондой болчу. Атам Толукбаев Асаналы Дарканда колхоздун председатели болуп турганда, жылына бир жолу Карга атанын коргонуна суук көздөн түн жамынып уурданып барып, ага куран окутуп, чоң энем коргондун ичине шам жагып, атабыздын топурагынан бизге жалатып, койду мууздатып алып кайтар элек.

Коммунист адамдардын динге, ата-бабанын сыйлоого жолу кооптуу да, жооптуу да болгон.

«Эгерде элдин рух дүйнөсү өчсө, аны эң сонун мамлекеттик түзүлүш да, дүркүрөп өскөн экономика да өлүмдөн сактап кала албайт.

Өзөгү чирик бак-дарак акыры кулап түшөт. Мүмкүн болгон эркиндиктердин ичинен уятсыздыктын, абийирсиздиктин эркиндиги биринчи орунга жулунуп чыгат.

Биздин жан дүйнөбүздүн кыйрап жатышы - ото коркунучтуу келечек», - деп орус жазуучусу Александр Солженицын эң таасын-таамай айткан.

Жан дүйнөбүздөгү улуттук руханий дөөлөтүбүздүн эгемен болгон заманда да солгундап тургандыгы эч кимге жашыруун эмес. Өткөндү унутсак, келечек бизди курутат.

Жети акебизди жете билгенибиз жакшылыктын жышааны. Улуттук маданиятыбыздагы жакшы жышааналар: манасчылык, төкмөлүк, комузчулук, салттуу оюн-зооктор кайрадан көңүл чордонуна алынып, өркүндөтүлүп жаткандыгы үмүт отун тутантып отурат.

Кудай сүйгөндөн Карга акеге кылымдан артык (110) жаш, акылман баш, он уул берген.

Бугунун Желдең уругунан чыккан Карга аке өмүр бою бий болгон. Бий болгондо да калыс бий болгон. Калыстыгы казак, кыргызда аңызга айланган. «Калыстыкты Каргадан тап» деген калк сөзү бекер айтылбаган. Калыстыгы жөнүндө Карга акенин айткан сөзү да бүгүнкү күнгө айтылгандай таасир калтырат: «Калыстыгы жок акимдин калкка кереги жок», - деген экен.

Бул улуу инсан 1718-жылы жарык дүйнөгө келген. Андан бери үч жүз жылдай убакыт өткөн экен. Канча заман, кандай алааматтар баштан кечирбеген. Кийинки акелер аке аталганга чейин эле Карга аке Карга аке болуп аталып келген. Ага далил жакында эле жарыкка чыккан окумуштуу Нурбек Акматовдун (Ысык-Көл топонимиясы, Каракол-2009, 181-бет) китебинде «Карга акенин өстөнү» (арыгы) деген топонимдин Жаргылчакта жолугарын: «Бул арыкты Карга аке жер иштетиш үчүн чаптырып, суу алган арык болгондуктан, ушундайча аталган», - деп жазган. Экинчиден, Карга акенин жаткан жайын «Карга акенин коргону» деп биздин ата-бабалар абалтан бери айтышкан. Азыркы муундар да ошондой аташат. Согушка кеткенде ырым кылып, касиет көрүп, топурагынан ала кетишкен. Демек, өстөн (арыктын) да, коргон да Карга акеге таандык аталышы Карга акенин көз жумгандан мурда эле «аке» аталганын айкын-ачык айтып турат. Биздин эле чоң энелер «Карга акени» «Сагызган аке», «Сагызган ата» деп тергешкен. Атын түгүл «Кар» деген муунун да айтуудан айбыгып, ыйбаа-ызаат кылышкан. Карды «күртүк», караны «ымырт», картөшкөнүн кар дегенин айтпай, тим эле «төшкөй», карынды «курсак» деп тергешкен. Эгерим «кар» катышкан сөздөрдү да оозго алышкан эмес. Карыган дебей «улгайган» деше турган. Бул өзү Карга акенин касиетин сыйлоодон, ага таазим кылуудан келип чыккан. Мындай касиет окумуштуу этнограф С. М. Абрамзондун китебинде да айтылганы кошумча далил. Үчүнчүдөн, Карга акенин уулунун улуусу - Чотон, Чотондон Жүзбай, Жүзбайдан Жоомарт молдо. Ал Карга акенин тукуму жана чоң молдо болгону үчүн түрмөгө отуруп чыккан. Казыбек өңдүү эле казалчы болгон экен. Тилекке каршы ал кишинин толгон кол жазмаларын байбичелери катып жүрүп, Турусбек деген молдо:

- Байбиче, Молдокемдин кол жазмасы бар экен. Эч кимге көрсөтпөй окуп туруп, кайра берейин, - деп алып, ошол боюнча өзү каза болуп, аялы артынан удаа көз жумуп, кол жазма кайта колго тийбей калат. Турусбек молдонун артында жалгыз кызы калган имиш, ал да кайда тийип кеткенинен дарек жок. Анын деле артынан сая түшөр киши

Кудай сүйгөндөн Карга акеге кылымдан артык (110) жаш, акылман баш, он уул берген.

Бугунун Желдең уругунан чыккан Карга аке өмүр бою бий болгон. Бий болгондо да калыс бий болгон. Калыстыгы казак, кыргызда аңызга айланган. «Калыстыкты Каргадан тап» деген калк сөзү бекер айтылбаган. Калыстыгы жөнүндө Карга акенин айткан сөзү да бүгүнкү күнгө айтылгандай таасир калтырат: «Калыстыгы жок акимдин калкка кереги жок», - деген экен.

Бул улуу инсан 1718-жылы жарык дүйнөгө келген. Андан бери үч жүз жылдай убакыт өткөн экен. Канча заман, кандай алааматтар баштан кечирбеген. Кийинки акелер аке аталганга чейин эле Карга аке Карга аке болуп аталып келген. Ага далил жакында эле жарыкка чыккан окумуштуу Нурбек Акматовдун (Ысык-Көл топонимиясы, Каракол-2009, 181-бет) китебинде «Карга акенин өстөнү» (арыгы) деген топонимдин Жаргылчакта жолугарын: «Бул арыкты Карга аке жер иштетиш үчүн чаптырып, суу алган арык болгондуктан, ушундайча аталган», - деп жазган. Экинчиден, Карга акенин жаткан жайын «Карга акенин коргону» деп биздин ата-бабалар абалтан бери айтышкан. Азыркы муундар да ошондой аташат. Согушка кеткенде ырым кылып, касиет көрүп, топурагынан ала кетишкен. Демек, өстөн (арыктын) да, коргон да Карга акеге таандык аталышы Карга акенин көз жумгандан мурда эле «аке» аталганын айкын-ачык айтып турат. Биздин эле чоң энелер «Карга акени» «Сагызган аке», «Сагызган ата» деп тергешкен. Атын түгүл «Кар» деген муунун да айтуудан айбыгып, ыйбаа-ызаат кылышкан. Карды «күртүк», караны «ымырт», картөшкөнүн кар дегенин айтпай, тим эле «төшкөй», карынды «курсак» деп тергешкен. Эгерим «кар» катышкан сөздөрдү да оозго алышкан эмес. Карыган дебей «улгайган» деше турган. Бул өзү Карга акенин касиетин сыйлоодон, ага таазим кылуудан келип чыккан. Мындай касиет окумуштуу этнограф С. М. Абрамзондун китебинде да айтылганы кошумча далил. Үчүнчүдөн, Карга акенин уулунун улуусу - Чотон, Чотондон Жүзбай, Жүзбайдан Жоомарт молдо. Ал Карга акенин тукуму жана чоң молдо болгону үчүн түрмөгө отуруп чыккан. Казыбек өңдүү эле казалчы болгон экен. Тилекке каршы ал кишинин толгон кол жазмаларын байбичелери катып жүрүп, Турусбек деген молдо:

- Байбиче, Молдокемдин кол жазмасы бар экен. Эч кимге көрсөтпөй окуп туруп, кайра берейин, - деп алып, ошол боюнча өзү каза болуп, аялы артынан удаа көз жумуп, кол жазма кайта колго тийбей калат. Турусбек молдонун артында жалгыз кызы калган имиш, ал да кайда тийип кеткенинен дарек жок. Анын деле артынан сая түшөр киши

көрүнбөйт. Кайып-каскагынан чемодандагы гезиттин астында байкалбай арап арибы менен жазылган бир аз бет кол жазмасы калып калган экен. Кийин ал кол жазманы Бектемир тууганы мага берип, анын айрым саптарын «ZAMAN» газетасына бастыргам.

Турусбек молдо: «Кызык экен» деп улам-улам алып кетип отуруп, чогуу берем, байбиче,- деп алып өзү да оо дүйнө салып, Молдонун жазгандары колдон чыгып кетпедиби деп кейүчү эле энебиз», - деп кеп салышат келиндери. Атаганат, ошол кол жазма толук колдо болгондо, Жоомарт молдо айтылуу акын аталып калмак экен.

Жоомарт молдо түрмөдөн:
Арбагын Карга акенин,
Алыма медер этемин.
Алла-таалам туз буйруп,
Айылыма жетер бекемин,- деп зарлап жазган экен.

Түрмөдөн келип: «Кол жазманы жогот», - десе, байбичеси болбой, сары майдай сактап жүрүп, Жоомарт молдо 1930-жылдарда көз жумган соң, ара жерде Турусбек молдонун колунан кол жазмасы жоголгону жаман болгон. Анда да «Карга аке» деп айтылып жатат. Эл «аке» дегени үчүн ал да аке деп жазып отурат. Ошентип, Карга акенин урпагы болгон Жоомарт да, кийин айылыбызда ар кайсы жылдарда башкарма болушкан Курманов Жумабай, Баймуратов Абдыбата, Толукбаев Асаналы да санжырачы Садык Деркембаевге: «Карга аке деп экинчи оозуңа алчу болбо, баарыбыздын башыбызга тийген балта болот», - деп айттырбай коюшкан экен. Садык аксакал өз адамдарга алды-артын абайлап айтып, саясаттан сактанып калган. Жашырганда эмне, үч кылым мурда дүйнөгө келген Карга аке түгүл, кечөө эле кийинки акелерди оозго алгандан коркуп-үркүп жүрбөдүкпү. Кийин эгемендиктин аркасы менен 1996-жылы Даркан эли Карга акенин урматына эстелик коргон көтөргөндө, ат чабылып, ондогон боз үй тигилип, чоң азем менен той өттү.

Областтын губернатору Тойчубек Касымов, облкеңештин төрагасы Жолоочу Турдубаев, карыя академик Кусейин Карасаев, санжыра жыйноочу Кален Жетимишбаев ж.б. кадыр-барктуу адамдар катышып, Карга акенин касиетин, даанышман сөздөрүн муюп угушуп, акелердин эң улуусу, акелерге да жаш жагынан аке болот. Карга акенин орду көлдүк акелердин катарында деп айтышкан. Ошондон улам, губернатор да, президент Аскар Акаевдин баяндамаларында Карга аке акелердин сакалдуусу катары айтылып, жалпы журтка жарыя болду. Ар кандай арзыбаган ача

пикирлер да айтылды. Бирок, чындыктын өз орду бар экен, акыры ордун тапты. Карга акенин бий экендигин далилдеген тарыхый архив документи (1824-жыл) табылды. Анын артындагы акылман сөздөрү, эл тагдыры менен эриш-аркак жуурулушкан орошон ойлору, журт келечегине көргөн камкордугу, көрөгөчтүгү улуу инсанды көлдүк акелердин сабына кошту. Бүтүндөй кыргыз коомчулугуна таанылды, кыргыз улуттук энциклопедиясына «Карга аке» болуп кирди. Эми а-бу деп айтар жөнүбүз жок.

Кашымбек Асанбеков «Ысык-Көлдүн жети акеси» (Бишкек, 2007, 5-бет) аттуу эмгегинде: «Карга акени иликтөөдө профессор Ү. Асаналиевдин материалдары колдонулду», - деп жазган. Ал менин жарык көргөн жана жарык көрө элек кол жазмаларымды жетишерлик пайдаланган.

Ар мезгилдин заманына карай адамы.

Кеңеш убагында талапка карай «тап», «тап күрөшү» өкүм сүрүп, мурунку аттуу-баштууларды, бардар адамдардын көбүн тап катары жойгону замандын агымын буркан-шаркан түшүргөн. Ага ак-карасы да, маскарасы да аралаш аккан.

Эзелтен эл башында билги, эстүү адамдар турган. Эл ичинде төбөсү көрүнүп баш көтөргөндөр барк, сөз билгендер нарк күтүшкөн.

Кадырмандары жок калк болбойт. Ошондой кадырман адамдардан каралык, абройлуудан алалык издеп кыйкымдап, жерип келбедикпи.

Бий, байлардын балдары билинбөөгө аракет кылып, кылмышкердей кымырынып ойлорун да, бойлорун да жашырышкан. Жашоо парзы ушундай.

Мурунку капшапка кабылган, унутула баштаган эстүү-баштуу адамдардын атын эми батынып, баш көтөрүп айтып жатабыз. Жетимиш жыл бою аларды акараттап келип, айткан сөздөрүнүн далайынан ажырап, аларды билгендердин көзү өтүп кетип, өкүткө дуушар болдук.

Эгемендиктин аркасы менен Ысык-Көлдөгү акелердин арбагы козголуп, иликтөө иштери жүргүзүлүп жатат.

Карга аке (1718-1828) - оозунда сөзү, калкка калыстыгы бар адам. Аркы кылымдарда жашап, калмак-жунгарлардын калабасынын да капшабына кабылган: «Жонгорлуу жоодон сактасын, жоболоңдуу доодон сактасын», «Ойроттон шок чыгат, оюндан от чыгат», «Коктуу калмак кор кылды, колотуңду тор кылды», «Калмак каймагыңа көз артпайт, аймагыңа көз артат», - деп, калк тагдырына кабыргасы кайышкан, жоого кыраакы болууга чакырган.

Карга ата, Карга бий, Карга аке аталып келген улуу адамдын өмүрү да идеологиялык коркунучтан улам өзүнүн эле атка минер, тың чыкма

урпактарынын ата-тегинен коркуп-үркүүсүнүн айынан унут болууга айланган.

Атактуу санжырачы Садык аксакал, куйма кулак Курманаалы карылар, Супатай аталар айтып, анын мугалим уулу Абдылда алардан жазып калбаганда, Карганын сөздөрү да калмак эмес экен.

Садык аксакал: «Касиеттүү Карга атамдын кайран сөзүн уккула!» - деп күйүп-бышып кетер эле.

Мен да кызыгып, далай сөздөрүн жазып алып, өзүм үчүн эле сактап койгом. Мындай күн келерин анда ким билген. Карга атаны акелердин катарына алып чыккан өзүнүн калыстыгы, замандаш Сарт аке, Тилекмат аке, Боронбайдын сый-урматы, өзүнүн нуска сөздөрү, азыркы муундун адилет баасы болуп отурат.

Даркан айылынын кары-жашы Карга атаны ыйык көрөт, арбагын сыйлашат, келиндер көрүстөнүнө жүгүнүшөт.

Улуу Ата Мекендик согушта «Карга атабыздын арбагы колдосун, алааматтан аман-эсен кайтар бекенбиз», - деп, Карга атанын топурагынан түйө кеткендер көп болгон экен.

Асанбеков Мырзабек согуш талаасында жүрүп, атама кат жазган экен: «Асаке, атакага кирип чыккандан кийин карасам, чөнтөгүмдөгү кичинекей түйүнчөктөгү Карга атанын топурагы түшүп калыптыр, эмнегедир жамандыкка жоруп кооптонуп калдым, жыттап коюп жүрчү элем. Жаныңда болсо, каттын бир бурчуна шилекейлеп салып жибере көр», - дептир.

Ошол кездин аскер тартиби укмуш экен, атам жиберген топурак майдандагы Мырзабектин колуна тийиптир. «Атабыздын арбагы колдоп аман-эсен келдик», - деп калышчу.

Ченемсиз чебер уста Ыдырыс Жаманак уулу менен Абий согушта чогуу болгон экен. Бомба түшүп, Абий курман болгон. Өлгөн солдаттарды койгондо, Абийдин чөнтөгүнөн кичинекей бөз баштыктан топурак чыгат. Ыдырыс командирден баштыкты сурап алып, ага Абий көмүлгөн жердин топурагынан кошуп алат.

Ыдырыс аба аман-эсен эл-жерге келип: «Абийди энесине угузгандан айбыгып, аяп айта албай койдум, энеси өлгөндө, баягы баштыктагы Карга ата менен Абий жердеген жердин топурагын уулуңдан буюрган ууч топурак болсун деп салып койдум. Согушта ошол баштыкты көргөн сайын өз баштыкчамды карап, топурагын жыттап, айылды, ага-тууганды, Абийди элестетип алар элем», - деп кеп салган.

Ушул эпизоддордон соң Даркандагы урук-туугандардын Карга атанын арбагын кандай урмат, кандай сый менен кабыл аларын, ыйык тутарын түшүнүүгө болот.

Азыркы калдайып жаткан кең коргондун дал ортосунда касиеттүү Карга атанын коргону турат, тегереги төрт уруктун тукумдарынын көрүстөнү. Өзүнчө чоң шаар, ыйык шаар, барктап-баалай турган шаар.

Карга атанын түбөлүк тура турган эстелигин жапырт Карганын тукумдары көтөрдү. Аны тургузууга күн тынымын, түн уйкусун аябаган Карыпбайга, Үсөнакунга, Жолоочуга, дагы башка урпактарга, аны көркөм жасаган устасына, кара жумушун жасаган балдарга Карга атамдын арбагы ыраазы болсун.

Борбордук Азиядагы жунгарлар («калмактар») чоң күчкө айланып, Чыгыш Түркестандагы жана Орто Азиядагы элдерге катуу чабуул жасап турган. Алардын чыгыш тарабындагы кыргыз уруулары жунгарлардын үстөккө-босток соккуларынын натыйжасында батышты карай жылууга аргасыз болушкан.

Кыргыз урууларынын алды Кара тегин, Кысар өрөөндөрүндө (Памир тоолоруна), арты Анжиян, Алай тоолоруна чейин сүрүлөт. Андай мүшкүл казактарга да түшкөн.

Кыргызда: «Казак кайың сааганда, кыргыз Гиссар киргенде», - деген сөз калмак жапырыгынан калган. Казактар ал учурду: «Актабан-шубырынды», - дешкен. Эки элдин азаптуу тагдыры да, алышкан жоосу да бир - калмактар. Көлдүк кыргыздар калмактардан качып, Кетмен-Төбө аркылуу Анжиян, Алайга чейин барышкан экен.

Тарыхчылардын жана кыргыздын санжырасын жазгандардын маалыматына караганда, калмак менен кыргыздардын ортосундагы жаңжал далай кылымдарды карыткан.

XIII к. Чынгыз кандын чабуулунан XVIII к. чейин калмактардын улам бир уруусу (монгол, жунгар, ойрот калмагы) хандыкка келип, калмактардын акыркы кыргыны Галдан-Церен, Амурсан менен аяктаган.

Айрыкча Галдан-Церендин (1727-1745ж.) бийликке келип, 1733-1735-жылдардагы кыргыздар, казактар менен чоң салгылашуусу эсте калган. Ушул жылдагы согуштан соң кыргыздар, казактар туш-тушка качып-бозуп алда-кайда сүрүлгөн.

1745-жылы Галдан-Церен өлгөн. Уулу Цеван Доржу (1745-1750-ж.) бийликке келген. Ал беш жыл бийлеген, аны бийлик үчүн бир тууганы Лама Доржу өлтүргөн. Андан кийин Галдан-Церендин жээни Амурсан бийликке келген, ал 1757-жылы өлгөн. Кытай 1758-жылы калмак жерине аскер жиберип, калмактын күлүн көккө сапырып кырган. Ушуну менен калмактардын Орто Азиядагы бийлиги бүткөн.

Карганын өмүрүнүн каардуу жылдары дал ушул калмак баскынчыларынын азабына туш келет. Ошон үчүн ал көргөн тозоктордун неги-

зинде: «Жонгорлуу жоодон сактасын, жоболондуу доодон сактасын», «Калмактын камчысы кайрылбасын, калкым көздөн айрылбасын», «Ойроттон шок чыгат, оюндан от чыгат», - деп зар какшаган эмес.

Жунгария мамлекети күч алып, Кытайдын өзүнө коркунуч туулат. Чыңгыз кан заманынын байыркы баскынчылык жортуулу кайталанарынан чочулап, дал ушул учурунда талкалоо керек деген бүтүмгө келип, мыкты куралданган армияны кытай кара таандай каптатып, Жунгарларды басып алган жерлеринде тыптыйпыл, жер менен жексен кылган. Кан суудай аккан. Жер үстү өлүккө толгон. Жунгарларды Кытай кырбаганда, Орто Азиянын тагдыры таш капмак. Жунгарларга каршы манчжур-кытай армиясына генералдар Фу Де жана Чжао Хой башчылык кылып, миллиондон ашык баладан тартып абышка-кемпирге чейин кырып таштаган. Ошентип, Жунгария деген мамлекет жашоосун токтотткон. Баскынчы жунгарлардын зардабы акыры айланып өз башына тийди. Тентиген, тербиген эл кайта мекенинен жай тапты. Бирок бул алаамат эл эсинде калды. Жунгар калмактарынын күлүн көккө сапырган кытайлардын кырсыгынан чочулаган Карга аке, кытай менен сак мамиледе болуусуну да аяр айткан экен: «Кытайды карап кың дебе, кытайдан кыргыз тың дебе». Чынында эле Карга акенин учуру катаал учур эле да.

Санжырачы Садыкты келиндер тергеп «ырчы аке» деше турган. Ырчылыгы да санжырасынан кем эмес болчу. Теңтуштары: «Садык, билбеген балааң жок, ата-жотосунан, таяке-жээнинен бери билесиң. Мунун баары башыңа кантип сыйып жүрөт?» - десе: «Баркымды билбейсиңер да. Мен өлсөм, кайран кеп кошо кетет. Атаңдын көрү, бугу, сарбагыштын тобу болуп, ошонун ортосунда бир санжыра айтып сайрап калсам, арманым болбос эле», - деп калчу. Обону да өзүнө жарашчу. Театр институтун бүтпөгөнү менен, артистиги шумдук эле. Үнүнүн бийиктиги, кыраатты, окуяга жараша бирде пас, бирде кыйкырып сүйлөп, «Ошондой десең! Ошондой десең!» - деген үнү азыр да кулагымда кадимкидей турат.

Армандуу ырлардан армандуу, муңдуу обонго салып, күйдүргү ырлардан күлүп-жайнап ырдачу.

Калмактардын калкка кылган азабын кече эле кошо тартып, аралаш жүргөндөй айтуучу.

«Кайран эл! Кайран эл! Азап-шору айрылбаган кайран журт!» - деп, «Кара калмак, коң таажы» десе, бала кезибизде: «алары ким болду экен», - деп элейип калар элек.

Бир жолу эки көзү азиз, чоң комузчу, ырчы Бейшен абага ыр укканы барсак, Садык ата Бейшен абаны комуз черттирип угуп отурган экен. Бейшен аба майда эпостордон тартып, «Манаска» чейин жат билчү. «Эр

Табылды» жөнүндө да айттырып, Садык ата: «Бу калмактын кыргызга кылбаганы барбы?» - деп, өзү да зоңкулдап ырдап калды. Мага кайрылып:

- Калем-кагазың барбы? - деди.

- Бар, - десем:

- Мобу ырды жазып койчу. Атаңдын көрү, тилим да, дилим да жайында, алты арип таанıбай калганым! - деди.

- Даана жаз, жоготпой жүр. Бул атаңдын сөзү, - деп буларды жаздырды:

Калмактан тарттык каарды,
Мамык кылдык таарды.
Кара мээнет капшыттан,
Кайдан туйдук даарды.

Желеси менен бээ калды,
Кому артылуу төө калды.
Качып-бозуп кара журт,
Караманча жөө калды.

Ашуусу бийик бел калды,
Кызыгы түмөн жер калды.
Кашташтай болгон жарыктык,
Касиеттүү көл калды.

Субайлар жаткан төр калды,
Ылдыйы менен өр калды.
Капшыты түгөл кас болгон
Кайгылуу биздей эл барбы.

Чыйрыгып чилдей тарадык,
Мал калды жоого таланып.
Тырпы чыкты кайран эл,
Тытылган жүндөй сабалып.

Ажырап көлдөн бөлүндүк,
Күн батыш беттеп өрүлдүк.
Коң таажынын айынан,
Кордукка катуу чөмүлдүк.

Көз жетпейт кайда токтойбуз,
Өлгөндү көчтө жоктойбуз.
Кыйналып-бозуп отуруп,
Кырылып бүтөт окшойбуз.

- Жоготпой бек катып ал. Бул атаңдын ыры, - деди.

- Атам ырдабайт, ыр да жазбайт! - десем, Садык ата кытылдап күлүп:

- Жети атаңды билесиңби? - деди.

Унчуккан жокмун. Билбесем керек. Ошондо атаман ары карай сүрүп жаздырып: «Буларды биле жүр! Билбеген уят! Мына бул мен жаздырган ыр - Карга атаңдын сөзү. Аны айттырбай, оозубузга кулпу салып койбодубу. Касиеттүү кайран атам!» - деди улутунуп. Кайран Садык атанын башы санжырага калганда капкалуу казына эле. «Кайран кепти уккула! Кайран кепти уккула!» - деген боюнча ал кишинин да көзү өзүп кетти.

Жогорку ырдан күүгүм тарыхтын күңгүрөнгөн добушу угулат. Жоонун иши - жоо. Ал кыргын-булгүн, тоз-тополоң, өлүм, апаат алып келет. Чабылган эл чар учкандай чачырайт. Жуңгарлардын чабуулу азыркы муунга анчейин бир болуп өткөн болумуштай көрүнөт, бирок чабуул айбаттуу куралданган калмактардын теңдешсиз күчтүүлүгүнүн аёосуз чабуулу болгон. Ага кыргыздар да, канатташ казактар да, андан аркы каракалпактар да туруштук бере албай үркүп, качып-бозгон. Чабылганы чабылып, кабарын уккандар жабылып качып, арып-ачып, көрбөгөндү көрүп, өлгөнү өлүп, мүшкүл заман болгон.

Ал кыргын замандын азабын тарткан, өз башынан өткөргөн каракалпак адабият тарыхынын баштоочусу, «Алпамыс», «Кырк кыз», «Маепатша» дастандарынын автору Жиен жырау Тагай уулунун (XVIII к.) «Бозгон эл» деген поэмасынын үзүндүсүн берүү казак, кыргыздар үчүн жоңгор чабуулунун кесепети жөнүндөгү жагдайдан кыйыр маалымат болсо да кабар алууга керек материал. Бул элдердин жоосу да бир, тарткан азап-арманы да бир.

Акын Сыр дарыя боюн мекендеген каракалпактардын жуңгар баскынчыларынан көргөн азап-кордугунун күбөсү болгон. Алар ата конушун таштап, Аксу жакты карай үркө качкан. Бардар адамдар кыйналбай-кысталбай, жоксуздарга каралашпай качса, кедей-кембагалдарга муң-кайгы, ач-арык, өлүм-житим алып келген. Ушул кордукту жөө-жалаң башынан кечирген, колунан комузун түшүрбөгөн Жиен жырауну «Бозгон эл» дастанын чыгарууга аргасыз кылган. Бул дастандан үзүндү берүү ошол кайгылуу каран заманга жарык чачкан азаттык шооласы деп кабыл алганыбыз оң. Ушуга окшогон күндөр кыргыз, казактардын да башынан өткөн окуя катары кабылдашыбыз керек:

«Эбин таппай эс кетип,
Чабылган эл чуулады.
Кузгундарга жем болгон,
Сай-салаа толду өлүккө,
Күн турду минтип кор болгон.
Каарга каршы тура албай,
Бейкүнөө баштар кесилди,
Кайгыга кайгы кошулду,
Ак дидары аруунун
Буруму жиптей эшилди.
Атага бала карабай,
Балага ата карабай,
Киерине кийим жок,
Ичерине тамак жок,
Жүрүүгө ээрчип жарабай,
Жашы жеткен бабалар,
Бүгүлгөн бели энелер,
Көч соңунан басалбай,
Кызыл кумду аша албай,
Аягын кыя баса албай,
Кайсы бири алсырап,
Талаада калды дармансыз.
Перзенттери зарлады,
Өлгөн ата-энесин
Журт алдында коё албай,
Бүлүкчүлүк болду бул,
Каракалпак бозгон эл.
Хорезмге жетүүгө,
Калың коом бууду бел.
Ата журту Түркстан,
Өмүрлүк мекен болбоду.
Өңчөй карып-мискинге,
Жетим менен жесирге
Эч бир паана калбады.
Алды менен башчыны,
Эки жагын жалмады.
Бузук болду эшени,
Адилетсиз казысы,
Бейкүнөө жатты күнөөлөп,

Болбосо да жазасы.
Түбүнө жеткен кыйнашып,
Эки жактан, үч жактан,
Күндүн көзүн көрсөтпөй,
Жара салып жаныңа,
Кайгы кошту кайгыга.
Кантебиз эми биз көчпөй,
Эй, агалар, агалар!
Боздук шондо сандалып,
Жүк аркалап мыкчыңдап,
Мейнет көрүп зарланып,
Ичүүгө суу болбоду,
Арыдык солгон балыктай,
Сүлдөрүбүз калбады
Калтырады кол-аяк.
Күн түнөрүп кар жаады,
Турбады жайлап, аялап.
Бирөөлөрдүн жолунда
Чулгоолонуу баласы,
Апасынан сүт чыкпай,
Мөлт-мөлт этет көз жашы.
Аны көрүп өксөдү,
Ылаажы жок энелеп...
Аяк-табак аркалап,
Келет шорлуу атасы.
Бей-бечара энелер,
Бей-бечара жаш кыздар.
Жашы жеткен карылар,
Таянышат таягын,
Бөкчөң кагып бүгүлүп,
Баса алышпайт аягын.
Отурат кээде дем алып,
Он-он бештен куралып.
Эңгирешип ыйлашат,
Касырет басып шордуулар
Көздүн жашын булгашат.
Алдан тайган карттарын
Калтыра албай элсизде,
Кайта оролду уулдары,

Бири-бири жетелеп
Арбыбайт баскан жолдору.
Шору кайнаган энелер!
Балдарына сүйөнүп,
Араң-араң илкишет.
Муну көргөн балдары
Кучактап эне мойнунан,
Илгери дагы жылжышат.
Арманда кетип саргайып,
Ичтери күйүп жанышат.
- Кош болгула, балдар! - деп,
Араң ээк кагышат.
Акыр демде айтканы:
«Бакыттарың ачылсын,
Биздер окшоп шордобой.
Ар дайым өзү баш урсун,
Душмандарың кордобой...»
Ыйлап-сыктап калганы
Башына белги арнады.
Орой турган кепин жок,
Орой салып кийимге,
Көңүлгө медет этишет,
Ойго алпарып көмүшөт.
Көмгөнү менен бакырлар,
Кыя албай эне-атасын,
Орното албай молосун,
Көздүн жашын көл кылып,
Купкуу болуп өңдөрү.
Сөөгүнөн өтөт, о,
«Энеке!» - деген сөздөрү.
Эй, жигиттер, жигиттер!
Унутпай болду, ау, досторум!
Андан да өтүп барабыз,
Күндөн күнгө тарыктык.

Шагылдуу чөлдө чалдыктык.
Бирге чыккан биз менен,
Балалуу аял көп эле.
Андагы өткөн из менен

Өңчөй чабыр жөө эле.
Кыйын болду баарынан
Эмчектеги балага,
Чыркырап таң заардан,
Кол-аякка турабы?!
Доошун угуп алардын
Төбө чачым тик турду.
Шору кайнады энеси,
Кыйналды да, кысылды.
Өзүнөн дарман кетсе да
Кучакка алат калтырбай,
Энеси өлгөн чүрпөлөр
Тануусунда ыңаалап,
Күйүтүнө жандырды, ай!
Карга-кузгун семирди
Наристелер канына,
Теңири сая бербеди
Чыкканча чымын жанына.
Оо, кандай паана болоюн,
Силерди алып жүрүүгө,
Кайдан кайрат табайын?!
Алдандырып берүүгө
Бир тилим колдо наным жок.
Наным болсо силерге
Бербес белем чүрпөлөр.
Адам болуп арт жактан,
Эрчимексиң чүрпөлөр!
Карактарым соо болсоң,
Болмоксуң кубат биздерге,
Оңолуп кетсе энеңер,
Түшкөндө туура издерге.
Каректерим кантейин,
Жетпедиңер тилекке.
Ушундай күнгө түштүңөр,
Дуушар болуп мейнетке.
Оо, чиркиин, кырчын жандарым,
Бүлдүрчүндөй уулдарым!
Кызыл гүлдөй солдуңар,
Бул тилекке жете албай.

Кула түздө калдыңар,
Бул дүйнөгө келгенде,
Не көрдүңөр, капырай,
Бир күн ойноп күлө албай,
Байчечектей солдуңар.
Жаныма батты кантейин?!
Жаначыр барбы бул бизге?
Алдуулар көлүк бербеди,
Сурасаң суусун бербеди,
Ыйлап-зарлап турсак да
Көздүн жашын көрбөдү.
Малдуулар малын бербеди,
Кырылып канча жатсак да,
«Неге өлдү булар?» дебеди.
Эй, жигиттер, жигиттер,
Эй, досторум, досторум,
Кайсы бирин айтайын...
Жолдон көргөн кордуктун,
Шондогу көргөн оордуктун?
Үч күн өттү арада,
Түркстандан чыкканы,
Шондон бери санасам,
Токсон төрт адам өлүптүр,
Жашы менен карыдан.
Токсон төрт адам дартынан
Төшөгүндө өлгөн жок,
Обол башта элинен
Жетишкенден безген жок.
Учурады кысмакка,
Чыдабады тепкиге,
Даам сызар түк болбой.
Элден безип кетти да,
Ал байлардын көчүшү,
Жоктуктан эмес жер-суу
Бозуп келген начарга
Жер тийбесин дегени,
Эңгиретип, ыйлатып,
Өлтүрөйүн дегени.
Мурун көчүп ачтардан



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271386

Хорезмдин жерине
Күнү жок го ач калган,
Нерсеси короп кетеби?
Ичерине тамагы,
Киерине кийими,
Төшөөрүнө төшөгү,
Жанындагы көрпөсү,
Керегинче жетишпей,
Не нерсеге тарылар,
Кандай кайгы, зары бар?!
Алар үчүн баары бир,
Оттой сөнүп өчкөнүң.
Алар үчүн баары бир
Көчпөгөнүң, көчкөнүң.
Төртүнчү күн болду эле
Түркстандан чыкканы,
Өлдү бир жүз кырк адам,
Күйүнбөйүн мен кантип,
Жер жазданса, мынча адам?
Кай жерлерге барабыз,
Кайдан турак табабыз,
Баары бизге убайым.
Кайгы жамап кайгыга
Дарттуу болду көңүлүбүз,
Бозгон журттун жанында,
Комузумду колго алып,
Кайгылуу күү башымда,
Неге турдум камалып?
Термелбейин мен неге?
Мобул калык чубурган
Мекени жок, жери жок
Аны көрүп мен шордуу,
Куураган куу комуздун
Кулагын тек бураймын,
Көкүрөк чер болгон соң,
Касирет чегип ыйлаймын.
Ак сүт берген апабыз,
Алпештеген атабыз,
Келерби кайта кашыңа.

Көрөрбү күндү ушул - ау.
Болбосо экен казалы,
Биздер туулган күндөрү
Ушундай болор ден беле?
Ушундай тирлик төп беле?
Жайкалган эгин эгилип,
Жарашык жериң болбоду.
Жазда катып ичерге
Сааның сенин болбоду.
Жыл он эки ай жүргөндө,
Аштыкка кабың толбоду.
Бул күнүндү көп көрүп,
Тоздурду бизди залимдер...
Эсимди билип, ыңаалап,
Этегимди жапканы.
Кайгынын суусу кандырды,
Эл-журтум минтип жатканы,
Ичимди оттой жандырды.
Түркстандан чыкканы,
Сегиз күн өттү арада,
Өлдү үч жүз кырк адам,
Төбө куйкаң чымырар,
Ашкан сайын кыркыдан.
Кимиң өлдү, кимиң бар,
Тууганың түшүп оюңа,
Өксүп-өксүп ыйлайсың,
Жаныңды азиз кыйнайсың...
Башкадан сөз козгоюн,
Комузумду колго алып,
Обонумду жазайын,
Кыйналып дагы толгонуп.
Ата-энеден айрылып,
Жетим калды Минайым,
Арылбастай кайгыны,
Башына берди кудайым.
Ошол жетим шол жылы,
Жеткен жашы он үчкө.
Өзү сулуу кыз эле,
Көргөндүн көзүн талдырар,

Жаралган нурлуу жүзү эле.
Кара кашы кыйылган,
Атайы ийип салгандай,
Көрсөң мээриң кангандай.
Түркстандан чыккан соң,
Атасы менен энеси,
Өлгөн эле бир күндө.
Болбогон соң чарасы,
Кара жолдун боюнда,
Калган эле шордуулар,
Кызылкумдун оюнда.
Андан бери бул кызды,
Ээрчитип жүрдүм кашымда.
Оозумдан алып ашымды,
Бир татыса өлбөс деп,
Тапканымды берди элем.
Соңумдан калбай ал дагы,
Жүрө берди агалап.
Жан ачыр кыйын жолдогу,
Тууганына каралап.
Мына бүгүн, жарандар,
Он күн өттү арада,
Ата конуш Түркстан,
Биз шордуудан калганы...
Түнү менен бир күнү,
Аштык далай бийикти,
Жүргөн сайын алоолоп,
Ичтеги дарт-күйүктү.
Таң саз берип атканда,
Бир бай көчкө илештик.
Отурган экен жайланып,
Түшүрүп коюп жүктөрүн.
Карындарын кампайтып,
Тикирейтип түктөрүн...
Бул бир ашкан бай экен,
Төрт түлүгү шай экен.
Ийри-муйру бет, оозу,
Бир баласы бар экен.
Отуруптур төрүндө,

Тамак ичип тамшанып.
Ошо байдын баласы,
Эрке талтаң чалдыбар.
Тура умтулду жетимге,
Мойнун созуп бачагар...
Кайта-кайта кекирип,
Маган айтты жекирип:
- «Кашыңдагы жаш кызды,
Кайда алып барасың?
Бирөөлөргө алпарып,
Калың малын алаарсың?
Ушу кызды мага бер,
Катын кылып аламын.
Жаман болсо түбүндө,
Кой соңуна саламын.
Жообун тек дароо бер,
Бересиңби бул кызды,
Бербейсиңби бул кызды?!» -
Деген чакта мен айттым:
- Жетим эле, чырагым,
Карып эле, бул начар.
Ата-энеси жолдо өлдү,
Багын эми ким ачаар?..
Тыңдабады эси жок,
Жүгүрүп келди кашыма,
Колу тийди башыма.
Карабады ал менин
Көзүмдөн аккан жашыма.
Төрдө отурган атасы,
Ал да келип кашыма,
Таяктады аябай,
Өзүм алсыз, ач адам.
Төбөлөшкө бара албай,
Ары-бери ыйладым.
Көздүн жашын буладым,
Бербеймин деп жетимди,
Эт-бетимден куладым...
Жетим кетти колумдан,
«Өлдүм, ага!» дегени,

Ыйлаганы чыркырап,
Титиретти денени.
Коргоочуну тур сурап,
Ары-бери жүрүүгө.
Келбесе да түк чамам,
Аны карай туруугa,
Талпынамын, ычкынам.
Тура албаймын ордумдан,
Салаалап бирден ийреңдеп,
Кан да кетти мурдумдан...
Оор жара улгайып,
Тана берем эсимден.
Өмүрдөн үмүт азайып,
Өлүмчү болгон мен бейбак,
Калдым байдын көчүнөн.
Маган жаны ачыйбы,
Таштап кеткен зулумдар?
Айланама карасам,
Эки адам турат байымды.
Кыбыраган бир жан жок,
Алардан башка кашымда.
Булар өзү ким десем,
Талашып эмгек этишкен,
Кулун тайдай тебишкен,
Таянычым, кубатым,
Эки бирдей канатым,
Мени таштап кете албай,
Көчтү ээрчибей калыптыр.
Башымды келип сыйпады,
Оозума суу тамызды,
Көзүнөн жашын агызды...
«Кайтпас өжөр болгула,
Каршы кирген душмандан,
Аттын башын тартпастай,
Болгула батыл, кайратман!»
Акыл айттым ошондой,
Сөз маржанын кештелеп.
Сүйлөгөнгө кубанды,
Ыйлоону коюп ынанды.

Өктөм согуп жел жүрдү,
Ай да турду карайып,
Учма булуттун астынан,
Үркөр тууган шекилдүү.
Сары атан тур зор болуп,
Эки бирдей боорум,
Бетиме менин караштьі.
- Соо болуңуз, ага! - деп,
Жарайт боорум, жарайт, - деп,
Бир тилим нан калды, - деп,
Өздөрү жебей сунушту.
Ал кубатым шол сындуу...
Илкий бердик илгери,
Жүрүшүбүз өнбөдү.
- Дем алалык, ага! - деп,
Инилерим байырлап,
Таза жерди көздөдү...
Ачтык жеңген өздөрүн,
Добул туруп, шаң кагып,
Акыр заман болгону,
Асмандагы кара булут,
Дүнүйө жүзүн тороду.
Жымыңдаган жылдыздар,
Агып түшүп сөнүшөт.
Аккан ошол жылдыздай,
Жаш жанардын өчкөнү.
Сапырылган кара булут,
Атоо суусун ичкени.
Мөндүрлөгөн жааны,
Соккон катуу добулу. -
Ыйлай-ыйлай муңдуунун,
Кордукта күн кечкени.
Чолпон жылдыз батканда,
Түнкү куштар ойгонуп,
Жапалактар жатканда,
Таң да атты саргайып.
Кызыл-жашыл нурланып,
Күн чыкпады уядан.
Алмадай тек кызарып,

Ал көрүнөт кыядан.
Кантип кызыл болбосун,
Кан төгүлүп жатканда.
Адамдын кармап баласын,
Мал ордуна сатканда.
Мээримсиздин колдору,
Кызыл канга батканда.
Күн чыгып, неге Ай туусун,
Ай туун, неге Күн чыксын.
Кыян-кески болгондо,
Сай-салаада тыңкыган,
Кызыл гүлдөр солгондо.
Таң атып Күн чыкканда,
Эки бирдей канатым,
Турмак болду ордунан...
Шол мезгилде агалар,
Арттан келип таң болду
Бирге чыккан жолдоштор,
Курбу менен курдаштар,
Алар көрүп биздерди,
Кучакташып ыйлады.
Чыдай албай кай бири,
Кулай кетип, сулады...
Талып жаткан экөөнө,
Тарак тилим нан берди,
Колго тийген нандарын,
Катыратып кемирди.
Маган да созуп колдорун,
Бир жапырак эт берди.
Мен да аны жеп алдым,
Боюма эми ал кирди...
Адамдык шондой көрүнмөк,
Баары менен базарлап,
Бар тамакты бөлүп жеп.
Өзүбүзчө амалдап,
Жолго чыктык дагы да.
Тапсак теги табакты,
Кашык, чөмүч тамакты.
Бекем кармап барууга,

Жетелешип, сүйөшүп,
Өзүбүзгө үлөшүп.
Жерден өттүк бир далай,
Жолу түшкүр кыйын ай.
Кум дөбөдөн аша албай,
Балакетин көп көрдүк,
Талаптанып тырмышып,
Баштан көптү өткөрдүк...
Ортобузда бир эшек,
Көрпө төшөк артылуу.
Үч күн өттү дегенде,
Жол азык да торсулду.
Даяр элек жегенге,
Кескелдирик, ташбака,
Колубузга түшпөдү.
«Ачтын тору сүйрөлбөс», -
Деген башка түшкөнү.
Кемиребиз жыгачтын,
Бете чыккан тамырын.
Анысы да уу ачуу,
Айта берем кай бирин.
Ачуу чөптөн дүүлүгүп,
Шишип кетти бет, ооз.
Көрүнгөндү аш кылып.
Тамагыбыз ичкенден,
Үндөрүбүз кардыккан.
Дедик бошко өлөрбүз,
Бул абалга чалдыккан.
Жерге келип отундуу,
Сойдук жалгыз эшекти,
Аргасыздык не керек,
Басууга ачкан өзөктү,
Бир кесектен бөлүштүк.
Балаа болду шол жерде,
Эми жүгү эшектин.
Көөнө көрпө, көр-жерди,
Аркалап ары жол чектик.
Эки күн түшүп көп изге,
Өлдүк-талдык дегенде.

Жеттик, оо, бир деңизге,
Жайладык анын жакасын.
Чалчык суусу бар экен,
Суусунда балык мол экен.
Эсти жыйып алган соң,
Торду өрдүк тездетип,
Адам бою апкелип,
Тарттык аны сүйрөтүп.
Түшүп калган балыгын,
Тамак кылып кеңелдик.
Жүрө бердик ноо тартып,
Балык уулап чалчыктан.
Аны менен жаз өттү,
Кылычын сүйрөп кыш жетти.
Кара булут чогулуп,
Бороно кары буркурап.
Жаз жайлаган өрдөктөр,
Жайыкка учту шыркырап.
Эми бизде кийим жок,
Паана таап барууга.
Камыштан башка төшөк жок,
Төшөнүп салып жатууга...
Бала-чака дагы да,
Ыйлап-зарлап чуулашты,
Дартка дартты улашты.
Карабарак көп экен,
Өзгө нерсе таппадык,
Даяр тамак шол экен.
Башындагы дандарын,
Чачып-токпой кагабыз,
Кагын алып бардыгын,
Күн чубакка жаябыз
Кабыгынан айрууга,
Тартууга жок жаргылчак.
Укалайбыз кол менен,
Кабыгынан айырып.
Оозубузга салабыз,
Заардан ачуу кээ бири.
Ичибизди куурул,

Ооруп дагы калабыз.
Андан кийин бир талчык,
Атчокой болду кадимки.
Казууга түбүн ал да жок,
Тамыры тоң жамынды,
Табыла да бербеди.
Табылса каздык - болбоду...
Он кош болдук жыйналып,
Бозуп келген бозгунчу.
Арасынан алардын,
Күндө экөө көз жумат,
Кээде үчөө көз жумат.
Биз ушунда келгенде,
Үч жүздөн ашкан жан элек,
Калды бир жүз элүүсү.
Алардан да ары элек,
Жолго тартып чыкканы.
Кара тартып жүздөрү,
Чыкпаган кур жаны бар.
Жоодурашат көздөрү,
Алсыз чыгат сөздөрү.
Ыңгыранып кай бири,
Шакылдатат тиштерин.
Касиреттүү, азалуу,
Шондой оор күн келди.
Жеткен пенде ажалы,
Күндүз өлдү, түндө өлдү...
Өлбөгөнгө жаз чыкты,
Калың муз кетер, кетпестен,
Жакаладык чалчыкты,
Чечинип түштүк суусуна.
Жарылып кетти денебиз,
Кантип карап өлөбүз?
Кумалак менен бал ачтык.
Балчы балык жок десе,
Өзүн жеп кое жаздайбыз.
Бир балчы балык бар десе,
Убайымы аздайбыз.
Талаш болду күнүндө,

Не түшөр экен эртең деп,
Уктабай чыктык түнүндө.
Алыс жерге байгеге,
Ат жиберген кишидей,
Жатабыз аны ойлонуп,
Башка кайгы түшкөндөй.
Таң да келет кылаңдап,
Алаңдап турдук баарыбыз.
Колубузда аркан, жип,
Алсыратат бармакты.
Кара суук жинденип,
Салат зилди, салмакты.
Барсак көлдүн жакасы,
Каймактанып калыптыр.
Салган биздин казабыз,
Көрүнүп турат алыстан.
Айтыштык туруп өз ара;
Же өлөлү, калалы
Казада болсо бир нерсе,
Абайлап кармап алалык.
Алып барып үйгө аман,
Сорпосуна тоелук...
Бардык каза кашына,
Баарыбыз да энтелеп.
Кыяк музду как жарып,
Бироону бироо селбишип.
Барсак каза кашына,
Ак чабак менен ак сазан,
Сыйганынча толуптур.
Бар эмгекти актаган,
Ырыс болуп жолукту.
Кубангандан баарыбыз,
Айгайлашып жибердик.
Балык тандап коробүз,
Кол менен кармап үлгүрдүк.
Дорбо капты толтуруп,
Казаны карап үңүлдүк.
Санап корсок балыкты,
Токсон бири түшүптүр,

Ириси менен майдасы,
Көп эле бизге пайдасы.
Эм эле бизге ал күндө,
Сасык көлдүн тунмасы.
Калтырбадык эч бирин,
Аркаладык, алып кеттик.
Унутту эми ар ким да,
Бул дүйнөнүн тарлыгын.
Отурган экен жол карап,
Катын менен жаш балдар.
Алып келдик аркалап,
Олжобузду күн бата.
Балыкты көрүп шордуулар,
Кубанышты үн ката.
Кубангандан ыйлады,
Алдык бөлүп балыкты.
Ар үйгө келди беш сазан,
Насиби бизге буйруптур.
Ошонун өзү бир казан.
Аз да болсо, көп көрүп,
Сорпо ичтик, тоюндук...
Көңүлүбүздү көтөрүп,
Баарыбыз да ойнодук.
Эртесинде өзгөрүп,
Булбул болуп сайрадык.
Эрте туруп дагы да,
Көлгө бардык баарыбыз.
Кечээкиден күн жылуу,
Тирүүлөрдүн багына.
Катпай жатат кара суу,
Кайкып учат ак чардак,
Учкан экен аппак куу.
Казаны барып карасак,
Кечөөкүдөн беш эсе,
Балыкты түшкөн санасак.
Кубанышып баарыбыз,
Канабызга сыйбадык.
Табылгандай малыбыз.
Салдык коога марданга,

Балыгы көп болгон соң,
Жеткирбейбиз арманга.
Ошондой эле, жигиттер».

* * *

Төмөн жакта белгилүү окумуштуу, тарыхчы **Ө. Ж. Осмоновдун** «Кыргызстан тарыхы» аттуу 2009-жылы жарык көргөн китебинен Карга аке заманынан белгилүү даражада тарыхый маалыматтар ылайык келгенинен улам кең-кесири маалыматтарды келтирүүнү ылайык көрдүк:

«Кыргызстанды Россия каратып алар алдында кыргыздарда патриархалдык-феодалдык коом үстөмдүк кылып турган. Тарыхый маалыматтарга таянып XVIII к. аягынан XIX к. ортосуна чейинки мезгилди Россиянын Кыргызстанды каратып алуу өбөлгөлөрүнүн бышып жетилүү баскычы деп карасак болот.

XVIII к. экинчи жарымында кыргыз коомчулугу татаал процесстерди башынан кечирип жаткан. Орто кылымдардан бери келе жаткан жоокерчилик замандын кесепетинен болгон ичара кагылышуулар элди бөлүп жарган тышкы саясий окуяларга байланыштуу кыргыз эли бирдиктүү мамлекеттик түзүлүшкө жетише алган эмес. Бул мезгилде кыргыз уруулары географиялык шартка ылайык бир нече саясий, бирикмелердин таасиринде жашап турган. Түштүк кыргыз уруулары (ичкилик, адыгине тобу, мундуз, басыз, кушчу, саруу, багыш, жедигер, саяк ж. б.) Фергана өрөөнүндө илгертен бери алар менен ирегелеш жашап келген өзбек, кыпчак, тажик ж.б. элдер менен бирдикте Кокон мамлекетин негиздөөгө (1709-ж.) жана аны башкарууга багытталган саясий окуяларга активдүү катышып келишкен (Акбото бий, Кубат бий, Ажы бий ж. б.). XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Фергана чөлкөмүндө, Памир, Тоолуу Бадахшан, Оро-Төбө, Жызак, Кожент чөлкөмдөрү Кокон мамлекетине биротоло бириктирилгендигине байланыштуу анда жашаган кыргыздар хандыктын туруктуу калкына айланып калган.

Кыргызстандын түндүк бөлүгү бул мезгилде ар бири өз алдынча бийлик жүргүзүшкөн уруу башчыларынын - чоң манаптардын кол алдында эле. 1770-ж. Талас, Чүй жана Ысык-Көл кыргыздарына каршы Аблай хандын чабуулунан кийин түндүк кыргыз уруулары 1781 -ж. чейин (Аблай хан өлгөнгө чейин) казак султанынын бийлигине ыкрар кылып, бирок 1780-1830-жж. көз карандысыз феодалдык ээликтер катары жашашкан. XIX к. азыркы Чүй областынын аймагында сарыбагыш, солто; Ысык-Көлдө - бугу, саяк, сарыбагыш; Нарында - моңолдор, че-

рик, басыз, сарыбагыш, чекир саяк, азык; Таласта - кушчу, саруу, кытай, жетиген; Жалалабатта - багыш, мундуз, саяк; Ошто - адыгине,. мунгуш, найман, тейит; Баткенде - төөлөс, оргу, жоокесек, бостон, ават, кесек, канды, тейит, найман ж. б. жашаган. Ичкилик уруу бирикмесине кирген кыргыз уруулары Өзбекстандын, Тажикстандын, Афганстанга кирген Памирдин Кыргызстанга чектеш аймактарында жашашкан. Чыгыш Түркстанда басыз, саяк, чоң багыш, төөлөс, солто, сарт, тейит, найман кыпчак, бугу, черик, нойгут, т. а. ичкилик, оң, сол кыргыз урууларынын аз-аздан өкүлдөрү жашаган.

Кыргыздардын түндүк чөлкөмдөрүндө сарыбагыштан - Тынай, Атаке, Эсенгул, Ормон, бугудан - Карга, Бийназар, Меңмурат, Боромбай, солтодон - Түлөберди, Жайыл, Канай, Жаңгарач, саяктан - Садыр хан, Жанболот, Качыке, Тайлак, саруудан - Бердике, Туума бий, кушчудан - Жетим бий, мундуздан - Тыныбек ж. б. өз алдынча бийлик жүргүзүп турушкан. Кыргыздар XIX к. ортосуна чейин бир же бир нече урууларды бириктирген өз алдынча мамлекеттик бирикмелерден т. а. Байыркы Грециядагыдай чакан мамлекеттер - полистерден турган. Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрү саясий жактан өз алдынча болгону менен географиялык шарттарга ылайык кандайдыр бир деңгээлде таластыктар Ташкент менен Сырдарыянын төмөнкү агымындагы бектердин, чүйлүктөр Орто Жүз казактарынын, Ысык-Көл, Нарын Чыгыш Туркстандын бийликтеринин таасиринде туруп, андагы саясий окуяларга катышып келишкен.

Ошол эле учурда түндүк, түштүк кыргыз уруулары да бири-бирине тартылып, этносаясий, салт-санаа, руханий жактардан тыгыз байланышта болуп турган.

Саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз уруулары XVIII к. аягында тышкы саясатта бирдиктүү багыт менен аракеттенүүгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Түндүк кыргыз урууларынын өз ара келишпес мамилелеринен улам аларга тышкы душмандар такай коркунуч туудуруп турган. Алсак, 1758-1760-жж. Цинь империясы ойроттордун мамлекетин талкалагандан кийин келген кытай баскүнчыларынын кыргыз урууларына үстөмдүгүн орнотууга багытталган аракеттери, казак султандарынын түндүк кыргыз урууларына болгон чабуулдары (1760-ж.), Аблай хандын жортуулу (1770-ж.) ж. б. окуялар буга далил. XVIII к. аягынан баштап Түндүк кыргыздарга Кокон хандыгы да кысым көрсөтө баштаган.

Мындай кырдаал кээ бир кыргыз бийлерин Россия империясына кайрылууга түрткөн. Алар Россия менен мамиле түзүп, анын колдоосуна ээ болуу менен гана өздөрүнүн бийликтерин, саясий өз алдынчалыктарын сактап калууга болот деп түшүнүшкөн.

Россия менен саясий байланыш түзүү аракетин адегенде Чүй боорунда жашаган сарыбагыш уруусунун бийи **Атаке баатыр** жасаган. Атаке баатыр көптү билген, өтө кыраакы, акылмандыгы менен эл ичинде чоң кадыр-баркка жеткен өз заманынын мыкты адамдарынан болгон.

1790-1813-жж. аралыгында кыргыздардын Россия менен байланышы тууралуу тарыхый булактарда эч кандай даректер жок. Кокон хандыгынын түндүк кыргыздарга кол салуу коркунучунун күчөшү кыргыз орус мамилелеринин кайрадан жанданышына түрткү болгон. Кыргыздар менен ымала кылууга орус төбөлдөрү да кызыга баштаган. Чалгындоо максатында орус кербендери 1811, 1812, 1813-жж. Ысык-Көлгө жөнөтүлгөн. Кытай чегине өтүүдө орус кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин бугунун бийлери алышкан.

1813-ж. кеч күздө ысык-көлдүк кыргыздардын Шерали бийдин уулу Качыбек, Ниязбек бийдин уулу Жакыпбек баш болгон элчилер Семипалатинскиге келген. Аларды Батыш Сибирдин генерал-губернаторy Г. И. Глазенап кабыл алып, орус өкмөтүнүн кыргыздарга ниети жакшы экенин билдирип, колдоого убада берген.

Кыргыз элчилери орус армиясынын капитаны деген чин жана аттары жазылган кылычтарды ж. б. баалуу белектерди, кыргыз бийлерине орус бийлигинен кат алып кайтышкан. Ушундан кийин Кыргыздар менен Россиянын ортосундагы саясий, соода-экономикалык байланыштар өнүккөн.

1825-жылы күзүндө Жыргалаң суусунун боюнда бугу уруусунун бийлери курултайга чогулушуп, Россиянын же Кокондун букаралыгын кабыл алуу маселесин талкуулашат. Курултайда Коконго караганда Россиянын букаралыгына өтүүнү жактагандар басымдуу көпчүлүктү түзүп, Россияга кошулуу жөнүндө чечим кабыл алышат.

**Документтүү материал**

***Кыргыздардын желдең уруусунун бийлери: Япалак (Жапалак - авт.) Кутлин, Байтели (Байтоло - Авт.) Манчин, Карла Мендегулов, Шарук Туйбин, Куккуз (Көккөз - Авт.) Куйкин, Байлоко Жантелин, Калыжан Тимуров жана Ураза (Орозо - Авт.) Бектемировдун Омск областынын начальниги, гвардия полковниги С. Б. Броневскийге 1824-ж. 6-декабрда жазган катынан:***

***Омскийдин торосу улуу урматтуу Семен Богдановичке (Броневскийге).***

Сизди терең урматтаганыбызды билдиребиз. Өткөн жылдары соодагерлердин чакыруусу боюнча Сизге өзүбүздүн депутаттарыбызды жөнөтө алган жокпуз, анткени Сиз менен байланышыбыз жок эле. Үч жыл мурда Кашкарга кербен менен бара жаткан көпөс Файзулла Сейфуллинден Сиздин катыңызды алганбыз. Бирок Сизге депутаттарды жөнөтүүгө шартыбыз болгон жок. Быйыл бизге келген султан Галия Адылев, Уйсунбай Шүкүров, мурда келген Файзулла Сейфуллин жана Петр Андреевич (Л. А. Пиленков- *Авт.)* менен кошуп өзүбүздүн депутаттарыбызды жөнөттүк. Алардын Улуу Падыша менен жолугушуусуна шарт түзүп берет деп бекем ишенебиз. Биз силердин кербендерди Кашкарга жана Ак-Сууга чейин коштоп жүрүүнү каалайбыз. Бирок биздин ордодо да чектен чыккан кыргыздар бар. Аларды жөнгө салуу үчүн биздин мүмкүнчүлүктөр жетишпейт. Ошондуктан биз силердин бийлигиңерге таянгыбыз келет...

Ысык-Көл кыргыздарынын 1813-1825-жж. Россия менен болгон алакаларынын натыйжасында кыргыздар орус администрациясынын алдында төмөнкү милдеттенмелерди алышкан: 1. Орус соодагерлеринин Ысык-Көл өрөөнүндө эркин жана бажы акысыз соода кылышын камсыз кылуу. 2. Аларды Орто Жүз жана Улуу Жүз казактары менен Чыгыш Түркстандын шаарларынын ортосундагы аралыкта коштоп жүрүү. 3. Бөтөн уруулардын карактоолорунан коргоп, кол салган урууларды Батыш Сибирь администрациясына билдирип туруу.

Ошентип, Ысык-Көл кыргыздарынын ири уруу төбөлдөрүнүн Россия мамлекетинин курамына кирүүгө умтулушунун натыйжасында булардын ортосунда алгачкы дипломатиялык байланыштар жөнгө салынган».

Кетмен-Төбө, казактар менен Каркыра жери эскерилгенине караганда, бул жерлерде да Карга акелер көчүп конуп жүргөндүгү байкалат. Ал Карга акенин аңыз-баяндарынан да дайын болот. Бул касиеттүү адамдын алкышы да, каргышы да сая кеткен эмес.

XVIII кылымдын орто ченинде Орто Азиялык элдердин каардуу душманы - жунгарларды (калмактар) кыргыз уруулары кытайлардын жардамы менен өзүнүн мурунку жерлеринен кууп чыгып, кайта келишип отурукташат. Ысык-Көл, Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Нарын дарыясынын бойлоруна көчүп келип конуш алышат.

Калмак жеңилген соң, Карга аке калкы менен Жуукуну байырлаган. Ал киши өмүр өткүчө: «Көлдөй көл болобу да, Жуукудай жер болобу?. Жуукунун суусу-жуурат, балыгы май. Бул жер - анык бейиштин жайы. Тоосу малга жай. Сырты сынга толгон карагайсыз Тарагай! Бир жарал-

ган кооз дүнүйө! Урпак - тукумга буюрсун, аларга ыйык Ата конуш болсун!» - деп суктанып, айыл конгон экен.

Карга аке - калыс, акылман, алдыны коро билген, косомдүгү менен калкына кадыры өткөн адам. Ой чабыты кенен, чечен, эл тагдырын ойлогон, элге жакшылык тилеген, элге жакшылык жасай билген, батагөй инсан болуптур. Ал калк ынтымагын жогору баалап: «Эккенден дан чыгат, эрегиштен жан чыгат», «Ынтымак оңдуу болбой, ырыскы жөндүү болбойт», «Калыстыгы жок бийдин калкка кереги жок» оңдүү акылман, сөздөрү бүгүнкү күн үчүн да, келечек муундар үчүн да айтылган керээз, насааттай туюлат.

Артына сөз калтырбаса, акенин акелик касиети кайсы. Бийликти да, байлыкты да, душман запкысын да башынан өткөргөн улуу даанышмандын турмуштук көз караштары өзгөчө баалуу.

Элде: «Калыстыкты Каргадан үйрөн», «Карга акенин касиети, оозунда осуяты бар», - деген кептер бекеринен сакталып калган эмес.

Карга аке журт биримдигин, жоодон сак болуусун, коогалаңдуу жаңжал кор кылгандыгын, ойрот, калмактар оң кылбасын кабыргасы кайышып, өтө тынчсызданып: «Чыккан күндүн да батаары бар, тирүүнүн кайтаар катары бар. Улуу жаштын учурунан өттүм. Бизге чейин да бир катар акылмандар өткөн. Калктын тынчы кетип, калмактын азабынан кайда барбады, кайда калбады.

«Калмак - кара көпөлөк, каптаса чаңды көтөрөт», дечү эле. Жоонун жоругун билбей, кордугун кордук. Жоо бар жерде жоболоң, ырк кеткен жерде тополоң. Жоонун жолунан чыккылык кылбасын. Жоо аябайт, жаш-карыңа карабайт. Алсыз басынат, арсыз чабынат. Алыңа карап айбат кыласың, карууңа карап кайрат кыласың. Жоо күчтүү болсо - качасың, кайгыга батасың. Эр башынан эмне өтпөйт. «Калмактын камчысы кайрылбасын, калкым колдон айрылбасын», деген ичимде бугум, көңүлдө зарым жаныма тынчтык берчү эмес. Кудай элдин тилегин кабыл кылды. Калмактын камчысын каруусунан кыйды, калмак жоо ниетинен тапты. Бешенебизге жазган Көлүбүз өзүбүзгө буюрду. «Ала болсоң, алдыңдагыны алдырасың». Биримдикте, бир тилекте болуп ырыскыга буюрган ата конуш жерибизди, чакан элибизди бириктирип, таштын уюлундай биригели.

Бирлик болбогон тирлик курусун. «Чачылып болсок - чабылабыз, бир балаага кабылабыз. Бүтүн болбосок - бүлүнөбүз, сапасы бузукка бүгүлөбүз», - деп айткан экен.

Көл бийлерин баш коштурган башчысы болбогон соң, бир мыкты көрөгөч көсөмдү тандоо керек эле. Аны мелдеш, шарт талап кылган. Ар

кимиси ар кандай ойдо болушуп: «Бул ишке Карга бийдин калыстык оюн угалы», - дешет. Ошондо Карга аке: «Оюмду ортого салайын, адам баласы азаптан да акыл үйрөнөт. Кара жоо канчаларды ойго салбады. Биримдиги жок, чилдей тараган элди душман четинен кырат. Билегибиз башка болсо да, тилегибиз бир болсун. Майда бийлер болгонубуз - чабалдык. Бир чоң бийлик болбосо болбойт. Көлгө бир башчы керек. Бир кишиге баш иели. Он өлчөп, бир кесели. Жүрүмү түз, жүрөгү таза, калктын кадырына жеткен, кандай ишти болсо да калыс чечкен, кедейди байдан кем көрбөгөн, тең көргөн, ар урукту баш коштуруп бел кылган, баарын бир боор эл кылган, алысты көрө билген, жалгандан чынды бөлө билген, адилет, эки сүйлөбөгөн эстүү, тектүү, салабаты бар султанды тандаганыбыз оң. Казак султанындай султан күтөлү. Башчыны байкап тандайлы, артында оозду карманып, өкүнүп калбайлы. Башчы жаңылса, баарынын жаңылганы, балаага кабылганы. Өзүмчүл болбосун. Өзүмчүл өрттөн жаман.Өзүмчүлдүн өчү көп болот, журт бузулат. Ынтымак - ырк кетет. Тазаны тандайлы. Мен угуп, билгенден Боронбайдан мыктысы да, ыктуусу да жок. Бийликке тутка болор Боронбайдан башка уулду көрө албай турам. Эл эп көрсө, Көлгө Боронбайдын султан болгону ылайык. Султандын ордосу Жуукуда болсун. Көптөн бери көңүлүмдө жүргөн - Боронбай. Менин оюм ушул», - деп бүтүм чыгара сүйлөптүр.

Жүйөлүү айтылган кепти көл бийлери да эп көрүп, Карга акенин көңүлдөгү ойду тапканына ынанып, Жуукуда өткөн шайлоо жыйынында баары Боронбайды султандыкка көтөрүшкөн экен.

Боронбай бийлик башына келгенден кийин, наркты сактаган Карга карыя ак боз жорго жетелетип келип:

Э, Боронбай султаным!
Бийликтин күчү - биримдик,
Биримдиктин жогунан,
Калмактан качып бүлүндүк.
Жолубуздун башчысы болдуң,
Журтубуздун сакчысы болдуң.
Ар урук элди курап ал,
Адилет сурап ал.
Көбүн көп деп көкөлөтпө,
Көбүнө азын чөгөлөтпө.
Бирин ашынтпа,
Бирине бирин басынтпа…
Узун карап, тең сана,

Баарына бирдей кең сана.
Бир сөзүң жерде калбасын,
Канатың талбасын.
Жүрөгүң кабында болсун,
Акылың табында болсун.
Сен - түндүк, биз - уукпуз,
Бирде жылуу, бирде суукпуз.
Оң, солун өзүң билерсиң,
Көңүлүңө илерсиң.
Таман жериң жатка кетпесин,
Жериңе көз арткандар максатына жетпесин.
Кар эрибей сел болбойт,
Калк жыйылбай эл болбойт.
Башчы акылман болбосо,
Башка журт менен тең болбойт.
Кан кара өзгөй болсо - өлгөнү,
Өзүн-өзү тирүүлөй көмгөнү.
Кан жаңылса, кадыры кетет,
Калк кыйналса, сабыры кетет.
Жакыныңдан алыс бол,
Жалпы журтка калыс бол.
Казакка канатташ бол,
Оруска сабакташ бол.
Көл толкуса толкусун, эл толкубасын,
Бейпил жашап чочубасын.
Жериңди сакта, элиңди сакта,
Элиңдин үмүтүн акта!
Калкыңды өмүрүң өткүчө билип жүр,
Мына бул ак боз жоргону минип жүр, - деп бата берген экен.

Файзулла Ногаев орус тыңчысы болгон. Бул көптү көргөн, билимдүү адам ишин калкка кадыр-баркы бар калыс Карга бийден баштаган. Орустун күчү, куралы, адилети жөнүндө айтып, ал кишини катуу ынандырган. Орус маалыматын татардан алган Карга бий да Кокон, Кытай бийлиги менен салыштыра келип, оруска кошулууну оң көрөт. Ошондон улам: «Коконго кошулсак кор болобуз, Кытайга кошулсак кыйноосун көрөбүз, Кытайды карап кың дебе, кытайдан кыргыз тың дебе, Оруска кошулсак оңорбуз, тынч жашай турган болорбуз», - деп бекем ишенимге кирет. Ногаев Файзулла Карга аке менен катуу достук мамиледе болот,

көздөгөн максатын орундатат. Файзулланын укум-тукум урпактары даркандык болуп, ушул тапка чейин урук ыражасына кирип, тамаша-чынын аралаштырып: «Биз-Тууманын тун уулубуз. Карга аке-таятабыз, жээнибиз да бар», - деп калышат.

…Катуу ишенимге муюган Карга аке бийлерге орус жайын да айтып, алардын да макулдугуна жетишет, бийлерди Ногаев Файзулла менен бир нече жолу жолуктурат. Ошентип, бир пикирге келишкен соң, бийлер оруска кол созуш үчүн Файзуллага кат жаздырып, 1824 - жылы жөнөтүшкөн. Бул даректүү катта «Карга Мендегулов» деп да жазылганы тарыхка чоң документ болуп отурат.

Карга калыс да, алыс да, караган адам болгон экен.

«Атаганат, оруска көл кыргызы эле эмес, бүт кыргыз карасак, ошондо күчтүү болор белек? Арга түгөнсө, ар кайсыга баш катат тура?» - деп татар миссионер менен эчен жолу ой бөлүшөт. Бул иш, көл бийлеринин баарынын көңүлүндөгү көйгөй эле. Карга аке бул иштин чоо-жайын Боронбайга айтып, акыры Боронбайдын аракети менен ишке ашкандыгы ар кимге аян. Оруска кошулуунун жолу да оңойго турган эмес. Анын да азап машакаты арбын болгон. Ошентип, тагдыр таразасы оруска кошулууга оогон. Бийлерди үгүттөп, тилмечтик кылып, орустардын маалыматын берген Файзулла көл кыргызынын оруска кошулуусуна ынтызар болгон, көп эмгек жумшаган.

Көл өрөөнүнүн оруска кошулушунун дипломатиялык жолун Боронбай султан эң кылдат таап, кыраакы чечкен. Албетте, мында Карга аке баштаган акыл кошор адамдардын да, орустун түшүн жоруган, эки элдин тилин суудай билген, данакер татар Файзулла тилмечтин да эмгеги зор.

Карга бийдин өмүрү кайнаган калаймандын чордонунда өткөн. Калмак жапырыгы, бөлөк эл, бөтөн жерде болуу, чабылып-чачылуу, көлгө келүү, ыдыраган элдин биригүүсү, оруска кошулуу маселелери, эл тагдыры анын жанына жай берген эмес.

Ал эл бирдигин туу тутуп, ынтымакты көздөө менен, терең, акылмандыкка сугарылган олуттуу ойлорду айткан даанышман болгон.

Профессор **Акеш Иманов,** «Акыл атасы - Сарт аке» (1997) деген эмгегинде: «Бир кездерде Ысык-Көл өрөөнүндө бир топ Акелер болгон деп, эл алардын аттарын атап жүрүшөт. Алардын эң улусу Мендекул уулу Карга аке, Алдаяр атанын кенжеси Мойт аке, Доскулу атанын кенжеси Сарт аке (өзүнүн азан чакыргандагы аты - Сартпай), Жылкыайдар атанын уулу Тилекмат аке болгон. Ал эми саяк уруусунан Садыр аке, Бугудан Кыдыр акелер - жаш жагынан кичүүлөрү, кийинки акелер. Бул акелердин айрымдары жөнүндө басма сөз жүзүндө азын-оолак кабар бе-

рилди. Тилекке каршы, жарык көргөн маалыматтар толук болбой жатат, анткени бул иликтөөлөр өтө кечигип колго алына баштады. Үчүнчүдөн, атайы эл кыдырып, архивдик материалдарды толук изилдөөчүлөр болбой жатат», - деп туура белгилеген.

Карга акенин күмбөзүнүн ачылыш аземинде санжыра жыйноочу, БГУнун ардактуу профессору **Калеп Жетимишбаев** мындай деген: «Мен Совет кезинде Дарканда бир топ жыл партиялык уюмдун катчысы болуп иштегем. Карга акеге жек-жаатмын. Саясатты бек туткандардын бири болчумун. Ошондо «Карга акенин коргону» деген сөздү көп уккам. Айылдаштары азыр деле: «Карга акенин коргону» - дешет. Бул касиеттүү адамдын коргонунун да сакталып калышынын өзүнчө сыры бар. Мезгил далай даректерди бүтөп салды. Акелерди эми жарыя кыла баштадык. Карга аке бардык акелерден улуу. Азыркы жаштар маалымат болбосо, акелерди да билбей калмак. Менин сураарым Карга акенин айткандарын жыйнап, жарыкка чыгарып, акелер сыйлаган улуу адамды акылман акелердин сабына алып чыгуу керек», - деп адилет айтты эле.

Ошол жыйында профессор К. Карасаев аксакал да: «Карга акени күмбөзү сактабайт, аны артына калтырган акылман сөзү сактайт», - деп олуялык сөз айтты эле. Ал: «Калыстыкты Каргадан үйрөн», - деген сөздү бала кезинде уккандыгын эскерген.

«Доор аяны» телеберүүсү «Карга аке» аттуу баянды бир нече жолу республикага көрсөткөн. Э. Турсуновдун «Балбай» романында «Боронбай Бекмурат (Меңмурат) уулунун өмүр жолуна байланыштуу «кыргыз тарыхындагы урунттуу учурлар», - деп Карга акеге кыскача маалымат берилген.

Т. Касымовдун «Боронбай жана Торотай» романында Карга акенин өмүр жолу, ишмердиги жана акылмандыгы Боронбай заманы менен байланыштуу көрсөтүлгөн.

Карга акени изилдөө иши али алдыда.

Карга аке жөнүндө айрым авторлордун ой-пикирлеринин да урунттуу учурларынан келтире кетели:

**Мударис Кусейин Карасаев:**

«Кечөөкү эле көзү өткөн азыр көлдүк акелер деп жаткан Мойт, Садыр, Сарт, Тилекмат, Карач, Кыдыр элдин эсинен чыга баштаган. Эгемендик болбой, эми бир муун өтүп кеткенде, булар таптакыр унут калмак, кийинки тукум таза унутмак. Булардын укум-тукумдары тегин жашырып келишкен. Эми алар ийинден баш багып, али да жүрөгү үшүп калган немелер алда-кандай болот деп, аяр карап, чочулашып,

көзү жеткен соң «биз баланча акенин тукумубуз» деп ачык айта баштады, билгенинче жазып да жатышат.

Миң жылдап айтылып келаткан «Манас» жомогун манасчылар айтып келбегенде бизге ким жеткизет эле. Биз билгенден кечөөкү эле көзү өткөн манасчыларды билип калбадыкпы. Ары жактагы манасчылар тумандын арасында бойдон калды. Ошол сыяктуу «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген макал сакталып, илгерки Токтогулду азыркы Токтогул деп, кай бири калпыс түшүнүшкөн. Алыкул акын Толубай сынчыны поэма кылып жазып, элге таанытып койду. Ушундай улуу адамдар жазуу, сызуу жок кезде унут болуп калбадыбы. «Каргадай калыс бол» деген сөздү бала кезде карылардан угуп калар элек. Аны кадимки канаттуу экен деп ойлоп, карганын эмне калыстыгы бар болсун десек, көрсө, желден уруусунан чыккан Карга бийди карылар кеп салышчу тура. Карга аке узак өмүр сүргөн экен.

Мен да жүз жаштын этегине чыгып калдым. Менин да бул дүйнөгө арманым жок. Карга аке айткандай: «Ажал - аласа, жан - бересе». Кайтар күн капшытта. Көздөгөн максаттарымдын баарына жеттим.

Акелердин кайсынысын алсаң да оозунда сөзү бар, айтканы эм, сөздөрү курч, таалим-тарбиялуу. Куюлушкан сөздөрүндө чечендик да, акындык да бар.

Карга акеге арнап тукумдары күмбөз көтөрүп чоң той беришти. Ур токмок заман турганда бийди даңазалады деп далайын солоп таштамак. Борбордон аттуу-баштуу адамдар келишип, Карга акенин касиетин даңазалашты. Даркан айылынын төрт уругу түгөлдөй той алып, ондогон боз үй тигип, улуттук оюн өткөрүп, Карга акенин арбагына таазим кылышты. Өткөндү сыйлоонун өрнөгү деген ушул. Көлдөгү чоң Даркан айылынын теңине жакыны Карга акенин тукуму көрүнөт. Той - той менен, кеп - Карга акеге байланышкан материалдарды иликтеп, келечек үчүн китеп чыгарып коюу керек. Жууку өрөөнүндө жаткан Карга аке, Арстанбек акын, кан Боронбайлардын арбактарына таазим. Оомийин!».

**Шаршенбай Шакитов,** академик Ж. Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институтунун проректору:

«Акелер жөнүндөгү санжыра эски формасын өзгөртүп, жаңы мазмунга ээ боло башташы чоң ийгилик.

Акелерде окшоштуктар да, айрымачылыктар да бар. Окшош жактары: жетөө тең кең пейил, акылман, даанышман, көсөм. кеменгер, ойчул, олуя, нускалуу, эл атасы, элине, кедей-кембагалдарга күйүмдүү, билер-

ман, ажат ачаар, сынчыл, адамгерчиликтүү, калыс, адилет, чындыктан тайбас, кыраакы, сөз усттары, чечен ж.б.

Айырмачылыктары жалгыз гана жаш курагында эмес, алар бирин-бири толуктап, колдошуп турса да өз ара адистешкен, ошого жараша элдин мамилеси калыптанган:

Жаш сурасаң - Карга акеге,
Бата сурасаң - Мойт акеге,
Акыл сурасаң - Сарт акеге,
Чындык издесең - Садыр акеге,
Калыстык сурасаң - Карач акеге,
Касиет сурасаң - Кыдыр акеге бар.

Акелер элине дайыма тынчтык, ынтымак тилешкен. Буга тарыхый эки негиз бар. Биринчиден, адамзат тарыхы - согуштардын тарыхы. Мындай алааматтардан кыргыздар да четте калбаган, аларга арабдар, казактар, калмактар, кытайлар, орустар, уйгурлар ж.б. кол салып, кызыл уук кылышкан. Мындай шарттарда элге баарыдан мурда тынчтык керек болгон. Ошондуктан, акелер эл ичиндеги, эл арасындагы тынчтыкка философиялык терең маани беришкен.

«Калмак каймагыңа көз артпайт, аймагыңа көз аратат. Калмактын кылычы кайрылбасын, калкым көлүнөн айрылбасын». Карга акенин элин-жерин сүйгөн чыныгы патриот, көрөгөч стратег экендиги ушул эки сап эскертүүсүнөн эле көрүнүп турат. Анын мындай ой корутундулары азыр да актуалдуу - Ысык-Көлгө көз арткандардын саны көбөйбөсө, азайчудай эмес... Экинчиден, уруу кагылыштары да кыргыз эли үчүн тышкы жоодон кем болбогон - бирин бири аеосуз чабышкан. Боордоштун канын бир тууганы төгүп турган заманда акындар, акелер андан философиялык жыйынтык чыгарышкан.

Акылман акелер - элдик философтор. Грек тилинен «философия» деген сөз «Акылмандык сүйүү» деп которулат. Алардын ар бир сөзүнөн. иштеринен, жүрүм-турумунан философия чыгарса болот. Акылмандардын философиялык портреттери бир макалага же 10-15 мүнөттүк сөздөргө сыйбайт - даанышмандарды ар тараптан изилдөө үчүн бир нече муун керек. «Аккан арыктан суу агат». Ата жолун жолдоп, акылман болгондордун бири - Үсөнбек Асаналиев. Ал Карга аке менен беш атадан кийин жолугат. «Сөз - сөөлөт», «Жакшы сөз - жан азыгы» китептерин окугандар Үсөкемдин жетесинен калышпаган акылмандуулугуна ишенишет.

Адегенде үн, андан сөз жаралган. Дилди агарткан - сөз; жамандыктан сактаган - сөз; билимди байыткан - сөз; илимди тараткан - сөз; чыгарманы жараткан - сөз. Баарын батырган акылмандардын сөзү».

**Т. Касымов,** коомдук ишмер:

«1996-жылдын 25-октябрында Жети-Өгүз районундагы Дархан айылында Көл кылаасындагы акелердин аксакалы деп эсептелген Карга акенин күмбөзүнүн ачылыш аземине катышып, сөз сүйлөдүм. Тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой, Карга аке 1718-жылы жарык дүйнөгө келип, 1828-жылы 110 жаш курагында көз жумуптур. Ал жөнөкөй, сылык, сыпаа, калыс, батасы сая кетпеген касиеттүү адам болгон экен.

Түп аталардын таржымалынан сөз баштоо түмөн түйшүк тарттырып, айсыз караңгыда карайлап, жолду болгоолоп бастырган жолоочунун кейпине тете жумуш.Эл арасында анда-санда айтыла калган кептердин учугун улап, алардын элесин көз алдыга келтирүүгө аракет кылайын... Анткени аралык алыс, доор эскирген, уламалар унут калган. Мезгил бороону көп нерсени бүтөп салган. Бала кездерде чоң аталардын айткан сөздөрү - алардын бизге калтырып жаткан мурасы экенин дайыма эле биле, көңүлүбүзгө түйө бербеппиз...

Мурдагы акылман адамдардын айтышкан кептери калкыбыздын кат-сабатсыз караңгылыгынан, деңиз жээгиндеги кумда калган издердей мезгил толкунуна жуулуп жок болуптур. Ата-жотону унутуп, азыркы жаштардын өз атасынан ары билбей калганы арман эмей эмне?!

Карга аке бугу уруусунун Желдең уругунан. Түбүнөн бери сүргөндө Тагай - Кылжыр - Орозбакты - Мырзакул - Алсейит - Туума - Каракозу - Желдең - Түлөке. Түлөкеден Мендегул, Айтыбар. Мендегулдан Сатыш, Самтыр, Байкиши, Карга, Акмузоо. 1200дөй түтүндөн турган Даркан айылынын жарымынан көбү Тууманын урпактары болуп саналат.

Илгертеден эле кыргыздар ырымдашып бала төрөлгөндө ар кандай аттарды кое беришкен. Коңкобай, Итибай, Бөрүбай, Тезекбай, Күчүкбай, Койчубай, Сасыкбай, Бокчубай, Бокмурун деген аттарды азыр деле угуп калып жүрбөйбүзбү. Мендегулдун биринчи баласынын аты Сатыш экен. Ал кичинесинен зирек, сезимтал, эстүү чыгып, эл оозуна жаңыдан эле алына баштаган мезгилде кара мүртөз каракчынын колунан каза таптыр. Арадан эки жылдай убакыт өткөндө Мендегулдун аялы эркек бала төрөйт. Ошондо баланын энеси күйөөсүнө карап: «Күйүттөн кийин төрөп калдым, балабыз аман болсун, атын Самтыр коелу», деп анын атын Самтыр койдуруптур. Кийинки жылы үчүнчү баласы төрөлгөндө: «Бала тыңыган кезимде жарык дүйнөгө келди, буюрса бул балабыз ка-

рылуу болоор, жемин жедирбей атасынын малына ээлик кылаар, аман болсун, бай болсун, макул десеңер баланын атын Байкиши коелу», – дейт. Ошентип анын аты Байкиши болуптур. Арадан үч жылдай убакыт өткөндө, жайдын толук кезинде Мендегулдун кош бойлуу аялы жалгыз аяк жол менен суу алганы баратса, жолду туура тосуп, ак жылан суналып жаткан экен. Аял акыл токтотуп, көп чочубай, жакшылыкка ырымдап, ак жоолугун жыландын жанына жая таштап, өзү жыландын ылдыйра-ак жагындагы жол менен булакка өтүп, идишин сууга толтуруп, кайра тартса, баягы ак жоолукка жыландын кеби (териси) калып, өзү жок экен. Аял ак жоолуктагы ак жыландын кебин аярлай ошол жоолуктун өзү менен ороп: «Буюрса бул төлгө болду, азиз колдоп, аман-эсен көз жарат экем. Акыл-эси менен элди баккан, Сатыпымдын ордун баскан, бөксөмдү толтуруп, күйүтүмдөн арылткан уулдуу болормун», - деп ырыскыга жооруп, жан адамга билгизбей ак жоолукка оролгон ак жыландын кебин бекемдеп катат. Айы-күнү жетип көз жарганда, баланын бети менен мойнунда жыландын бедери бар болуп чыгат. «Сатыпымдын өмүрү кыска болду эле, канаттуудан карганын өмүрү узун дейт, баланын атын Карга койсоңор экен», - деп өтүнгөн экен. Ошентип, Карга деген ат анын энесинин эски күйүтүнөн улам коюлуптур. Кийин ал ак жыландын кеби (териси) жөнүндө балдарына айтып: «Өмүрү укум-тукумуңарда жылан өлтүрбөсүн», - дептир.

Карга акенин чөбүрөсү - филология илимдеринин доктору, акын, комузчу, обончу Үсөнбек Асаналиев агайдын айтканына караганда, ошол күндөн ушул күнгө чейин Карга акеден тарагандар жылан өлтүрүшпөйт экен. Айрым көзү ачык адамдардын:

«Карга акенин кабырын жыландар кайтарып турат», деген сөздү Ысык-Көл областында иштеп жүргөндө уккан элем...

Карга аке уулу Жаныбек бий болуп шайланганда: «Кылымдан артык жаш берген кудайга мен ыраазымын. Өмүр - өзөндөн бир жолу агып өткөн дайра. Экинчи андан акпайсың. Ошондуктан өмүрдүн баркын билип өт. Өмүрү оору дегенди билбедим, жаным кыйналып жаздыкка башым тийбеди. Он уул көрдүм. Бул да болсо кудайдын бергени. Ата балдарынын баарын тең көрөт. Ошентсе да Жаныбегим, сен бар - жаным тынч. Тизгинимди алар тири карагым эсиңе ала жүр: Адам адам менен бактылуу. Бирөөгө жакшылык жасаган адам жаман болбойт. Жакшылык бирде болбосо, бирде жанбай койбойт. Биригип иш кылган бийикке чыгат. Билген адам эл-журтту бириктирет. Тууганын эле бооруна тартып, башканы алыс көргөндүн башына бүлүк түшөт. Кара өзгөй киши калкка жексур болот. Өзүңдү ашынтып, өзгөнү басынтып жашаган болбойт.

Жардысынтып жакырды жарга такаган жарыбайт. Мансапка маашыр болуп, ыйманын жеп, капыр болуш бий кишиге жарашпайт. Ал алыс узабайт, үзүлгөндү улабайт. Бий өзүмчүл болбосун, өзүмчүл өрттөн жаман. Анда ага өчөшкөндөр көбөйүп, журт бузулат. Калыс карасаэ, санаан тынч болот. Жүрүмүң түз, жүрөгүң таза, калктын кадырына жеткен, кандай иш болсо да калыс чечкен, кедейди байдан кем көрбөгөн, телегейин тең көргөн, алысты көрө билген, жалганды чындан бөлө билген, эки сүйлөбөгөн эстүү бий болгун», - дептир.

Карга акенин өмүр сүргөн мезгили калмак баскынчыларынын арааны жүрүп турган жылдарга туура келген. Ал кездерде кыргыздар малга жайыт-кыштоо өңүттөп, көчүп-конуп жашашчы экен. 1827-жылы күзгө маал Карга аке көп менен бирге кыштоого кетип баратып, Ысык-Көлдүн баш-аягы алаканга салгандай тегиз көрүнүп турган кенен түзгө келгенде, тизгин тартып, уулу Жаныбекке: «Ушул жер конуш болчу жай экен, укуругуңду сайып белгилеп койчу» - дептир. Атасынын тегин сүйлөбөсүн билген кыраакы уулу укуругун жерге бекем орнотуп, көч менен кошо кете берет. Ошол кышта кар үстү-үстүнө жаап отуруп, керегенин бою менен тең болот. Карга аке көрөөр күнү, ичээр суусу түгөнгөнүн баамдап, Жаныбегине кайрылып, балдарын чогулттуртат. Ошондо анын улуу аялынан беш уул: Чотон, Адыл, Кожотай, Шаныяз, Жаныбек; кичүү аялынан беш уул: Чекир, Чоңмурун, Дөөрүк, Козуайдар, Телкозулар чогулушкан экен. Карга ата балдарына: «Карыгыча тонумду тоздурбаган, акылымдан аздырбаган Алла Таалага арманым жок! Тагынан тайбас хан болбойт, ажал албас жан болбойт. Мен өмүрү келиндеримдин жүзүн көрбөптүрмүн. О дүйнөгө барганда өз жакындарын тааныбаса күнөө дейт экен. Келиндерим колумдан даам татсын, киргизгиле», - дептир. Ошондо эң улуу келининин ээги түшүп, калчылдап баскан кемпир экен, калган келиндери деле жөлөтүшүп-таятышып, кысылып-кысталышып үйгө киришиптир. Карга аке алдындагы эттен кестирип, ар бирине өз колу менен берип: «Учуңар сүзүлбөсүн, тукумуңар үзүлбөсүн. Кудайдын ушунусуна шүгүр, баш берди, мал берди, узун өмүр жаш берди, эми акка моюн сунаар кез келди, көзүм көрүп, кулагым угуп кетсин, сапарым арыды, өкүргүлө», - дептир. Ошондо токсондон ашкан уул-келиндеринен небере-чөбүрөлөрүнө чейин жер дүңгүрөтүшүп өкүрүшөт. Кемпир болуп калышкан келиндеринин кошогу бат эле түгөнүп басылганда, төртүнчү уулу Кожотайдын 13 жаштагы Арууке деген тирикарак кызы: «Чоң атамды мен кошоюн», - деп, узакка чейин кошкон экен. Кийин ал кыздын кабарын уккан Тилекмат аке кадырын салып отуруп, Ааруукени бир уулуна алып бериптир. Ал эжеден Токой, Алтымышбай, Жетимишбайлар

төрөлүп, алардан академик Асылбек Алтымышбаев, санжырачы Кален Жетимишбаев сыяктуу белгилүү инсандар чыккан.

Абышка болуп калышкан уулдары «атакелеп» ыйлашып, алдары кетип, алар деле басылышат. Жалгыз гана Жаныбеги ботодой боздоп, өкүрүп-өксөп басылбай койгондо, аны чакырып: «Эмне эле озолонуп өксөп жатасың? Аманат жанын Алла Таала албайбы?» - дейт экен. Анда Жаныбеги: «Алда айланайын атаке, мен сизге сыздап, эзилип ыйлап жатат дейсизби? Калкка кадыры өткөн кадимки Карга бий болсоңуз. Көл кылаасындагы эл-журт бут билсе, кардын көбү бул болсо, кантип элге кабар берип, кантип тонду чегип, кантип сизди жерге жашырам деп ыйлап жатам», - дегенде, атасы: «Аа, балам, мен өлбөпмүн, ага кабатыр болбо, күрткүнү көрбөй турасыңбы? Менин сөөгүмдү азырынча ошого көөмп, жазга чейин ит-куш тийбесин үчүн, жылдыз толуп суук күчөгөндө үйүлгөн кардын үстүнө суудан куюп турсаң, ал кашкайган муз болуп тоңуп калат да, жазга чейин жаның тынч болот. Анан токсон чыгып, жер жибигенде жайыма койбой жаның жокпу?» - дептир.

Аздан соң: «Көл көрүнүп турган дөңсөө жерге калыңдап көлдөлөң салып, мени ошол жерге отургуз. Касиеттүү көл менен коштошуп алайын», - дейт.

Карга ата Көлдү караган боюнча көпкө чейин тунжурап отура бериптир.

Жаныбек: «Ата үшүп кеттиңиз!» - десе жооп катпай, акыры: «Айланайын Ысык-Көлүм ай! Эми кантем? Кайыр кош! Касиеттүү ыйык Көлүм урпактарыма буюрсун! Калмактардын камчысы кайрылбасын, калкым Ысык-Көлдөн айрылбасын!» - дептир.

Карга атаны ак өргөөгө алып киришип, гөшөккө жаткырганда ал жарданып турушкан урук-туугандарын кыдырата карап: «Ынтымак гана ырыс токтотоор» деген бир ооз сөз айтуута үлгүрүп, көшүлүп уктаган бойдон тыптынч жүрүп кеткен экен.

Кычыраган кышта балдары атасынын сөөгүн убактылуу калың күрткүнүн астына жашырышып, өзү айткандай күрткүнүн үстүнө муз тоңдуртушуп, анан биринен сала бири куран түшүртүшүп, жазды күтүшөт.

Токсон чыгып, жерге амал кире баштаганда Жаныбек: «Атам, конуш болчу жай экен деп, белги койдуртуп кетти эле, аны ошол жерге коелу», - деп, калкка кабар айттыртып, Карга акени урмат-ызаат менен өзү көрсөтүп кеткен түбөлүктүү жайына коюшуптур. (Ал азыркы Даркан айылынын түндүк тарабындагы Көл менен айылдын ортосундагы кенен түздө.)

Дарканда Карга акенин урпактары эле 300 түтүнгө чамалаш болуп калыптыр. Алар атанын арбагына таазим кылып, арадан 168 жыл өткөндөн кийин анын күмбөзүн тургузушуп, алыс-жакындан эл чогулуп, куран окутушту.

Тургузулган эстелик - Карга атанын урпактарынын ынтымагынан, атанын арбагын сыйлап, ага таазим кылуудан жаралган эстелик. Бул белги - кылымдардан кылымдарга Карга атанын касиети укум-тукумун, айылдаш туугандарын арбагында колдоп жатсын деген белги.

Карга аке сөз баккан, калыстыктан тайбаган, алдыны көрө билген акылман адам болгон экен. Анын: «Оо кудай, балдарыма ырыскыны берсең тең бер, бербесең баарына тегиз кем бер; сөздүн көбү дурус эмес, төбү дурус; тең тууганга текебер кылба; тең тууган теңирине карабайт; туугандан сууган жаман болот; жат жарасы айыгат, тууган жарасы айыкпайт; жаман туугандан ашкан жоо болбойт; жесирге каралаш бол, жетимге санаалаш бол; уулуң угумдуу, айтканың жугумдуу болсун», деген сыяктуу жашоонун ар кыл шартына жараша айткан акыл-насаат сөздөрү, анын кийинки муундарга калтырып кеткен мурасы».

**А. Ибраимова,** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик гуманитардык университетинин окутуучусу, филология илимдеринин кандидаты:

«Көл өрөөнүндө XVIII кылымдын экинчи жарымынан XIX кылымдын башталышына чейин жашап, айкөл акылы, кара кылды как жарган калыстыгы, ар нерсени алдын ала жаңылбай, таасын айта билген олуялыгы менен аттары таанылган инсандарыбыздын катарында Мендегул уулу Карга аке, Алдаяр атанын кенжеси Мойт аке, Доскулу атанын кенжеси Сарт аке (өзүнүн азан чакырган аты Сартбай), Жылкыайдар атанын уулу Тилекмат аке, Садыр аке, Карач аке, Кыдыр акелер турат. Ысымдарына кошумчаланып «аке» деп айтылган сөз ал инсандардын адамдык сапаттарына, даанышмандыгына карата эл тарабынан берилген бийик баа жана наам катары өтө сейрек ыйгарылган. Ысымдары элдин эсинде түбөлүккө сакталып калаган жогорудагыдай адамдар сөз кадырын бийик баалаган чечен, сөзмөр болушканы үчүн гана эмес, азыркы түшүнүк менен айтканда өз учурунун коомдук-саясий, экономикалык турмушу, элдердин ынтымагы үчүн кам көргөн, ар кандай талаш-тартыштуу, уруш-талаштуу маселелерди өтө кылдат, калыс чече билген кеменгерликтери үчүн да зор кадыр-баркка ээ болушкан.

Акелер бирин-бири урматташып, биринин акылына экинчиси баш коюп, айтылган сөздөрүнө терең маани берип, ыгы келген жерде өз кемчилдигин мойнуна алып көнө билген. Мисалы: Тилекмат, Сарт акелер

өздөрүнөн улуу Карга акени акыл даанышманы катары сыйлап, атайын барып батасын алып кайтышса, Доскулу уулу Сарт аке өзүнөн улуу Мойт акени көсөмү катары сыйлап, андан озунуп сөз сүйлөөчү эмес экен. Демек, аталган чечендер өздөрүнүн сүйлөгөн сөздөрү менен гана башкаларга үлгү болбостон, жүрүш-турушу менен да башкаларга таасир калтырууга аракеттенгендиктерин байкоого болот.

Бир жагынан тышкы душмандар менен дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө, экинчи жагынан ички араздашууларды жөнгө салууда союлдун күчү менен эмес, сөздүн күчү менен туңгуюктан чыгып кетүү энчиси дал ушу акелердин шыбагасына туш келген. Бул иннсандар элибиздин руханий казынасын түзөт.

Эл арасында «калыстыкты Карга акеден тап» деген сөз бекеринен айтылып калган эмес. Кара кылды как жарган калыстыгы, акактай акылы менен айырмаланган Карга акебиз өмүр бою бий болуп жашап өткөн. бирок Карга аке байлыгына же бийлигине, сөөлөтүнө, мансабына таянбай, букарагабы же байбы, анысына карабай, кара кылды как жарган калыстыгы, калкынын иши үчүн көргөн камкордугу, эли-журтунун абийири болгондугу үчүн калк кадырманы болуп чыга келген».

«Алтынды дат баспайт», - демекчи XVIII-кылымдын башында туулган Карга акенин дайын-дареги ушу күнгө чейин урпактарга жеткени ал кишинин элге кылган эмгеги, артында калган асыл сөздөрү болуп отурат:

Кудайдын бергени угулбайт.
Жалгаганы туюлбайт.
Эр менен эрдин эрегишинин эбин тапса болот,
Эл менен элдин эрегишинен кудай сактасын.
Эр эрегиши мал менен бүтөт, эл эрегиши кан менен бүтөт.
Казак коргон болбосо, кыргыз ойрон болот.
Кыргыз бел болбой, казак калмакка тең болбойт.
Аздын шору арбын.
Тең тууганда кем тууган жаман.
Эрин сойсоң - эли бар,
Малын чапсаң - беги бар.
Араздыктын айласы акыл менен табылат.
Жамандык жанга батканда жан аялбайт.
Жер жабырын  казган билет,
Калк кадырын азган билет.
Жол катуусун баскан билет,
Жан таттуусун качкан билет.
Жылдыздын сырын асман билет,

Жылкынын сырын баккан билет.
Туякка - жер тирек,
Канатка - жел тирек
Карага - мал тирек,
Канга - эл тирек.

Ынтымак - ырыстын иши, ырк кеткен - уруштун иши.
Коркоктун чокмору койнунда чирийт.
Көлдү көзүнө сүрт, бутуңу малба.
Алачыктын уугу жер таянат, адамдын улугу эл таянат.
Жоголуп табылган мал олжо, ооруп айыккан жан олжо.
Көлдө көлөкө жок, көпкөндө береке жок.
Жараганы керекке - жеген малда береке.
Мал күткөн марыйт, малсыз жан кантип жарыйт?
Күткөн малдан береке.
Көтөрүмдүн көпкөнүн көз тоюнганда көр.
Илкиген мал ирденет, тири карак тирденет.
Жетесизди жетелеген убара.
Күнөө кылгандын күйүтү ичинде.
Алтынды таш катат, акылды баш катат.
Сабыр - сакалдууда, санаа - акылдууда.
Эл көрүп сөзү ачылат, жер көрүп көзү ачылат.
Жалгызды тул дейт, жаманды кул дейт.
Темирди корго малат, телини шорго малат.
Сөздүн көбү дурус эмес, төбү дурус.
Тең тууганга текебер кылба.
Сараңга бересе болбо, санаасы бузукка келеке болбо.
Кыргыз мал асырайт, сарт там асырайт.
Жүз жашка жүк оор, жүдөөгө түк оор.
Жылың жай өтсүн, жаның бай өтсүн.
Сараң санаадан өлөт.
Бир үйдү билген аялда чен барбы.

Төөнү буйла жетелейт, төрөнү айла жетелейт сыяктуу толгон акыл насаат кептери-келечек муунга калтырган Карга акенин мурасы.

* * *

Карга акенин калыстык кылганын санжырачы Садык аксакал айтар эле: «Байкиши, Карга - бир тууган. Байкиши Каргадан улуу экен.

Байкиши өтө балбан, эр көкүрөк болуптур. Карга токтоо, төп, сөзгө чечен, калыстыгы менен таанылып, элге алымдуу чыгыптыр. Ошондо Байкиши: «Малдан алдырсам - мага, сөздөн алдырсан - сага», - деп ата-дан калган күтүрөгөн малдын башында өзү болуп, инисине эл аралаганга жол бериптир. Бапа, желдең уругу жамаатташ көчүп-конуп жүрүшчү экен. Желдеңдин экинчи аялы Сарыкатындан (Тунуктан, ал кадимки Сарыбагыш Маматкул бийдин кызы) бешөө, Байкиши алтынчы болуп ит-куштан, чаптыргандан сактанып, жылкыны чогуу салышат, бирге күзөтүшөт. Ал заманда жылкы тийүү уурулук эмес, эрдик саналчу экен. Сарбагыштан ууру жылкыга тиет. Байкиши ызы-чууда бирөөнү өлтүрө чабат. Калганы түн жамына качып жоголот. Өлүктүн дайыны эртеси эле билинет. Кун дооланып, калыстыкка казак төрөгө чейин барышат. Кунга көп мал кесилет. Кайтып келишет. Сарыкатындар «кунду экиге бөлүп төлөйбүз», - дешет. Байкиши: «Жок, алтообуз малды бирге салсак, бир көздөсөк, силер бешөө болсоңор, мен жалгыз болсом, эмне үчүн экиге бөлөбүз, болбойт, алтыга бөлөбүз. Мен макул эмесмин», - деп тең туугандар ичинде ынтымак ыдырап ырбай түшөт. Сары катындар көптүк кылат (1862-ж. 500 түтүн экен. В. В. Радловдун жазганы). Талаш чырга айланып, акыры казак төрөгө кайра калыстыкка барышат. Ар ким өз дооматын, жүйөөсүн айтат. Жалгыз Карга кабагы бүркөө унчукпай угуп отурат. Бир чети калыска казакка келгенине, туугандардын ыркка көнбөгөнүнө ичинде ыза болот.

- Аа, Карга, сиз калай дейсиз? - дейт калыс.

Карга:

- «Көп курусун, көпкө түткөн көз курусун, аз курусун азга бүткөн мал курусун», - деп, башка бир ооз сөз кошпойт, үн дебей туруп калат.

Калыс казак бул сөздү угуп, селт дей түшөт:

- Аа, Карга, алиги сөзүңдү кайталап койшы? - дейт.

Карга:

- Эшиткен сөздү эстүү калыс эки айттырбас болоор, кайталанган сөздүн кадыры кетер, - деп суроонун жообун бөгөп коет.

Кептин түпкү түйүнүнө түшүнгөн кыраакы казак: «Карганың сөзү! Карганын сөзү!» - деп баш чайкап, - «эки ауыз сөзүң эки эрдин кунына татырлык сөз экен гой ширкин! Карганын сөзү - төрөлүктүн өзү. Кан кун менен бүтеди, айып алтыга бөлүндү. Акылыңа айтканың төп, калыстыгың казак, кыргызга жарайтың жан экенсиң, Каргам. Казак, кыргыз тең тууганга тердигиндей, жатты теңириндей көрө турган адаты гой. Мейман болыңдар», - деп баргандарды чоң сый-сыпат менен жөнөткөн экен. «Бир атанын балдары арабызды ачып калыска бекер барыппыз.

Карганын калыстыгын тааныбаппыз», - деп кайтышкан экен барган желдеңдер.

Ушул чырдан кайтып келген соң, Карга туугандарына кайрылып мындай дептир: «Туугандан сууган жаман болот. Жат жарасы айыгат, тууган жарасы айыкпайт. Тең тууган теңириңе карабайт. Туугандын көңүлүн калтырбагыла. Өлгөндө өкүрөр, жогунда өкүнөр эле түтпөгөн тууган болот. Тууганың жаман болсо, жаман дебе, жакшысын бирөө береби, жаныңа тартсаң келеби? Бабалар айткандай: «Босогодон бийик тоо жок, жаман туугандан ашкан жоо жок». Жаман, ыркы жок тууган болбойлу».

* * *

Карга акелер Каркырада жайлап турганда, араздашкан эки казак жигити кыргызга калыстыкка келген экен.

Кыргыздар кеңешип: «Карга бий калыстык кылсын», - дешет. Анда оозу шок казак жигиттин бири: «Ой-бай, казактын каргасы бок шокыйды, кыргыздын, каргасы бий болады экен гой?» - дей салыптыр. Карга бий камаарабай да, терикпей: « Бок чокуп келсеңер оозуңарды аарчып, бок басып келсеңер аягыңарды тазалап отургула. Антпесе, Каркыранын калың килемин булгайсыңар!» - дегенде, айткан жигит сөзгө сынып: «Карга бий кечириңиз, айткан аузымдын азабын тартайын, айып менде», - дептир. «Айткан сөз - абага учкан чымчык, ойлонбой сүйлөгөн сөз - кырсык!» - дейт Карга бий. Экөөнүн араздыгын адил чечип берген соң, алар ыраазы болушуп: «Калыстык сизден болду, калпыстык бизден болду, бий аке», - деп, Карга акеден кечирим сурап , алдына ат тартып кетишкен экен.

* * *

Каркыраны казак, кыргыз канатташ жайлап, ынтымактуу өмүр сүрүшкөн экен. Эл ичи болгон соң, тентеги болот, жөнтөгү болот.

Казактын ээн ооз бир жигити тийиштик кылып: «Бөрүбайдын бүркити бөрү албай, карга алыптыр», - дей салыптыр. Карга аке каадасынча токтоо гана: «Карга бүркүткө жоо эмес, жээр жеминен адашкан Бөрүбай казактын бүркүтүнүн көзү менен көкүрөгү соо эмес», - дегенде, казак жигит: «Карга аке, айткан аузыма тас, байкамай сөйлеген баланы кеширгейсиз?» - дептир.

«Казакка балалыкка жарабаган сендей ээн ооз уулга мен кантип аталыкка жарайм. Эмне болсо да эсен бол, карагым, өткүр көрүнөсүң, ан-

дан көрө элиңдин эс туткан уулу бол. Эсиң болсо илерсиң, сөз төркүнүн билерсиң!» - деген экен, жай гана.

* * *

Кыргызда Карга деген ат сейрек коюлат. Казакта да ошондой болсо керек. Казак, кыргыздар чогуу-чаран отуруп, көкбөрү тарта турган болот. Каркыра - бейиш жайлоо. Оюн-зооктун шарты айтылып, казактан Бүйенбай, Коянбай, Кунанбайлардын аты аталганда, кыргызда шок, оозу тим турбаган, алды-артын байкабай сүйлөгөн бирөө: «Казактар бөйөнчаяндын атын коё берет экенсиңер?» - деп айта салса, «Кыргыздардын аттары да жыргатып жаткан жок шыгар -. Боккөтөн, Бокмурун», - десе, туурадан бирөө тиги айткан казагын колдоп:

«Ала карга, сагызган,
Көтинен богын агызган» - дегенде, Карга аке:
«Калжың айткан жигиттин
Как оозуна тамызган», - деп айтса:

«Оо, Карга аке, сиздин акындыгыңыз да барма эди», - деп тамашага чалып кутулган экен.

* * *

Казактар азилкөй эл болот, тамаша сөзгө уста келишет. Бир чогулууда кымыз ичип отуруп, Каркыра жайлоосунун болуп-толуп турган кези экен, бир сөзмөр казак Карга акени карап:

- Карга бий, сиздин насилиңиз калмак дейди, ыраспы? - дептир.

Карга аке мыйыгынан күлүп: «Бир кыргыздын жеткирген иши экен, болбосо, казак мындай суроо узатмак эмес» - деп саам ойлоно калып:

«Казакта калмак хан, султан болгондо, кыргызда бий болсо, жарашпайт бекен? Мынча сурап калдың. Мен - кыргызмын. Каныбызда калмак каны бар экени ырас. Атам Мендегул, атасы Желдең, анын атасы Каракозу, Каракозунун атасы Туума кашка. Туумакашканын энеси Чоктутөрөнүн калмактын кызы - Чээжимжан. Туумакашка атабыз калмакка жээн. Ал Жаманкул, Бапа менен атасы бир, энеси башка бир тууган, Алсейиттин балдары. Ата кайраттуу болбосо, чокту төрөнүн кызын алабы? Манас ата тажиктин кызы Каныкейден Семетейди көргөн. Семетейди ким таажик дейт? Эр элине тартат, эт тегине тартат. Менин жаным каным кыргыз. Түшүнгөндүрсүң, казагым? Жообун алды го дейм мазагың! Атанын баласы дейт кыргызда. Бала атага тартат, ата очогун ээлейт. Эненин баласы

дебейт, элдин баласы дейт. Энеси калмак болгон казакта жокпу?» - десе, казактар кыраан-каткы түшүп күлүп калышыптыр. Көрсө, Карга акеге суроо берген казактын да аркы-аркы аталарынын энеси калмактын кызы экен.

- Күлмеңдер! - дептир суроо берген казак. - Мен Карга бий менен бөлө боп калдым гой. Карга бий, жасыңыз үлкен, сизге таазим, басымды ийдим! Мен да тегимди билдим!

* * *

Казак, кыргызда ат коюла берген эмеспи. Ырым кылып, болор-болбос жаман аттарды коюп, алар ажал жийиркенип, карабай кетсин деген ниетте: Итибай, Көтү бар, Күчүк, Сасык, Бокчу - деп, жан-жаныбарлардын аттарын деле коё салышкан.

Каркырада Карга аке казак, кыргыздарга сый тамак берип калат. Той-туман тамашасыз өтчү эмес экен. Казактардын арасында сөзгө чечен, ары акын, шайдоот-шайыр Дөнөн деген жигити да кошо келген болот.

Кыргыздын да бир алакачма, алаңказар тилдүү-ооздуу жигити Дөнөн деген атка тийиштик кылып:

- Бизде койго дөнөн деген сөздү айтчу эле. Бу сен тай, кунан же бышты эмес, арабөк калган дөнөнсүң го? Атың Дөнөн экен. Урууң ким? Бийиң ким? - дейт.

- Дөнен десең Дөненмин, жайлаудагы дөбеңмин. Руымды сурап нетесиң, сөзүмдү суыдай төгермин. Бийиңе мактанба, мазак кылып шаттанба, аты Карга экен. Биздин элдиң каргасы мал тезегин шокыйды. Кыргыздын каргасы бий болады экен! - дегенде, Карга аке күлүп:

- Бу менин затыма тийишпей, атыма тийишип калдың. Сабырым чыгар. Дөнөнүм, өрт экенсиң, тамашага көрк экенсиң. Мен чоң атаңдан да улуу болсом керек. Азилге шар экенсиң, айткандай бар экенсиң. Айтканым ашык болсо, чочуп кет, Каркыранын тезегинен да чокуп кет! Тамашага таарынган тардык болот, тартынбай сүйлөгөн шардык болот. Меймандар, куунак отургула! - деп, сөзгө тунуп, күүгө уюп, казак, кыргыз Каркырада жыргап-куунап тарашчу экен. Санжырада өзгөртүлүп айтылган окуялар көп эле кездешет. Ушул эле окуя казактын «Сөз тапканга колка жок» (Алматы, «Жазушы», 1988, 149-б.) аттуу китебинде башкача вариантта айтылат.

Карга акенин энесинин төркүнү түштүктөн экен. Энесинин туну - Сатыш. Ал кичинесинен зирек, сезимтал, эстүү чыгыптыр. Таякелериме барып келем деп энесинин тынчын алып, жанын койбойт. Атасы

Мендегул: «Балам, жол алыс, жол азабы - көр азабы» жаман, кийин барып келебиз. Анжиянга мал айдайбыз. Ошондо чогуу каттайбыз», - деп алаксытат. Бала мойноп болбойт. Энеси баласынын сөзүн кыя албай «таякелерине барса барсынчы» деп, кайнилери болгон Казыбай дегенди кошуп: «Сатышты сага табыштадым. Сени кудайга табыштадым», - деп узак жолго узатып, караанына жалбарып, калып калат. Эки караан узап кетет. «Эсен барып соо келсин, кудай ак жолун ача көр» деп кудайга жалбарып кала беришет.

Узак жолдун убарасы арзанбы. Кайсы бир жерде караан көрүнгөнүн Казыбай: «байкап келчи» деп баланы алдыга чаптырат. Бала жетип-жетпей, кайра качып жөнөйт. Артында куугун. Казыбай утурлай чаап баргыча баланы каракчы ыргыта сайып, атын илип алып бура тартат. Казыбай үлгүрбөй да, каракчынын артынан түшпөй да кулаган баланын аракетинде болот. Баланы өлтүрө сайган экен. Өлүгүн алып, айылга кайтып, Казыбай өкүрүп түшкөндө эле: «Сага ишенип баламды аманат кылдым эле, төрт кишилик алың бар эле. Кудайдын буйругу. Баламдын көзүн көрсөтпөй, өлүгүн алып келдиң. Тукумуң үчкө жетпесин, үчкө жетсе, күзгө жетпесин», - деп каргыш айтып жиберген экен. Эненин каргышы сая кетпептир. Ошол ошол бойдон бир топ муун өткүчө уланган… бул дал келүүнүн сыры - туюк табышмак.

Карга төрөлөрдөн мурда энеси жалгыз аяк жол менен сууга баратса, жолду туура тозуп ак жылан суналып жаткан экен. Кош бойлуулугу эсине түшө калып, бой токтотуп, көп чочубай, ак жоолукту жыландын жанына жая таштап, кыйгач жандап өтүп кете берет. Суу алып кайра тартса, баягы ак жоолукта жыландын кеби (териси) гана калган, өзү жок. Аны аярлап, ак жоолукка ороп алып, «кудайым буюрса, бул төлгө болду, азиз колдоп, аман-эсен көз жарат экем»,- деп, жакшылыкка жоруйт. «Сатыштын күйүтүнөн арылып, бөксөмдү толтурган, күйүтүмөн арылткан уулдуу болормун» деген ниетте жан адамга ооз ачпай, ак жоолукту кеп менен бек жерге катат.

Карга төрөлөт. Ошондо баланын бети менен мойнунда жыландын бедери бар экен. Эне жашыруун кеп (тери) жөнүндө балдарына айтып, «укум-тукумуңар жылан өлтүрбөсүн» дептир. Ошондон ушул күнгө Карга уулу жылан өлтүрбөйт.

Карга аке төрөлгөндө, атасы Мендегул наристеге ат коюу үчүн аттуу-баштуу адамдардан чакырып, ар кимиси ар кайсы атты айтып жатса, боз үйдүн түндүгүнө бир карга учуп келип, конуп калат да, карк-карк этип, элеңдеп туруп калат.

Ошол жерден эле Мендегул ай-уйга келбей: «Болду, болду! Кудайым өзү жыроолоду. Канаттуунун узак жашаганы «карга» дейт. Баламдын

өмүрү узак болот экен. Атын Карга койдум. Бата кылып койгула?» - дей салыптыр. Ошону менен Карга аталып калыптыр. Болбосо, өткөн ата-бабаларында да, бу чөлкөмдө Карга аттуу бир да адам болгон эмес экен.

* * *

Кетмен-Төбө тарапка калмактан качып барганда, качкындар тоо таянып конуштап калышкан экен. Жергиликтүүлөр менен ымалада отурушат. Ошол жерде бир беделдүү адамдын отуз жаштагы жалгыз уулу оорудан каза болот. Өлүм деген өлүм. Уулду урмат-сыйнаты менен узак жолго узатып, улуп-уңшуп кайгы тартышат.

Жесир келин кошокчу көрүнөт. Муң-зарын айтып өксөп ыйлайт. Анын кошогун уккан көлдүк бир келин күйөөсүнө кошогу өтө муңдуу да, бир башкача балаасы да бар кошок экен деп айтып келет. Ал сөз акырындап Карга акеге жетет.

Карга аке: «Ал кошокту куйма кулак бирөөнү жиберип койгула, угуп келсин», - дейт.

Келин угуп келет.

Карга аке: «Капшытка көшөгө тарткыла. Келин уккан кошогун угузсунчу», - дейт.

Келин көшөгөнүн ичине кирип, кудум кошок айткан келиндин кыраат - үнү менен созолонтуп кошот.

Кээси ичинен: «Жарыктык Карга аке баш чыкпаган үйүндө кошок кошturганы эмнеси?» - деп, ичтен тынып угушат:

Асылым а дүйнө барып кошулду,
Ак жүзүм канга жошулду.
Кайдан таап алды экен
Калкыбыз мындай жосунду.

Алдымдан өттү кыл аркан,
Арга жок жанга муң артам.
Алымдан тайып күндөн-күн
Айласыз сыздайт кыр аркам.

Белиме боочу салышкан,
Кургаган сайын карышкан.
Үч жашар жалгыз баламды
Кыя албайм өлүп калыштан.

Көргүлүктү көрдүм го,
Амалым жоктон көндүм го,
Алладан жардам болбосо,
А дүйнө кетип өлдүм го.

Карга аке тунжурап угуп, көпкө ойлуу отурат. Бир оокумда: «Кошоктун төркүнү башка экен. Кайнене катаал болсо, келиндин тагдыры татаал болот. Келиндин бетин тилдирип, алдына аркан салдырып, белине шириден боочу байлаткан турбайбы. Жалгыз баласын кыя албай, кудайга муң-зары жеткен келиндин тагдыры кейиште экен. Асалаган болуп, келиндин өмүрүнө себепкер болбосо, тирүүлөй өлүмдө турган кези экен», - деп, эртеси эле беш-алты адам болуп, азалуу үйгө түшүп калышат. Карга аке жалгыз баласынын күйүтүн тартып, баш көтөрө албай, каруусунан кетип калган карыяга карап: «Карыя, биз - качкындарбыз. Калмактан канча азап тарттык. Маңдайга жазганды көрөт экенбиз. Бири жоодон, бири доодон, мерген зоодон, суучул суудан, кан кандан өлөт экен, пендеси башка салганга көнөт экен.

Ак шумкар учуп куу алса,
Канатын канга тийгизбейт.
Кан башына күн түшсө,
Кайгысын журтка билгизбейт, - деген кеп бар. Сиз айылдын абройлуу адамы экенсиз. Кайгыны жеңээр кайраттан башка күч жок.

Байбиче, бая биз келгенде келиндин кошогунан кейиштүү сөздөрүн угуп, кабырга кайышты. Жаман салтка жакын болуу жарабайт. Берген да кудай, алган да кудай. Курандан башка сооп жок. Кеткен келбейт, алганын Алла бербейт. Уулдун артында жалгыз туяк калыптыр. «Өлүү арстандан, тирүү чычкан» дейт. Кудай ошого өмүр берсин. Артын берсин. Жалгыз өзүнөн көбөйөт. Ошону медер тутуп, канист кылгыла. Ыйдын арты - ый. Балага эне керек, дайрага кеме керек. Келиндин кейишке түшкөнү, уулдун бейишке түшкөнү эмес. Арканын алып, астына көлдөлөң төшөгүлө. Ширини кестирип, белине жибек жоолук байлагыла. Ушунда уулдун арбагы ыраазы болот. Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбагыла, кандай дейсиз, байбиче?» - дегенде: «Сөзүңүздө калет жок, күйөөсү өлгөндө жесири бизде бет тытпаган адет жок. Азаны аркан менен тартат. Муңду шири менен артат. Антпесе, эл-журт кеп кылат. баламдан келин артык эмес. Салтты бузган келиндин өлүмү кейиш эмес», - дейт байбиче, анда абышкасы жинденип атып туруп: «Бирин билгизбей, астыртан ириткен акмак, баары сенин ишиң тура. Бул кааданы кайдан тапкансың? Меймандын

сөзү мээңе кирген жокпу? Келинден айланган келес, боору таш мерес!» - дептир.

*   *   *

- Карга атабыз калмактан качып барып, түштүк жергесинде туруп калышат. Эл болгон соң ыйкы-тыйкы, тууган арасындагы араздыктар боло берет. Жергиликтүүлөрдүн эстүү-баштуулары менен аралаш жашап, атабыздын акылмандыгы бат эле аны алымдуу кылып, «Көлдүк бий», «Калыс бий» аталып кетиптир.

Ошондо кепке-сөзгө келбеген бир кежир бай бар экен. Жакын эле тууганы кайтыш болуп, жетим-жесир калган бечаралардын малын бербей коюптур, карандай таныптыр.

«Тең туугандын калыстыгын уккан жок. Карга бийдин калыстыгына салабыз», - деп, алиги байды ортого алышат. Ал кежир: «Качкан бийдин калыстыгынын кереги жок. Кеги болсо, калмактан алсын. Менин анда аласа-бересем жок. Карга болсо, өзүнө карга», - деп сөзгө келбейт, атат-пайт.

Карга ата: «Бай, көздү көрсүн, кулакты уксун, акылды жуксун деп берген…», - деп сөз баштап келатса, тиги кагынып-силкинип: «Сен карга болсоң, кыкты өзүңчө чоку, намазыңды өзүңчө оку!» - дегенде, тигинин эпке келбесине көзү жеткен атабыз: «Суусу жок сай курусун, кайрымы жок бай курусун, казыңды куш алсын, малыңды жут алсын!» - деп туруп кеткен экен.

Ошол эле кышта жут болуп, алиги байдын малы бүт кырылып, коросу жылаңач калыптыр. Атабыздын алкышы да, каргышы да жаза кеткен эмес, - деп кеп салар эле санжырачы Садык ата.

*   *   *

- Карга аке, айтканыңыз сая кетпеген калыс адамсыз. Түндө күлүгүмдү бир акмак ич тардык кылып, кол тарамышын кыркып кетиптир. Ошого бир каргыш сурап келдим эле? - дептир.

- Бата сурап келсең, башка кеп эле, мен каргышка жокмун, балам. Макулук айбанга айбанчылык кылганга кудайдын өз жаза, каргышы бар. анын жасаган жамандыгы жазасыз калбайт, бара бер, - дейт.

Ай айланбай, атын бирөөдөн көрүп жүргөн экен. Ал аттан жыгылып, эки буту тең сынып, баспай калыптыр. Алиги жигит келип:

- Карга аке, жамандык жазасын алды, эки аягы тең сынып, үйүндө баспай жатат, - десе, Карга аке:

- Сен адамкерчилик кыл, мындайда табалабайт. Жакшылык жасап, сыныкчы таап, буттарын таңдырып бер. Ошол соопчулук сага кадыр-барк, жакшылык алып келет. Жамандыкка жамандык - жамандын иши, - деген экен.

* * *

Карга атабыз: «Жети ата өтпөй үйлөнгөн - жетесиз. Алардан өңдүү бала төрөлсө да, акыл-эси жөндүү бала төрөлбөйт. Суу кечип үйлөнгүлө, балдар. Кыргыз деген эмчектеш болбосо эле үйлөнө бергидей сарт эмес», - дептир.

* * *

Карга атабыз Каркыра жайлоосуна барып калган экен. Канатташ казактарда пикир келишпестиктер болуп, өз ара чабышып кетип, ортодо киши чыгым болот. Эки уруунун урушу чоң жаңжалга айланчудай болот. Ошондо казактар Каркырадагы кыргыз боорлорду калыстыкка тартканы келишсе, кыргыздар калыстыкка «Карга бий барсын!» - деп атабызды жиберишет.

Иштин чоо-жайын сураса, набыт болгон бечара дудук, акылы ордунда эмес бир жан экен.

Атабыз барып: «Казак, кыргыз бир тууган элбиз. Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт. Коңшу тынч болбосо - кордук. Чыгым болуп кеткен экен. «Урушпаган уул жок, керишпеген келин жок». Жоголгон темирдин даты алтын, өлгөн жиндинин башы алтын кылбагыла. Тууган-дан тууган өлсө, муңу калат - куну жок. Бир макоонун кунун алабыз деп, миң эстүүнүн канына зобун кыласыңарбы? Укум-тукумга бул жосун унут болсун. «Баш сынса, бөрк ичинде, кол сынса жең ичинде». Өзүңөрдөгү жабылуу аякты ачпагыла. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч», - дейт кыргыз. Зобун кылган тарап жабыр тарткандын алдына түшүп койсун. Өч - өчтү чыгарат, өрт - өрттү чыгарат. Ынтымакка келгиле. Аз көбөйсө - ал күтөт, ат семирсе - жал күтөт. Көппүз деп көбүрбөгүлө, толтурабыз деп төгүлбөгүлө. Эсиргенди эгем тегиздейт. Эс токтоткула, казак агайындар!» - деп бүтүм чыгарганда, калыстык сурап барган казак: «Оозуңуздун оту бар, акылыңыздын соту бар касиеттүү адам экенсиз. Мен өзүмө өзү даттанып барган экенмин. Биздин буруш жолубузду дурус жолго салып койдуңуз. Калыстыгыңызга казак ыраазы. Биз калыстыкты кыргыз Каргадан таптык деп айта жүрөбүз», - деп казактардын арасында атабыздын калыстыгынын кадыры өткөн жайы бар.

* * *

Атабыз жөнөкөй, сылык, сыпаа адам болуптур. Адам шагын эзели сындырбаптыр.

Кыдык туугандардан бир жетим эки ата өткөн бай тууганына ат сурап барса, ал: «Колукту алсаң, токулуу тору жоргомду, калыңына кара айгырымды берем, азыр ат жок», - деп баланын шагын сындырып, десин кайтарып коет.

Бала кийинки жылы үйлөнүп: «Ата, сөзүңүзгө туруңуз, үйлөнүп койдум», - десе, тиги: «Тамашаны чын көргөн атаңдын оозун урайын. Ит ичпеген ашынан үмүт кылат. Жорго минип, жол жүргөндүн балакетин аласыңбы? Кара айгырды жесир энеңе айгыр саласыңбы?» - дейт көбүрүп-жабырып.

Ызасы кайнаган бала Карга акеге барып, болгонун болгондой айтат. Карга аке эки-үч сакалдууну алып, алиги байды чакыртып сөзгө тартат: «Баланын ат сурап барганы чынбы? Берейин дегендериң ыраспы? Айткандарыңан айныганың да ыраспы?»

Бай: «Айтканым ырас, мен тамашалагам муну», - дейт.

Карга аке: «Атан төө мас болсо тайлак төө менен дос болот». Бул бала сени менен тамашалашар же талашар алы барбы? Баарыбыз тең кудайдын жараткан пендесибиз. Адамдын оозунда болсо, Алланын кулагында. Сенин сөзүң Аллага да угулган, Алланы алдайсыңбы? Бий бүтүмү ушул, оозуңдан чыкканды чыккандай орундат. Орундатпасаң, он эсе айыбын тартасың!» - деп, жетимдин кадырын жерден алып, асманга көтөрүп койгон экен.

* * *

Карга аке кайтыш болор жылы Көл айланасына кар тири укмуш оор түшөт. Тилекмат менен Сарт аке кардын калыңдыгына карабай, Карга акеге барып, батасын алып кайра тартышат. Ал жөнүндө профессор **А. Иманов** «XVIII кылымдын экинчи жарымы, XX кылымдын башталышындагы Ысык-Көл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар» (Каракол, 1998) аттуу эмгегинде мындай маалымат берген: «Илгери Көл мыктылары чогуу-чаран жайкысын Каркыраны жайлачу экен. Ошол жылдардын биринде Мойт аке, Боронбай султан, Сарт аке, Балбай, Стам, Жанек, Ногой баатырлар Каркыранын Жүрөк деген жерине келип, өрүү болуп калышат. Ошондо Сарт аке аларга мындай деген экен: Бул кышта көбүңөр көлдүн көкүрөк жагында болуп Карга абадан кабар ала

албадыңар. Көзүнүн тирүүсүндө Тилекмат экөөбүз арандан зорго барып учураштык. Кудай сүйгөн карыянын батасын алдык. Баарыңа бизден дубай салам айттырган. Карга абанын кайтыш болгонун көкүрөккө, кечигип болсо да, биз кабарладык. Эми баарыбыз чогулуп куран окутканыбыз болсун, жылдык ашын бала-бакырасы менен бирге чогуу өткөрөлү, кандай дейсиңер», - дегенде баары макул болушуп, ошол эскерип отурган жеринде Карга атага арнап, куран окутушкан экен.

Ушул отурушта Карга атанын берген батасын Сарт аке көпчүлүккө айтып берет:

- Ээ, каректерим, силерди суу атасы Сулайман колдосун; Аалам атасы Көкө-Теңир колдосун; ашуусу бийик тоо атасы Дабан колдосун; мал атасы Кайберен колдосун; күтүүсүз бүлүк салган көчкүдөн сактасын; жалындап күйгөн өрттөн сактасын; капыстан келген жоодон сактасын; агымы катуу селден сактасын; күбүр сөздөн, каардуу кандын касабасынан сактасын; кор азаптан, жол азабынан сактасын; айтканыңар элге  эле эм болсун; зоболоңор кандар менен тең болсун; эл арасы бейкут болсун; оозуңарга алганыңар чындык болсун; дитиңер келген оюңар ишке ашсын; элди бузганды жер көчкү бассын; жайытыңар жайлуу болсун, өрүшүңөрдү мал бассын; бала-чакаңар жөндүү болсун, кыз-кыркыныңар эптүү, көрктүү  болсун; үйүңөрдөн ырыскы - даам өксүбөсүн, кап-куржунуңар бөксөрбөсүн; быйылкыдай кыштын жутунан сактасын; үйүңөр жыртык болбосун, үзүк, туурдугуңардын өңү өчпөсүн; очогуңардын оту өчпөсүн; дасмалыңардан аш кетпесин; аял испеттүүнүн чачы кыркылбасын; элиңерге даанышманыңар баш болсун… Алла-таала менден жашты ( жүз онго чыккан дешет), өнүп-өскөн башты аяган жок (Карга ата он эки уулдуу болуптур). Менден бата сурагандар көп эле болду, бирок жашты эч ким сурай элек эле. Тилекмат балам жаш сурады, ага жашымды бердим, укум-тукуму өссүн деп тилек кылдым», - дептир. Батасынын бири төп болуп, Тилекмат аке он сегиз уулдуу болгон экен.

Батасынын бири Сарт акеге ооп, ал токсондон жүзгө таяп көз жумган экен. Анын тукуму Ыйман 116 жашка чыгып кайтыш болушу да Карга акенин батасынын шарапатынан улам болсо керек.

Сарт аке менен Тилекмат аке кыш алааматына карабай, Карга акенин касиетин сыйлап барып бата алышы, көзү барында көрүшүп, коштошуп калышы эмне деген ызаат, эмне деген касиет, кандай үлгү, кандай ынтымак.

Акелер барып  ызаат кылып, батасын алган Карга аке кандай касиеттүү адам!

* * *

Карга калыстыкты туугандар арасында да катуу кармаган экен. Атасы Мендегул өлгөндөн кийин мал Байкишиде калат. Бир туугандары мал бөлүшөлү деп келишет. Карга каршы чыгат: «Эки инибизди үйлөнтөлү, анан мал бөлүшөлү. Тиги үйлөнө элек Ногой менен Сүйөргө күйөр биз болбосок, ким болот? Экөө өзүнчө түндүк көтөрүп, түтүн булатсын, катардан калбасын. Антпесек, алар кийин мүңкүрөп киши колун карап калса, кеби сыртында болгону менен, кеги ичинде калат: Алар үйлөнмөйүн мал бөлүнбөйт», - деп бүтүм кылат.

Ошентип, Ногойду Байкиши, Сүйөрдү Карга аке үйлөнтүшүп, анан Карганын калыстыгы менен мал бөлүшкөн экен.

* * *

Карга акенин он уулу болуп, түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк болсо да, мал орток көрүнөт. «Атанын малы» деп асырашчу экен.

Бир жылы Адыл уулу Атбашыны жайлап-кыштап, малын күтүрөтүп айдап келген көрүнөт. Малды көрүп «атам көңүлү тоюп кубанаар» деп ойлогон Адыл: - Мал туягы түгөл, төл да жакшы болду, ата, - дейт.

- Казаның тердеген эмес экен, ээ, балам, - деп басып кетиптир Карга аке.

Жаныбек уулу сыртты жайлап-кыштап, эки төөгө сылай жүк жүктөп келет.

- Аа, Куудалы, мунуң эмне? - дейт Карга аке.

- Ата, ал-жай, кышы союп жеген малдын териси, - дегенде, Карга акенин жүзү нурданып, кубанып:

- Малдын ээси эми табылыптыр, - деген экен.

Ошол эле Жаныбек малын Атбашынын сыртына кыштаткан жылы кыйын жут болуп, бала-чакасы тумоолоп, арып-азып келишкен экен. Кабагы бүркөө келген Жаныбекти көрүп:

- Балам, эмне кабагың бүркөө? - дейт.

- Жут кыйын болду. Мал өлдү. Бала-бакыра бүт ооруду. Мал арык, кыштан чыкканы калды, - десе:

- Э, балам, ошого да санааркачубу? Өлүп көбөйгөн мал берсин, ооруп айыккан жан берсин. Көтөрүм көк тиштесе, көч алдын бербейт. Арыгы тоюнаар, тоюнганы союлаар. Малды кудай жегенге жараткан, сөздү кудай дегенге жараткан. Баш аман экен, ошого тобо да, балам. Мал ачуу - жан ачуу болбо. Берешен - жоомарттын казаны тердеп турат, ниет-

пейили «кел» деп турат. Ниети түз, бычагы курч болот. Табылса бирди союп, табылбаса «экини» (боозун) сойгондон тартынбайт.

Сараң бар болсо да куу казан болот, ниети тар, оозун куу чөп менен аарчып, «жок» деген сөзү даяр, бирөөгө бергенге аяр. Башы саранга катып калган жумуру, алганга маш, бергенге кас келет. Адамдын ажатын ачпаган, өзүм дегенде жатпаган, арамын ичке сактаган, сыры катылуу, саламы сатылуу болот. Сараңды санга кошуп деле кереги жок.

Адам адам менен бактылуу. Бирөөгө жакшылык жасаган адам өз бактысын, өз адамдыгын сезет. Жакшылык жанды жеңилдетет. Жакшылык жасаган адам жаман болбойт. Жакшылык бирде болбосо, бирде жанбай койбойт.

Өмүр - өзөн-дайра экен. Бир агымдык экенбиз, экинчи агып өтпөйбүз. Өмүрдүн тамчысыбыз, мезгилдин камчысыбыз. Шумкардын өзү боло албасаң да, канаты же куйругу бол. Канаттуу канаты менен учуп, куйругу менен конот. Эриш-аркак болбой, эч иш жылбайт. Биригип иш кылган бийикке чыгат. Билген Адам чачканды бириктирет, билбеген билимсиз бириктирмек түгүл адамды боюнан алыс качырып жиниктирет. Эстүү кепке келбеген кежирди да эпке келтирет. Жылуу сөздү жыга албайт. Жылуу сөздүү болгула. Ыркырактын арты чыркырак менен бүтөт, - дептир.

* * *

Карга ата уулу Жаныбек бий болгондо айткан насааты:

«Өлбөстү кудай жасабайт, сынбасты уста жасабайт. Кылымдан артык жаш берген кудайга менин кайсы кусаматым болсун. Өмүрү ооpу дегенди билбедим, жан кыйналып жаздыкка башым тийбеди. Чыгаша чыкса, жандан чыккан жок, малдан чыкты. Бешенеме жазганды көрдүм. Он уул көрдүм. Бу - кудайдын бергени. Ата баланы биринен-бирин кем көрбөйт, тең көрөт. Ошентсе да Жаныбегим, сен бар жаным - тынч. Тизгинимди алар тири карак Куудалы агаларын араз кылбай, тууган ынтымагын туура кармаар. Тууганын эле бооруна тартып, башканы алыс көргөндүн башына булут ойнойт, бузук ойлойт. Ал алыс узабайт, үзүлгөндү улабайт, элден кеп-кеңеш сурабайт. Эл таянбаган эси жок жер таянбайбы. «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген сөздүн төркүнү бийлик адамына бийик ыйык айтылган сөз эмеспи. Калыстык кеткенде, кайгыга жеткени ошол. Тизгинди тең кармабагандан тирлик да, бирлик да бузулат. Ынтымак кеткен жерге ырыскы токтойбу!?

Жарыктык жалган дүйнөгө жан бир эле келет. Өзүңдү ашынтып, өзгөнү басынтып жашагандан жаманы жок. Кара өзгөй калкка жек

көрүндү болот. Калыс карасаң, алыс кара, санааң тынч болот. Кыңырты болгондун кыйшыгы бат эле чыгат, куу жыгачтан да жаман сынат. Жардысынтып жакырды жарга такаган жарыбайт. Жакырды жапырт колдосо, жарды да байыбайбы. Мансапка маашыр болуп, ыйманын жеп каапыр болуш бийге жарашпайт.

Ушуну эсиңе бекем түйүп кой! Карыгыча тонумду тоздурбаган, акылыман аздырбаган Алла Таалага арманым жок. А дүйнөгө да алжыбай кетсең, бу дүйнөнүн баркына жетип, кызыгын кыя албай кетесиң».

* * *

Эки аялдан он уулдуу болгон Карга ата: «О, кудай, балдарыма ырыскы берсең тең бер, бербесең, баарына кем бер», - деп айткан экен.

Калыс караган, алыс самаган акылмандын кеби! Бул сөз бир атанын эки аялынын балдарын ынтымакка чакырган ырдай туюлат, мында не деген тереңдик, не деген адамкерчилик жатат. Супатай ата: «Кийинки акыл мурун табылса, киши жинди болобу?» - деген сөз Карга атабыздан калган дегенин укканым бар эле. «Кудай берсең өзүмдөн улууга бер, кичүүгө берсең-койсоң өзү бил», - дечү экен.

Оозу шок кичүүлөрдөн бирөө: «Улууга тилек кылып, кичүүгө берсең-койсоң өзүң бил дебей, ага деле ырыскыны кошо бер дебейсизби?» - десе, Карга аке: «Аа, сөзгө түшүнбөгөн түркөй, сенден улууда болсо, чакыртпай, уялбай кирип, аңгарып-теңтерип, өз үйүндөй тамак ичип кетесиң, коногу менен кошо конок болосуң, а кичүүдө ашып-ташып турса да чакырса киресиң, чакырбаса баш бага албайсың», - дептир.

**Карга акенин баталары**

Жонгорлуу жоодон сактасын,
Жоболоңдуу доодон сактасын.
Жогуң бар болсун,
Жолуң шар болсун.
Тууганыңа туура бол,
Тутугуңа буура бол.
Тазалыкты суудан ал,
Ынтымакты туудан ал.
Кайратты элден ал,
Калбаатты жерден ал.
Кайраты кайткан кайыгар,

Карт болгон оору айыгар.
Жардынын байы бол,
Жакырдын жайы бол.
Жесирге каралаш бол,
Жетимге санаалаш бол.
Ай кетилет, жетим жетилет.
Адамдын арасында бол,
Алдаанын саппасында бол.
Караңгы түнүң ай болсун,
Калкың бай болсун.
Жаздыгыңа баш толсун.
Казаныңа аш толсун.
Тукумуңдан тукумуң кем болбосун.
Тең болсун.
Бирине бир жем болбосун.
Арка-жөлөк болушсун,
Аралаша конушсун.
Ынтымагы желимдей
Ызааты келиндей болсун.
Байдын колу чачык болсун.
Баатырдын жолу ачык болсун

* * *

Колдо кушуң болсун
Башыңа кутуң консун.
Телегейиң тегиз болсун,
Уул үйлөнүп эгиз болсун.
Жай-кышы малың семиз болсун.

* * *

Жолдо жооң болбосун,
Башта дооң болбосун.
Уулуң угумдуу,
Айтканың жугумдуу болсун!
Түндүгүң түшпөсүн,
Тууганың түтпөсүн, ырыскың бүтпөсүн,
Керегең бек болсун,

Кебиң эп болсун.
Уулга кубат берсин,
Келинге уят берсин.
Барк-баалуу баш берсин,
Бак дөөлөттүү жаш берсин.
Ирегең майлуу болсун.
Ишиң жайлуу болсун.
Өлүп көбөйгөн мал берсин,
Ооруп айыккан жан берсин.
Малыңа мал кошулсун.
Жаныңа жан кошулсун,
Тузуңду ак санаган татсын.
Кара санаган пейлинен тапсын.

* * *

Кудай бергиси келсе - баласы бар,
Жапкысы - келсе жалаасы бар.
Жоо күсөсөң жонгоргo чабарсың,
Жан күсөсөң Манжылыга барарсың,
Менден эмес - кудайдан,
Оолак кылсын убайдан.
Кудай баш берсин.
Башына кошо бак берсин,

* * *

Узун өмүр жаш берсин,
Жоо каптаса жоюлаар,
Жоо да бир күн союлаар,
Өрт каптаса өчүгөр,
Эсен болсун көтүңөр…

* * *

Дарт каарын тарткан дарыя болот,
Ооруп айыккан олуя болот.
Жакшы жүрүп жашы жеткен карыя болот.
Сапаты жок саны барды чал дейт.

Абышканы катардагы бар дейт,
Көпкөнүн көк сакал дейт,
Кадырманын карыя дейт,
Акылын аккан дарыя дейт.

* * *

Эп чырагы эне болот,
Кыз жакшысы кыроо болот.
Уул жакшысы урмат болот.
Сыр жакшысы курдаш болот.
Айлаш катын мундаш болот,
Алда бербес туубас болот,
алганы жакшы болсо да куу баш болот.
Кудай курутпасын, берерин унутпасын!

* * *

Түндүгүндөн түтүнүң буласын,
Тукумуңду тукумуң уласын.
Кызың арлуу болсун,
Кыйышпас жарлуу болсун.
Барган жеринде барктуу болсун,
Акыл тутуп, нарктуу болсун.
Абысындардын башы болсун,
Берекелүү ашы болсун.
Төрөтүн төп берсин,
Төлүн көп берсин.
Алганы кашында болсун,
Балдарынын башында болсун.
Тең арып, тең карысын,
Кудай колдоп, кызыр даарысын: - деп бата берген экен кызына бата сурап барган келинге.

«Карга аке Жуукуну жактырып, азыркы Даркан айылын байырлоону көздөгөн экен: «Конуш алса малга жай, тоосу жакын, суусу мол, түзөңү данга мол болчу даркан талаа жер тура. Мындай даркан жер турганда жер тандап тентиреген текеберлик болбойбу. Бул даркан жер - дабалуу жер, даркандан чыкпагыла, конуштап ээлеп, сарттардай там салып ыктагыла», - деген экен Карга аке, - дечү санжырачы Садык аксакал.

Мен окумал адам өңдөнүп:

- Даркан деген монголдун «уста» деген сөзүнөн турбайбы. Монголияда да Дархан деген өнөр жайлуу шаары бар. Калмактан калган ат экен деп да жүрүшпөйбү? - десем, ал киши кызаңдап:

- Калмак-салмак, монгол-сонголу жок эле Карга аке «даркан жер», «даркан талаа», «кең талаа» деп айтканынан улам эле Даркан аталып калган. Эмне эле Даркан деп кыргыз айткандай айтпай, Дархан деп айтып, жазып жүргөнүңөр ошондон улам турбайбы. Кой, мунуңар осолдук. Жердин да дарканы бар, адамдын да дарканы бар. Карга аке «Даркан» койгон аттын калети жок. Даркан дегиле, Дархан деп «х» лабай эле койгула. Кыргызды хыргыз десең жарашабы? - деп кагынып койду эле. Садык карыя: «Карга атамдын көзү түшкөн жер. А киши: «Ысык-Көлдөй көл болобу, Жуукудай жер болобу? Даркан талаа данга бай, жайылса малга жай», - деп ушул жерди тандаган эмеспи. Даркандын дайын жайы ушундай. Аны тантырап, ары жак, бери жактан издеп эмне кыласыңар, - деп бакылдап калчу.

Ырас эле Даркан деп да, Дархан деп да эки башка жазылып, бирок эл Даркан деп эле айтып жүрчү. Дархан десе, башкача угулуп, сырттан кирген сөздөй туюлар эле. Эмнеси болсо да, айлыбыздын аты эң жакшы коюлган. Атына заты төп келген айыл.

Талаасы даркан жер экен,
Туш тарабы кең экен.
Тоосу жакын, малга жай,
Толуп турган берекең, - жер тандап,
Ысык-Көлдөй көл болобу,
Жуукудай жер болобу,
Ушул жерди конуштап, байырлагыла балдарым, - дептир Карга аке.

* * *

Жибек жолу өткөн кадимки Жууку стратегиялык мааниси бар жер болгон көрүнбөйбү. Бул Даркан талаага атабыздын көзү көрөгөчтүк менен түшкөн мал-жанга жайлуу жерди урук-тууган, урпактар ээлик кылсын деп көсөмдүк кылган. Бекеринен хан Боронбай Жуукуну жердеген эмес. Айтылуу олуя акын Арстанбектин сөөгү Жуукунун боюна коюлган.

Казак окумуштуусу Чокон Валиханов да Боронбайдын мейманы болуп, Кытайга Жууку аркылуу өткөн. Карга атанын урпактарынан да укумчул адамдар чыккан.

1916-жылдагы Үркүндө орус аскерлеринин огунан аман калгандар Кытайга качып барышат. Кача албай калгандары тоону, токойду паанала-шат. Орозобек бий окко учат. Апаат-алаамат, кууратан элди куюндай айдайт. Ошондо деле бай, жардысы бар. Аттуу-баштуулар качып, унаасы жогу жан далбас кылып жашырынып тоо-токойду байырлашып, Көлдө калат.

Текесте турганда Толукбай Супатайды көлдүн дайынын билип келүүгө жашыруун жиберет. «Орустун огунан сак бол, күндүз жашынып, түнү жүр. Кайра келгенде жарыя кылбай, жабык кел», - дейт.

Супатай жигит кези экен. Жараган ат минип, түн жамынып, жылдыз ме-нен жол багытын алат. Көлгө келип, андагылардын дайынын билип Текеске кайтат.

Уйгур, казак, кыргызы болуп дөңдө Толукбайды көрүп, Супатай да бир балаа болдубу деп үрөйү учуп чочулап барат. Толукбай Супатай сырды бурк эттирип алабы деп, алдын-ала озунуп, жай суроо берет:

- И, барып келдиңби?

- Келдим.

- Кандай экен?

- Бирди ичкен дың аман, экини ичкен элдир-селдир аман, үчтү ичкен зыпты аман, - дейт Супатай.

- О, кокуй күн, дөөрүктөр бүт кырылып калган турбайбы, соолгон күн! - деп, көзүн сүртүптүр Толукбай.

Бир аяк ичкени - жугу бар, топуктуулар, экини ичкендер - андан жок-сузураактар, үч аяк ичкендер - топуксуз, жоксуз, чыт курсак, томаяк бечa-ралар тура. Карганын тукумдары болгон ушул эки адамдын табышмактуу сүйлөшкөнүндө да касиеттүү Карга атанын кандайдыр даражада канынан оошкон сөзүнүн илеби калган сыяктанат.

Карга атанын укум-тукумдары да калган эл-журттан айырмаланбай жа-шап келатышат. Эл көргөндү көрүп, көптүн арасында, көчтүн карасында, барда көппөй, жокто чөкпөй басмырт, баамчыл, көтөрүмчүл жашаган ту-умдарыбыз бар. Карга атабыздан калган «Ынтымак» керээзи азыркы жаш-тарыбызга чейин келаткан чоң ырыскы. Айрыкча, арадан чыгым чыкканда жапа тырмак туруп, жеңилди жерден, оорду колддон алып кеткен улан-кыз-дарыбызга, келиндерибизге урматтан башка айтар эмне кеп болсун.

* * *

Тургузулган эстелик - Карга атанын урпактарынын ынтымагынан, атанын арбагын сыйлап, ага таазим кылуудан жаралган эстелик.

Дарканда Карга атадан өткөн даңазалуу адам жок. Ал Кудай сүйгөн

куттуу адам экен. Эски көл кыргызы «касиеттүү Карга аке» деп жапырт билген, сыйлаган. Өз заманынын Көлдөгү жалгыз гана акеси дал Карга аке болгон. Ошол касиеттүү адамдан кийин кут жыроологон Сарт, Мойт, Сабыр, Кыдыр, Тилекмат, Карачтарды Көл кыргызы урмат, ызаат кылып атына аке деген сөздү кошуп айтып калышкан.

Карга аке тукумдарынан бийликке аралашкандары - Совет кезинде чыккан кадрлардан Алышбай Кулматов. Ал согуш академиясын бүтүрүп, Ленинград военкомунда иштеген, полковник, согушта курман болгон. Асаналы Толукбаев айтылуу жазуучулар Жусуп, Мукай, Молдогазылар менен Түптөгү Монастрда, андан кийин Ленинграддагы финансы техникумунда окуп, финансист, узак жылдар өз колхозунда башкарманын председатели, Жогорку Советтин депутаты, көп орден, медалдардын ээси болгон.

Ар кайсы жылдарда Абдымамбет Эркинбаев, Жумабай Курманов, Абдыбата Баймуратовдор колхоз башкармасынын төрагалары болуп эмгектенишкен беделдүү, кадырман адамдар болушкан. Жаштардан колхоз башкармасынын председатели болуп Эсенгул Толукбаев, Үсөнакун Берикбаевдер иштешкен.

Карга тукумдарында санжырачы Садык, чоң мүнүшкөрлөр Данапия, Дүйшөн, Муса, колунан көөрү төгүлгөн Эркинбай, Үсөн, биз көрүп калган Шадыбек, Курманаалы, Маткерим, Маамыт, Абдыкадыр, Талып, Жумаалы, Элебес, Акмат, Берикбай, Супатай, Болгонбай, Ыйсан карылар карылык касиети менен калдайып жүргөнү бизге өзүнчө бир кереметтей туюлуп, алардын жүргөн жүрүмү, сүйлөгөн сөздөрү бизге өрнөк эле. Ошолордун баары Карга атасын байырлап, тууган жердин топурак кучагында түбөлүк уйкуда жатышат. Ылайым жакшы адамдардын өзү жок болсо да урпактарынан элге кызмат кылган, өзүнө да, өзгөгө да пайдалуу улан-кыздары өсө берсин.

* * *

Айтылуу адамдардын тарых таржымалын көркөм чыгармага айлантып, доордун учуру менен чагылдырып берүү оңой-олтоң иш эмес. Бул жаатта Турат Касымовдун «Боронбай жана Төрөтай» (Бишкек - 2006) аттуу көлөмдүү романы өзгөчө орунда турат. Аталган чыгармада Көл кыргызынын көсөм башчысы Боронбайдын элинин эркиндиги, тынчтыгы, теңчилиги үчүн жасаган айла-амал аракеттери, бийлер менен болгон мамилелери көркөм баяндалат. Ошондуктан аларга бийдин акылмандыгы, калыстыгы, келечекти көрө билгендиги автор тарабынан чебер чечмеленген.

Көлдүн жети акесин илимий тема кылып алып, архивди аңтарып, санжыраны пайдаланып, ден соолугун да аябай, ишинин өтөөсүнө чыгууга өжөрлүк менен эмгектенип, китептерин улам чыгарып жаткан Кашымбек Асанбековдун эмгегин да белгилебей кое албайбыз.

Көп жылдар бою Даркан айылынын башкармасы болгон, айылдын адамдарын ийне-жибине чейин билген Абылай Сатылкановдун «Бул - менин айылым, Даркан талаам», («Карга Аке» басма үйү, 2010) аттуу Даркандагы Туума тукумдарын жазган баалуу этнографиялык эмгегин белгилөөгө болот. Абылай Сатылгановдун кең-кесири берген адилеттүү, калыс маалыматтары, уруктардын таралышы жаштар түгүл чоңдордун да өз тектерин билүүгө кызыктуу материал болуп саналат. Бул эмгекте Көлдөгү акелердин улуусу Карга аке тукумдарынын таралышына да таасын баа берилип, ар кимисинин ак эмгеги ачык көрсөтүлгөн. Абылайдын аталган эмгеги үчүн бүткүл Даркан эли ыраазы болууга тийиш.

Атаганат, өз айылын таза да, жаза да билген Абылай Сатылкановдой аракетчил азаматтар алгылыктуу китеп жазышса, тарых алдында да, эл алдында да келечек муундар үчүн эң сонун иш кылган болор эле.

* * *

Ар бир акенин элине, жерине кылган ченемсиз иштери, урпактар үчүн калтырган үлгүлөрү баа жеткис казына.

2006-жылы Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясы уюштурган улуттук дөөлөт, руханий мурас - улуу кыргыз көчүнүн II-жүрүшү болгон «Ойчул, акын Арстанбек, Калыгул жана Ысык-Көлдүн эл кишиси атыккан даанышман Акелери» кароо-сынагында акелердин мурастарын эл арасына кеңири жайылтуу, чыгармаларын даңазалоо максатында жазылган «Даанышмандар» аттуу чыгармам «Баш байгени» жана I-даражадагы дипломду алууга татыктуу болгон.

# ДААНЫШМАНДАР

Дөңгөлөгү чимирилет тарыхтын,
Бирдей эмес тийиши да жарыктын.
Тирүүлүктө көргөн күнү ар башка,
Бардар менен жону жука карыптын.

Эр деген эр кай заманда болсо да,
Көтөрүмчүл бөксөрсө да, толсо да.
Адилеттик акыр табат өз ордун,
Кара жерге канча катып койсо да.

Акылмандар эл талабын сүйлөгөн,
Бекеринен бейпайланып күйбөгөн.
Эл деп жашап, эл деп согуп жүрөгү,
Өрттөй жанып өтүп кеткен дүйнөдөн.

Акылмандар тап күрөшү кезинде,
Бай катары айыпталды сезимде.
Бирок алар эгемендик келгиче,
Жашап жүрдү  элдин гана эсинде.

Айкөлдөрдөн чокуп кабар беремин,
Билесиңер сыйбай турган себебин.
Чоң-чоң дастан керек чыны аларга,
Ачыш үчүн таржымалын, тереңин.

Бириңди өйдө, бириң төмөн дебеймин,
Ар кимиңди туу чокуга теңеймин.
Таазим кылып сыйлабасам силерди,
Акылмандар, андан башка не деймин?

Силерсиңер элдин муңун муңдаган,
Кысталышта, кыйындыкка муңбаган.
Жаратканга жан бересе башынан,
Адам барбы акка моюн сунбаган!?

Кезегинде аттарыңар аталбай,
Ысмыңарды кыйналганбыз каталбай.

Эми минтип эгемендүү болгону,
Жүрбөйбүзбү жерге-сууга баталбай.

Арстанбек, Калыгулду жектедик,
Чочуладык чогуулардан четтедик.
Калыс сөздү калыс айтыш керек го,
Коркуп-үркүп кадырына жетпедик.

Жети акебиз - жети тоосу жергенин,
Жетик айткан Алла деске бергенин.
Жыйып-терип алуу керек бул күндө,
Жерге дагы калтырбастан бир кебин.

Аркы-берки деген болбойт арбакка,
Антүү менен ким жетмекчи ардакка?!
Куйтуларга кудай өзү тараза,
Сурак берер барганында ары жакка.

Башымды ийем арбагы ыйык аталар,
Арбагыңар болбосо экен кападар.
Кечиримдүү болорсуңар, а балким,
Жазганымдан кокус кетсе каталар.

**КАЛЫГУЛ**
**(1785-1855)**

Сөзү сыйкыр ташка тамга баскандай,
Таамай тийген дал бутага аткандай.
Алдын билип келе турган заманды,
Ачык айткан аралашып жаткандай.

Көрө билип жакшы менен жаманды,
Салт өзгөрүп, нени башка саларды.
Кайгы тартып, капаланып сезиптир,
Кай тараптан урчу добул, шамалды.

Жергебизде кандай шумдук болорун,
Кысылганда кыргыз кайда конорун.

Ачык айтып, ак сүйлөптүр а киши,
Ким бөксөрүп, кимдин кандай толорун.

Эл пейили эмне менен бүтөөрүн,
Ыза бычшып, ырыс качып түтөөрүн.
Журт бузулуп каада-салттан ажырап,
Ары жакта акыр заман күтөөрүн.

Бузуларын элдин пейил-санаасын,
Ажыраарын ата, бала арасын.
Айткандары айтканындай келгенге,
Жака кармап азыр да таң каласың.

Жигиттен ар, кыздан уят кетерин,
Кыскартарын кымырылбай этегин.
Толгон иштин ток этерин топко айткан,
Пейил кетип акыр түпкө жетерин.

Уй - пул, кул - бий, тоонун токол болгонун,
Талаа - токой, токол билип толмогун.
Аяккы - баш, а баш адам пас чыгып,
Акылмандын аныктады болжолун.

Тегиз жерден жүргөн жокпу тегирмен?
Тексиз жерден кан чыкты го семирген.
Кагаз тыйын, кармаш жыйын чыкты го,
Сен чабалсың, мен кыйынмын дедирген.

Аял болду эрин жерди караткан,
Напси бузуп өзгө эркекти самашкан.
«Эркек көп» деп Калыгул бий айткандай,
Чыкты кыздар кол үзүшкөн адаттан.

Көсөм, укмуш көлгө айтылган сөздөрү,
Кылым жылды мурда көзү көргөнү.
Чечен дагы, даанышман да, улуу адам,
Башка тура акылманда сөз жөнү.

«Ысык-Көл - бейиштин эшиги,
Суу сайын нарын табак эти бар.
Жай болуп катыра ысыгы жок,
Кыш болуп кашкая суугу жок.

Ат жеткен жерде мындан артык кызыгы жок,
Мактанып жерге жетээрби,
Адам мындан кетээрби?
Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар!»

Эмне деген асыл сөздөр - керемет,
Жан дүйнөңө кут-ырыскы себелеп...
Ала-Тоо да, кең Ысык-Көл келберсийт,
Таазим кылам башымды ийип чөгөлөп.

Адеп жанга терме, санат ырлары,
Терметилет жүрөгүңдүн кылдары.
Калыгул да, баш көтөрдү кайрадан,
Артта калып запкы көргөн жылдары.

## АРСТАНБЕК
## (1840-1882)

Арстанбек, даабай турам жазганга,
Мен жердеги, сен акынсың асманда.
Кантип тартам келбетиңди келтирип,
Сыры туюк жан экенсиң ачканга.

Асыл адам акындардын пирисиң,
Арасында арбактуусу, ирисиң.
Бакыт болду баштагысы басылбай,
Эл-журтуңдун энчисине киришиң.

Жан экенсиң жандан башка жаралган,
Артык туулуп, алга кеткен замандан.
Кудурет, ай, суудай аккан ырларың,
Суктандырып кандай укмуш таралган!

Сөздүн гүлүн сендей иргеп ким табат,
Ким өзүндөй өткүр, чебер айта алат.
Кыргыз эне Арстанбек акынды,
Дагы төрөп берээр бекен кайталап.

Келиштирип сөздөн курган мунара,
Оролгондой сыйкыр менен дубага.
Каран заман, канча ырларың какшаган,
Кагаз көрбөй калкып кетти абага.

Ырларыңдын калганына канагат,
Кыргыз барда кылымдарга бара алат.
Ур-токмоктун заманында өзүңдү
Албадыкпы өтө жаман жаралап.

Эми келди элибизге эркиндик,
Ал келгиче канча жолу мертиндик.
Көрөөр күнүң, ичээр сууң бүтпөсө,
Өтө берет көрүнбөйбү көр тирлик.

Жанды жеген Кокондуктун кордугу,
Баштан ашкан балакеттин зордугу.
Мүңкүрөтүп мүлжүп элди бүтүргөн,
Сан жетпеген салыгынын молдугу.

Кыргызыңды кыңк эттирбей бийлеген,
Теңине албай, тери кылып ийлеген.
Ошолордун опузасы, кесири,
Камчы болуп кимге гана тийбеген.

Иш жасашкан адамзатка сыйбаган,
Абийирсиздик аракетин тыйбаган.
Бейпил жаткан берекелүү эл-журттан,
Чыркыратып кыздан салык жыйнаган.

Кайгы тартып ата-энелер какшаган,
Үмүт кылбай бир кудайдан башкадан.
Эрлер мындай кордуктарга тик турган,
«Артык, - дешип, - учуп өлүү аскадан».

Тайлак баатыр кокондорун талкалап,
Ал өлчөмдө келгис кылган калкалап.
Амал менен ууга өлтүрүп Тайлакты,
Максатына жеткен күлүп чалкалап.

Байтик баатыр Рахматулла каапырды,
Сый кылмакка айылына чакырды.
Качканында кууп жетип артынан,
Кара жанын оо дүйнөгө ашырды.

Кокондуктан дардаңдашып даң салып,
Каада күткөн чеп курушуп там салып.
Куттуу жерди арам аяк басканда,
Карсылдашкан кан төгүлүп, чаң салып.

Кыргыз бийин көргөн алар кулундай,
Каалагандай калчап турган пулундай.
Салыктарын кечиктирсе кичине,
Айдап кеткен ордосуна куюндай.

Буйлаш баштап он төрт киши ордого,
Айдатылган азап кылып кордоого.
Арстанбек туура он алты жашында,
Арттан барган аталарын коргоого.

Өрт экен да жүрөгүндө оту бар,
Эмне деген алаамат жол чочулаар.
Кыйыктаса кыркып коймок баланы,
Ак селделүү, ала чапан, сопулар.

Ордодо ырдап таң калтырган баарысын,
Сөздүн таап сөөлөттүүсүн, калысын.
Барымтадан бошотуптур кайрадан,
Аталардын алып берип намысын.

Жаккандыктан акындыгы даткага,
Алып алат ыраа көрбөй башкага.
Беттешкенин бүк түшүрүп бүт жеңип,
Атак-даңкы чыга түшөт аскага.

Чыгаан экен улуу сөзгө, комузга,
Урматташат кут түшкөндөй конушка.
Кезегинде түндүк, түштүк кыргыздан,
Жан болбоптур ага катар коюшка.

Не керемет беш жүздөй күү черткени,
Бир өзүнө сыйган тура күү кени.
Аттиң, азыр Арстанбек болгондо,
Чарк айланып алмак экен дүйнөнү.

Арстанбек кыйын кезде жашаган,
Уруу урушу бирин-бири матаган.
Кан төгүшүп Бугу менен Сарбагыш,
Кырғызда жок жоруктарды жасаган.

Журтка дайын болгон менен атагы,
Куруп кетсин Ормон, Балбай чатагы.
Орто жерде эл кырылып, эзилип,
Бекер гана тартып калды жапааны.

Төрөгелди колго түшкөн чабышта,
Кыйын жумуш андайда аман калыш да.
Атасы бир Бугу менен Сарбагыш,
Жаман атты болуп калды тарыхта.

Төрөгелди көк букага теңделип,
Көрбөгөндү көрөт бадал чер келип.
Сынган бутун: - Кандай баатыр? - деп коюп,
Кезек-кезек бурайт баатыр шерденип.

Бир кулагын кесип алып чунайтып,
Балбайды Ормон орго тыккан муңайтып.
Балбай дагы Ормон колго түшкөндө,
Табарсыгын жара сайган булайтып.

Элге тийип эрегиштин кесири,
Иштер кылган оңбогондой тетири.
Бейкүнөөдөн эрлер өлүп чабышта,
Боздоп калган жетимдери, жесири.

Арстанбек көргөндөрүн көргөндөй,
Ашкерелеп, жектеп ырдайт өлгөндөй.
Айыгышкан эки тарап токтойбу,
Атаганат, жорук гана көнгөндөй.

Ошондогу азап-тозок кыргынды,
Ойдон кеткис, унутулгус ыр кылды.
Ынтымаксыз ырыс кача турганын,
Келечекки тукумдарга сыр кылды.

Арстанбек замананы зарлаган,
Эл деп күйүп, элге жанын арнаган.
Кайран журтка кабыргасы кайышып,
Какшагандан канаттары талбаган.

Таасын айткан терс жактарын, зордугун,
Чоңдорунун калкка кылган кордугун.
Салт-санааңды бузуп тартип орнотуп,
Кыңк эттирбес, былк эттирбес тордугун.

Айтышарга акын беттеп чыкпаган,
Өмүрүндө бир да акын жыкпаган.
Баатыр ырчы Солтобой да кадырлап,
Улуу акындын канатына ыктаган.

Чоң Чоңдуну, Каңтарбайды каңтарган,
Айтышкандын жан дүйнөсүн аңтарган.
Жаалданып кеткенинде сел болуп,
Кара нөшөр, добул болуп чаң салган.

Каркырага издеп келип Жеңижок,
Бекеринен сындан өткөн жери жок.
Арстанбек бата берип, сын берип,
«Акын, - деген, - айтышарга теңи жок».

Боронбайды боздоп кошуп узаткан,
Ким кутулган өлүм деген тузактан.
Пайгамбарбы, олуябы, заабабы,
О дедирбей, о дүйнөгө кулаткан.

Арстанбек Даркан, Чычкан жайлаган,
Заманынын казанына кайнаган.
Кеңеш кезде кепке алынбай улуу акын,
Эл-журтуна эми келди кайрадан.

Ысык-Көлдүн Жуукусунда кабыры,
Замананын далай тийген жабыры.
Өзү тыптынч өрдө көшүп, а бирок,
Өтө терең элде жатат тамыры.

## КАРГА АКЕ
## (1718-1828)

Касиети, калыстыгы Карганын,
Эмдигиче эли сыйлайт арбагын.
Аңыз кылат кудай сүйгөн пенде деп,
Узак жашап жүз он жашка барганын.

Жан кейитип көргөн жуңгар заманын,
Кыргын салып, калмак кылган залалын.
Түштүк жакка түрө качкан кайран эл,
Аргасы жок жандын тилеп аманын.

«Калмактын камчысы кайрылбасын,
Калкым Көлдөн айрылбасын», -
Деп зарлаган акылман,
Тууган жерди туу тутууга чакырган.

Жоо сүрүлүп көлгө кайта келишкен,
Үй тигишип, үзүр көргөн жеңиштен.
Ата-баба арбагына сыйынып,
Канча адамдар кара жанын беришкен.

Тынч турганда: «Эми жоодон бошондук»,
Кытай кысып, баш көтөргөн кокондук.
Уруулар да кагылышып токтобой,
Өкүм сүргөн башаламан, бош оздук.

Карга баштап бийлер бүтүм кылышкан,
Келечекке жүзүн түзүк бурушкан.
«Журттун башы башчысы жок болбойт», - деп,
Боронбайды башчы кылып тынышкан.

А Карга аке калыс карап абалга:
«Аз элдерге дайым керек жан арга.
Кокон - кордук, Кытай - кыйноо кыргызга,
Ойлонолу, - дептир, - айла табарга…

Ыкташалы ыраактагы оруска,
Калка болоор кырсыктардан корушка.
Көп кечикпей, кайрылалы кат менен,
Балким, тынчтык орноп калар конушка».

Бийлер колдоп келген ушул чечимге,
Ал кат турат азыр китеп бетинде.
Көсөмдүгүн көрсөтүптүр жарыктык,
Бир жүз алты жашка келген кезинде.

Так жазылган «Мендегулов Карга» деп,
Кайрылышкан эл-жер үчүн арга деп.
Кудай ага акыл-эсти бериптир,
Калыстыкты көз өткүчө карма деп.

Сөздөрүнүн тереңине батасың,
Касиетин кайда алпарып катасың?!
Жүз он жашта Карга акеден Тилекмат,
Сарт аке экөө алып кайткан батасын.

Жөн кишиге бул эки аке келеби?
Карга аке да жөнгө бата береби?
Улуу адамдын улуулугун эскерип,
Урпактары урмат баасын берели.

## МОЙТ АКЕ
## (1745-1840)

Мойт Акенин касиети керемет,
Мындай адам бир кылымда бир келет.
Бул жашоодо кимдин кандай экени,
Эмгегинен, эс-акылдан иргелет.

Мезгил узап өткөн сайын мерчеми,
Мыкты болсоң, көкөлөтөт эл сени.
Көсөмдөрү көрүп турат алдыны,
Эмне күтүп, эл эмнени эңседи.

А бул адам - даанышман да акылман,
Баар тапкан алыстан да жакындан.
Алдын ала туюп турган келүүчү
Заманыңды мезгил кууган закымдан.

Сыйкыры бар сынчы да экен, мүнүшкөр,
Көз алдынан өткөн чыгаан күлүктөр.
Мойт Акенин акылынан токтоптур,
Кокусунан чыкчу далай бүлүктөр.

Айыктырган кеселдердин нечени,
Жүгүртүптүр баспай жүргөн бечелин.
Кантип билди бул шыпаагер адамдар
Сыркоолорго эмне таасир этерин.

Алдан билип кимдин канча жашаарын,
Кандай жашап, кандай жолду басаарын,
Ачык айтып коюучу экен жарыктык,
Бүкмөлөбөй бүтө турган сапарын.

Укмуш экен мүнүшкөрлүк өнөрү,
Оңой бекен кыраан тапка көнөрү.
Табын таап, сырын билген жандарга,
Куштун ырас кубанычка бөлөрү.

Кайран кесип калып барат бу күндө,
Бирок андан үмүт кылгын, түңүлбө.
Мыкты салтың жандандырып кайрадан,
Өзгө элдерге белимчидей жүгүнбө.

Кылчаялы, артка да абай карайлы,
Убакытка уттурганбыз далайды.
Кылым каткан кыпындарды чогултуп,
Баба баркын барктаганга жарайлы.

## САРТ АКЕ
## (1775-1865)

Улуу сөздөр урпактарга эм экен,
Акыл таалим алтын менен тең экен.
Азыр өзүң канча чыгаан болсоң да,
Баба алдында бүтпөйт сенин бересең.

Абалтадан акылмандын аты өлбөйт,
Арамдарды калк кадырлап көтөрбөйт.
Алла-таалам жерди ойлогон себептүү,
Асманынан ак жамгыры нөшөрлөйт.

Акылманды артык кылган кудайым,
Эстүү сөздүн эли көрөт убайын.
Кыяматтан кызыр чалган кишилер,
Көтөрүлбөй жашап өткөн муңайым.

Ырас, бүгүн билимдүүбүз, бийикпиз,
Билим үчүн бышыппыз да, күйүппүз.
Канча бакыт кармалса да башыңда,
Өмүр түбү өтпөйт тура күйүтсүз.

Улуулардан уланышат нускалар,
Кайда илгерки кара сөзгө усталар?!
Кадыры өтүп, калк ичинде айтылып,
Караңгыга кайткыс сапар учту алар.

Арт жактарда канча заман калды да,
Эч ким билбейт канча заман алдыда.
Марттык кылып жан жараткан кудурет,
Кайтып алат бечараны, канды да.

Бизге чейин канчалардын көзү өткөн,
Кутулбайбыз биз да ошо кезектен.
Акылдуудан арт жагында сөз калат,
Ардактайбыз ошол гана себептен.

Жер жаратып, жер кымтыды эченди,
Тандабады олуяны, бечелди.
Өзүн алып, сөзүн тирүү койду да,
Таңдайынан чаң чыгарган чеченди.

Жазсамбы деп даабай жүрдүм далайга,
Сезим менен селт эттирип: ...«абайла».
Айтар сөздү айталбасаң бу күндө,
Абийириңе, атагыңа жарайбы, аа!

Кат билбеген акылмандар кечөөгү,
Калк ишине кайрат күчүн төшөдү.
Бул жалгандан адам эмес асманда,
Анык тура күйгөн жылдыз өчөрү.

Ар замандын өз-өзүнчө үнү бар,
Ичер суусу, көрө турган күнү бар.
Жаратканың жашоо, тирлик берген соң,
Жан бүткөндүн аркалаган жүгү бар.

Өчтү далай акылмандын кептери,
Бири жетсе, бири бизге жетпеди.
Кечөө күнкү тап күрөшү доорунда,
Бай аттуунун баарын түгөл жектеди.

Кыйгач карап, кыңырылбай өткөнгө,
Кээси үйрөндү эскилерди сөккөнгө.
Шыкак болуп, шымаланып кириштик,
Маашырланып мартабабыз чөккөнгө.

Чочуладык ата-текти аташтан,
Бий тукумун бийик жарга маташкан.
Башыбыздан өттү далай мезгилдер,
Түйүндөрү түйдөктөлүп чаташкан.

Эч айтылбай аттуу-баштуу адамдар,
Кепке алышты кээ бир чабал, жамандар.
Өйдө-ылдыйы, оң-солубу, айтору,
Оош-кыйыш өтөт тура замандар.

Сарт Аке да акелердин бири экен,
Айлакер да, анык тыпкыч киши экен.
Арт жагына сөз калтырган адамдар,
Соолбой дайым сөөлөтү артык тирүү экен.

Сарт акенин түп насили теледен,
Андан бери өттү мезгил не деген.
Атомдордун заманына жеттик да,
Ата-баба кармап жүргөн жебеден.

Төлөс, дөөлөс алтай. Кыргыз уруусу,
Кенен тура кара жердин булуңу.
Кыргыз кайда бүлүнүп, сүрүлбөгөн,
Кимге айтасың ичиңдеги муңуңу.

Дөөлөс уулу болгон экен Толуман,
Толумандын иши чыгып оңунан.
Тогуз уул, бир кыз тапкан турбайбы,
Тукум өнүп ошолордун онунан.

Жалгыз кызын хан Шырдакбек алыптыр,
Өмүрүнүн кызыгына каныптыр.
Аялдардын аты-жөнү билинбей,
Боз жоргосу эл эсинде калыптыр.

Тогуз уулу аттары уйкаш: Хан Мурат,
Урумкашка, Малакашка, Баймурат,
Чулумкашка, Барат менен Эшмурат.

А Толуман Чулумкашка баласын,
Аралатып далай жердин калаасын.
Алсейитке жөнөтүптүр жашыруун,
Санга бөлүп, бирок ичте санаасын.

Бирге өстүрүп Жамангулга, Бапага,
Эч кактырбай башка бала-чакага.
Үйлөндүрүп Чокту төрө кызына,
Бул атасы болгон тирек, асаба.

Төрө кызы Токтокан дейт ысымы,
Ага өтпөгөн куу турмуштун кысымы.
Ал төрөгө: Кармыш, Булбул, Зумбулду,
Абышканын түзүк чыгып бычымы.

А Зумбулдан жалгыз уулу Мендеке,
Мендекеден Жаный, Кудаш, Барактар.
Кудашынан Жолуке да, Байболот
Бири-бирине арка, жөлөк, канаттар.

Байболоттон жалгыз уулу Доскулу,
Доскулудан Чоңбай, Сартбай, Майлыбай.
Сартбайыбыз - а кадимки Сарт аке,
Арасынан артып түшкөн айныбай.

Төрөлүптүр Сартбай Нарын тарапта,
Көчмөн кыргыз көчүп жүрмөй адат да.
Ая туяктуу жылкы деген жаныбар
Көөнөрбөгөн, көрүнбөгөн канат да.

Бала кезде көл башында болушкан,
Чалкыган жер, чардап, тандап конушкан.
Бирок кыргыз чет жакадан баары бир,
Эли-жерин эч кынтыксыз корушкан.

Бирок, бирок… тең туугандар чабышкан,
Бири-бирине жоктон кыйкым табышкан.
Бир ата уулу Бугу менен Сарыбагыш,
Кан төгүшүп, сөөк өч болуп калышкан.

Журт башында башчылардын кылыгын,
Калайык-калк кайдан билет былыгын.
Карсылдашып кан төгүлгөн учурлар
Кыргыз санын кыркып салган тымызын.

Бирин актап, да бир жагын жактабайм,
Бирин бастап, да бир жагын даңктабайм.
Эрегишсе эки тууган - эссиздик,
Кан төгүүнү кандай болсо мактабайм.

Ынтымакта жетмек экен жер элге,
Ырк кеткени эң бир жаман жөрөлгө.
Басташкандын түбү барып такалат,
Тыптынч жаткан калк кабылып эрөөлгө.

Дал ушундай кыйын кезек убакта,
Калк башына кайгы түшүп турат да.
Журт арасын жуурулушуп коюуга,
Акыл гана алып келет муратка.

Кутулууга кутургандай азаптан,
Арга издешкен коңшу турган казактан.
Жолун тапкан Сарт, Тилекмат акелер,
Кан төгүлүп кайталанчу касаптан.

Сарт акенин айткандары нуска экен,
Узун эмес, таамай экен, кыска экен.
Калк ичинде калыстыгын айтарга,
Ченеми жок чечен экен, уста экен.

Аттиң, чиркин! Кат билбеген себептүү,
Канча сөзү кошо кетти керектүү.
Жыйып-терип калкка берчү чоң парыз,
Журтка сиңип калган сөзүн даректүү.

Мен жазбаймын жоктон барды жобурап,
Аке дайнын Акеш жазды жол улап.
Бир азырак эпизодун жай гана
Айтып койдум анча-мынча кобурап.

Сартбай дайны бала кезден билинген,
Зиректиги журт эсине илинген.
Он үчүндө айып тартар агасын
Алып чыккан акараттуу иримден.

Бала Сартбай он үч жашка келгенде,
Али дайны билине элек эл-жерге.
Каза болду Миңбай деген агасы,
Укуругун ажал салбайт кимдерге.

Доскулудан Чоңбай, Миңбай, Сарт тура,
Өз жесирин баш байлатуу шарт тура.
Өлгөн өлүп, артта калган жесирге
Бу да өзүнчө андан ашкан дарт тура.

Чоңбай улуу, Миңбай - анын иниси,
Сартбай бала - эки аганын кенжеси.
А Миңбайдан калган эки жесирди,
Түшүнүктүү төркүнүнө бербеси.

Улуу жесир кепке тартты токолду:
- Өлгөн өлдү, эми өлгөндүн жок орду.
Акебизге башыбызды байлашат,
Сезип турам түбү бир иш болорду.

Акем деле акыл-эси чамалуу,
А жеңебиз чатак киши жалаалуу.
Батып кетиш оңой-олтоң иш эмес.
Экөөбүздөй жесирлерге балалуу.

Эрте-кечпи ортобузда чыр чыгат,
Жеңе бизге жеме оодарат, кырсыгат.
Жаш болсо да баарыбызга каралап,
Жанагы уул акыл-эстүү тың чыгат.

Башыбызды дал ошого байлайлы,
Экөөбүз тең убададан танбайлы.
- Ага турса, ини алган салт кайда, - деп,
Акебизди кокус шайтан сайбайбы?

- Ага секет, эч кабатыр болбогун,
Андан көрө арты жагын ойлогун.
Молдо келип нике кыйса иш бүттү,
Ким чыгарат шарыяттын ойронун?!

Токолу да акыл сөзгө уюду,
Жаш баланы кандай болот муютуу?
Ар кимине мүшкүл салып турат да,
Ач өлүмдүн албуут бороон, куюну.

- Бала болот, байкайт, баарын түшүнөт,
Эртең эле жигит болот күч үрөп.
Башыбызга бакыт конуп, бейкапар,
Бала-чака, мал-баш өсөт күтүрөп.

Ылдамдайлы, кечиктирбей бүгүндөн,
Ыраак болсун бизди самап жүгүргөн.
Кичинекей кайнибизден башкадан,
Миңбай көзү жумулган соң түңүлгөн.

Экөө ошентип, чакыртышты молдону,
Ал деле бир пенде эмеспи колдогу.
Нике кыйып эки аялды балага,
Түн жамынып кайтып кетти олжолуу.

Сөз катылып жатчу беле мындайда,
Жебеленип жеткен экен Чоңбайга:
- Мен турганда бели чыкпай бешиктен...
Бир сыр кылам унутулгус Сартбайга.

Эч кабарсыз Сартбай кетип бараткан,
Добуш чыгат Чоңбай үйү тараптан:
- Жашабагыр, эки катын алгыдай,
Кубатыңды кудай кантип жараткан? -

Деди дагы жыгач жонгон ийдини,
Сартбайга урду тийбедиби, тийдиби.
Мурун учун кесип алып түшүптүр,
Чоңбай ага күйгөн жокпу, күйдүбү.

Сартбай келсе бети-башы канжалап,
Билип жеңе жаны кейип каржалат.
- Кокуй, - деди, - мурун учу канакей,
Ырысыбыз куураган бейм куржалак.

Кескен жерден жеңе таап дал учун,
Жабыштырат жаап кытай дарысын.
Бий муну угуп жазалоого Миңбайды,
Көрсөткүсү келет адил, калысын.

Ал чакыртып Сартбайды да, Чоңбайды,
Тогуз айып салат - тигээ чоң кайгы.
Он үчтөгү бала токтоо кеп салат,
Ким көрүптүр калыстыкта мындайды:

- Бийим, билдик түз экенин көзүңдүн,
Өөнү болсо кечиресиз сөзүмдүн.
Кимди айыптап жатасыз сиз? Мурунду
Кестирген да, кескен дагы өзүммүн -

Дептир дагы өзү басып чатакты,
Өзү тапкан даңазаны, атакты.
Жигит болуп Сартбай аты калды да,
Эл ичине «аке!» болду атактуу.

Сарт акени кадырлашкан жаш, кары,
Сылык-сыпаа, үлгү тура басканы.
А кишиге сөз сүйлөөдөн көркчө,
Артыгыраак экен угуу башканы.

Уюп угуп, башкалардын акылын,
Өз ичинен талдап көрүп жашыруун.
«Балдар, муну мындай кылсак кантет?» - деп,
Көрөгөчтүк кылуучу экен акырын.

- Сартбай, Сартбай, алгандары жеңелер,
Баары баш-көз балдарына эгедер.
Кыз алса да оюнда жок экөөнүн,
Кызыгына батып алган немелер.

Ойлорунда болсо керек болжолу,
Кыз болжошот бугулардын чоңдору.
Сартбай бирок бай сулууга көз артбай,
Көтөрүнүп бирине да болбоду.

Өзү көрүп жоон-жолпу бир кызды,
Көңүл кушун дал ушуга тургузду.
- Сарт акебиз алжып калган экен да,
Алып албай Айдай сулуу нур кызды.

- Ээ, жигиттер, байлык колдун кири го,
Сулуу деле көп аялдын бири го.
Тукум тууп бергендери чынында,
Орто заар болгон менен ири го.

Томояк кыз беш уул, эки кыз табат,
Эрте учурат бирин ажал кысталак.
Бирөө тартат дал өзүмдү бечара,
Ал да өмүрү болот өтө кыскараак.

Калган үчөө болот элдин ортосу,
Таман акы, маңдай терден олжосу.
Кенен тасмал, өсүп-өнөт тукумдар,
Өз алдынча кызыр болуп жолдошу.

Кызга үйлөнөт, ал төрөптүр беш бала,
Ырас чыгат олуялык иш гана.
Таң каласың табышмактуу нерсеге,
Эч айныбай чыккандыгын эске ала.

Селкинчектен учуп өлөт наристе,
Экинчиси аралашып жаңы ишке
Келатканда, көз тийиптир айткандай,
Анын сырын бизге кайда билишке.

Жети-Өгүздүн Ак-Дөбөдө үч уулдан
Укум-тукум тарагандар ушундан.
Дөөлөстөрдөн дөөлөттүүлөр көп чыкты,
Уясынан улан, кызын учурган.

Санжыраны ырга айлантып терендеп,
Жеңил-желпи карагым жок белен деп.
Бул китептен окуп билип алгыла,
Кайталабайм турган үчүн кенен кеп.

Жаштарга үлгү акылмандар санаты,
Улуу сөздөр - урпактардын канаты.
Кыйындарын кыяматтан сыйлаган
Кыргыздардын кымбат туткан адаты.

Арзан эмес «акыл ээси» аталмак,
Акыл тузун тапкан гана тата алмак.
Сыйлагыла улуулардын арбагын,
Башта бакыт турса дагы катарлап.

## ТИЛЕКМАТ АКЕ
## (1800-1868)

О, Тилекмат, сырын билип эчендин,
Казанында кайнап чыккан чечендин,
Мына минтип келип калды акыры,
Сенин дагы кадырыңа жетер күн.

Бугу менен Сарыбагыштын чатагы
Калың элге үйгөн кайгы-капаны.
Кыйындыктан, кысталыштан жол тапкан
Дайын журтка Тилекматтын атагы.

Оңго буруп кара добул шамалын,
Оңой тапкан Тезек төрө амалын.
Билген үчүн казак калыс болгондо,
Кырылышкан кыргыз тынчып каларын.

Кокондуктун баса кирип этегин,
Арылаткан Ысык-Көлгө жетегин.
Мөөрүн алып, кадыр күтүп, сый күтүп,
Көрүп кайткан журтка тиер кеселин.

Элчиликте андан ашкан ким болгон,
Пир тутканы жетик акыл, тил болгон.
Артык туулган асылзаада бул адам
Эл-журтунун беделине нур болгон.

Сарт, Тилекмат көлдүн кезип жакасын,
Алган экен Карга акенин батасын.
Улууларын урмат менен сыйлаган,
Каада-салтын кайда алпарып катасың?

Улуулардын улуулугу ушунда,
Улуумун деп төш кагышпайт тушунда.
Канча мезгил өткөн менен кез болот,
Эрте-кечпи бааланууучу учурга.

Булар өзү кудай сүйгөн пенделер,
Бу дүйнөгө ким келер да, ким кетер.
Акылмандар анда-санда жаралып,
Каркыралар турушпайбы бир келер.

**САДЫР АКЕ**
**(1821-1905)**

Садыр аке өткүр экен, өрт экен,
Сөзү өзүнө куп жарашкан көрк экен.
Калыстыгы кара кылды как жарып,
А чындыкты ыйыгындай көрчү экен.

Тартынбаган олуядан, заабадан,
Аны беттеп бир да пенде даабаган.
Айткандары аңыз болуп оң, солго,
Бүт ардактап асылындай баалаган.

Жалтактаган ошол кездин чоңдору,
Ал беттесе - сөздөн сынып оңбоду.
Бөйпөктөшүп калуучу экен ийменип,
Кудум гана бөдөнөдөй тордогу.

Шабдан баштап, Баякесин качырган,
А Чокону чок баскандай катырган.
Касиетин Чоко баалап Садырдын,
«Бата берип койсоңуз?» - деп асылган.

Айткандары айтканындай келиптир,
Аалам ага өткүр тилди бериптир.
Кайран киши кадыр таап сөзүнөн,
Айкөлдүгү Көлүнө окшоп кеңиптир.

А кишиге такат берер ким болгон?
Тууралыкка тийип турган Күн болгон.
Ага асылып, жалаа жапкан пенденин,
Көрөр күнү Айсыз кара түн болгон.

Дайын болгон кыргыз түгүл казакка,
Баш ийишкен калбас үчүн мазакка.
Кимди болсо курч сөзүнүн кубаты,
Заматта илип алуучу экен тузакка.

Заманынын даңазалуу кыраанды,
Арбагына атап таазим кылалы.
Садыр аке жаны болуп жаннатта,
Көктөй берсин көсөмдүктүн чынары.

## КАРАЧ АКЕ
## (1837-1914)

Карач аке тике беттеп келчү экен,
Калыстыкты кара жандай көрчү экен.
Тартынбаган тазалыгы дилинин,
Өз доорунун өрнөк тутар көркү экен.

Эл намысын эрдик менен коргогон,
Каршылыктар кайсы иштерде болбогон.
Жолун таап адилдикке жетелеп,
Ээликкенди эби менен оңдогон.

«Сен капкайдан, мен Каңгайдан» дегени,
Урганга окшойт как жүрөккө жебени.
Санжырада а бул сөздүн төркүнү,
Билгендерге дайын турат себеби.

Карыш жылбай калыстыктан кылайган,
Алыс болгон бузукулук ылайдан.
Кандан, бектен эч тартынбай бир гана,
Тобо кылып, корккон экен Кудайдан.

Ал Кытайда жүргөнүндө алыста,
Анын уулун болуш кылып алышка,
Бир топтору жүргөн экен бүлүнүп,
Күлүктөрдөй түшүп алган жарышка.

Карач келип: - «Болбойт такыр мунуңар,
Жүзүңөрдү бөлөк жакка буруңар.
Менин уулум көтөрө албайт эл жүгүн,
Байзак гана болуш болоор жөнү бар», -

Деп айтыптыр өзү бүтүм чыгарып,
Адилеттик чындык менен чыңалып.
Эрдин эри элегинен турмуштун,
Дал ушинтип өтөт тура сыналып.

Карач аке чындыгында эр экен,
Учурунун көкжалы экен, шери экен.
Эл эсинде жашап жүрө бермекчи,
Турганында ата-журту, эли эсен.

## КЫДЫР АКЕ
## (1843-1926)

Кыдыр аке орус, кыргыз сыйлаган,
Даңазасы дайын журтка кыйладан.
Байлык, атак, башка нерсе кыйнабай,
Келечекки эл тагдыры кыйнаган.

Элди ойлогон, эл деп тынчын кетирген,
Кыя өтпөгөн жармач жетим-жесирден.
Улуу туруп ушунчалык жөнөкөй,
Оолак болгон текеберлик, кесирден.

Тынчтык издеп орустарга кол созгон,
Жамандыктан арачалап жол тозгон.
«Орус эли аттын түгү болгондо,
Кыргыз - аттын кашкасы», - деп томсоргон.

Арга канча калка издеген орустан,
Сонун-сорпо жерлер берип конуштан.
Он алтынчы жыл болгуча, кантсе да,
Ымалалуу, ынтымактуу болушкан.

Катышкан дейт падышалык Думага,
Ким баш ийбейт калыстыкка, туурага.
А бул өзү чоң урмат-сый эмеспи,
Жөн-жай адам отурабы Думада.

Падышага жолборс тартып белекке,
Шарапаты жарап берген керекке.
Бейпилчилик турган кезде эл-журтта,
Байлык артып, болот тура береке.

Калыс, айкөл, чоң көрөгөч даанышман,
Өлбөс-өчпөс орун алды тарыхтан.
«Жетөө болсо, бирөө - Кыдыр», - дешчү эле,
Кыдыр болду кызырлыгын тааныткан.

Кыдыр аке комузга маш болуптур,
Күүчүлөрдүн купулуна толуптур.
Мерчеминен ары узатып отуруп,
Мезгил, бирок, унуткарып коюптур.

Анда Ыбырай улан экен ышкындай,
Ыр, күү артынан сая түшүп иш кылбай.
Кыдыр Аке: «Ыр ырдаба, күү черткин, -
Дептир, - бекер комузуңа күч кылбай».

Кечээ кыргыз чыгаандарын чектедик,
Унут кылып, кадырына жетпедик.
Эгемендик тийген мезгил мына эми,
Алар болду түбөлүктүү эстелик.

## Казал-таберик

Жоомарт Жүзбай уулун айлыбызда «Жоомарт молдо» деп да коюшат. Кыргыз сабаттуу адамдарды «молдо» деген. Ал азыркы Даркан (Жети-Өгүз району) айылында төрөлгөн, уруусу - Желдең. Кулакка тартылган. Бул мүшкүлдүү чоң калабада карасы да, агы да капшапка кабылган эмеспи. Колубуздагы арман-казал-айдалгандагы жазылган таберик-мурас, араб арибинде. Аны ага-туугандары тумардай туу тутуп, жан адамга билдирбей катып жүрүшкөн. Жоомартка бир тууган Байтиктин уулу Бектемир араб арибин билген молдого окутуп, аны азыркы биздин алфавит менен жакында көчүрүп алыптыр. Анын кай бир сөздөрү бүдөмүк (көп эмес), кандай жазылса, ошол бойдон бердик.

Желдеңден-Түлөке-Мендегул-Карга аке-Чотон-Жүзбай - андан Жоомарт болуп келет.

Жоомарт молдо айылга өтө барктуу, ары нарктуу, туура сөздүү, дасторкону кенен, Байгазы болуш менен өтө ынак адам болгон дешет.

Бул адам дээринде акын болгон көрүнөт. Канча казалы барын Бектемир деле: «Жакшы билбейм, билгендердин көзү өтүп кетпедиби, колума тийгени эле ушул», - дейт. Балким, башка да кол жазмалары табылып калар. Ырларынын арасында айтылуу Арстанбектин саптары да жолугат. Ага караганда Жоомарт молдо анын ырлары менен тааныш болгон көрүнөт. Азыркы Саруу, Даркан айылы турган аймакты Жууку дешкен. Эки айылды жарып өткөн өзөндү да «Жуукунун суусу» дейт. «Арстанбек» (Бишкек, 1994) деген бир томдук жыйнакта: «Арстанбек көлдүн сыртын жердеген Тынымсейит уругунан чыккан Бойлош дегендин уулу. Бойлош кийин чоң ырчы чыккан Арстанбек уулу менен тескейдин Жууку, Чычканын келип жердейт» (150-бет), - деп жазылган. Арстанбектин сөөгү да Жуукуга коюлган. Боронбайдын өлөрүндө Арстанбектин коштошуп ырдаганы (1858-ж) Жуукуда болгон. Боронбай да Жуукуга коюлган. Кадимки Карга акенин да кабыры Жуукуда. Боронбай өлөрүндө: «Дыйканчылыкка көңүлө, мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла, жашоого ыңгайлуу Чычкан, Даркандан чыкпагыла, жаңы келген коңшу (орустар) менен ынтымакташып жашагыла,

башыма коргон урба, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула», - (108-бет) деп керез айткан. Улуу Арстанбек Чычкан, Дарканда жашап, бекер жерден аны:

«...Чычкан менен Даркандын,
Кудурети жетпестир,
Аны жомок кылып айткандын», - деген эмес (80-бет).

Демек Жоомарт молдонун саптарында Арстанбектин «Балыгы атты сугартпас, бакасы бала уктатпас» деген саптарынын жүрүшүнүн жөнү бар.

Балким, Жоомарт молдодо Арстанбектин казалдары да жазылгандыр, ким билет. Атаганат, Арстанбектин да ырларынан, Жоомарт молдонун да кол жазмалары табылып калса кандай керемет болот эле. Бектемир, түзүктөп иликтеп көрчү, балким, чыгып калар. Азыр эркиндик заман болбодубу. Коркуп-үркөр кез эмес.

Жоомарт молдо, Казыбек акындардын камак тагдыры окшош. Экөө тең эркиндикти, баштарынын азат болушун самап, зарлайт, өкмөттөн акыйкат күтөт. Бейкүнөө набыт болгон тагдыры татаал бечаралар, жаныңар жаннатта болсун. Алла-таала а дүйнөдө бейишин берсин. Азырынча колдо болгонун тааныштыра туралы. Кийин дагы кол жазмалар табылып калса, Жоомарт молдонун өмүрү, чыгармалары менен кеңири тааныша турган учур да болуп калар.

Жүзбай уулу Жоомарт
Жаратканга жалынды,
Миң жеринен тешилип,
Муңдуу болуп сабылды.
Кыбырлап курттар жегенде,
Катуу тартты жабырды.
Билдиремин өтүнүп,
Бир өзүңө алымды.
Кезеги менен жалгаса
Кетирерсиңер зарымды,
Алла таала кудайым,
Аман койсо жанымды,
Аман-эсен көрөмүн,
Ага-тууган баарыңды.
Айла өзүңдөн болбосо,

Кимге айтамын зарымды.
Ыскак, Жакып пайгамбар,
Издеймин сизден кадырды.
Өтүп кетти эчендер,
Өксүп-өксүп арманда,
Өзгөчө кылба шерменде.
Кыяматка барганда,
Азирет Муса пайгамбар,
Аллага өзү сүйлөшкөн,
Аллага Муса азизлигин билдирген.
Амут деген дарыяга,
Айдап барып киргизген.
Ак өлүм Муса качпаган,
Таягын сууга таштаган.
Алла-таала эгеси,
Өзү аман сактаган.
Өлтүрмөк үчүн Мусаны,
Өчүгүп каапыр каптаган.
Алты тыйын пул болуп,
Агасына кул болуп,
Айланайын атыңдан,
Азирет Жусуп сатылган.
Райым кылса зул жалал,
Кыйбарат алгын ушундан.
Жети жылы зынданда,
Жетилип андан кутулган,
Азирети Мустафа.
Абийби болгон алланын,
Ошолор да көтөргөн,
Алла-таала салганын.
Катасы болсо сөзүмдүн,
Алып салгын жалганын.
Жалдыратпай пендеңди,
Жалгыз өзүң жалгагын.
Айрылып ага-туугандар,
Аның үчүн зарладым,
Азирет Аалы балбаным.
Таржымал кылып жазамын,
Тарыхымды кыскача.

Талашкан менен эрким жок,
Тагдырдын иши башкача.
Баян кылам азыраак,
Башка келген балааны.
Айыктырып бир өзүң,
Ар кандай түрлүү жараны.
Акыйкат кылсаң ар ишти,
Артыңдан болбойт залалы.
Кудурети улук зул жалал,
Кутказып мындан алабы.
Алла-таала бошотуп,
Алагды кылбай санааны.
Өз журтуман айрылып,
Фрунзени жай кылып,
Кадыр алла жолуңдан,
Калганым барбы тайгылып?
Калк ичинде курбудан,
Каламынбы айрылып.
Кайыр кылгын кудурет,
Кандай кылам кайгырып.
Эл ичине барарбыз,
Эсен-аман кайрылып.
Калемдеги жазган иш
Кантейин алла кайгырып.
Артта калбай катардан,
Аман кайтсак сапардан.
Биз желденден тараган,
Жоомарт молдо өз атым.
Мен Жүзбайдын уулумун,
Агайым сенден айрылып.
Азизлик айтып курудум,
Эзелде тагдыр ушундай.
Артын тилеп турамын,
Алла-таала жар болуп.
Аман барып көрөмбү,
Алладан ажал кез болсо,
Арманда болуп өлөмбү.
Алтай сапар жол жүрсө,
Ардактар минер бурагым,

Алыска сапар жол тарттым,
Аман бол жалгыз чырагым.
Жети ай сапар жол жүрсө,
Жетелеп минер бурагым,
Жеткизсиз жерге мен кеттим,
Эсен бол жалгыз чырагым.
Жалгызды өзүң сактагын,
Зул жалал жалгыз аярым.
Адилеттүү султансыз.
Айыптууну өзүң тап,
Артын кудай бербесе,
Айтканым туура келбесе,
Адилдик бизге жок болсо.
Башымда калар кантейин,
Бактысыздын белгиси.
Бактым болсо көрөрмүн,
Балалык өскөн жеримди.
Кастарлуу калың көп желден,
Касиеттүү элимди.
Тура албастан козгодум.
Туулуп өскөн жеримди,
Кастарлуу калың көп желден,
Касиеттүү элимди.
Ойлоп келсем ошол жер.
Оодарат түрлүү зээнимди.
Муңайым сөздөн эриккен,
Мырзалар эчен керилген,
Көп зарланып кантейин,
Көрөрмүн деймин теңирден.
Азыр келген мен эмес,
Элинен эчен азган бар,
Эмгектүү жолду баскан бар.
Байыркы көргөн дөөлөтү,
Башынан эчен качкан бар.
Байланган жипсиз колдору,
Баксыз нечен арстан бар.
Ошо кыргыз наамынан,
Оодарылган жаңыдан.
Каракол, Нарын, Таластан,

Кармалып келген баарынан.
Салылуу сарай тамынан.
Сайылуу чынар багынан,
Сандаламын амал жок.
Ала-Тоо ашуу бел калды,
Арадан туулуп бирге өскөн,
Агайын тууган эл калды.
Санап туруп малды алды.
Салылуу сарай тамды алды.
Өкүмөттүн пулуна,
Өтүп кетип жанды алды.
Катын, бала жок калып,
Карылык тартып сандалды,
Бай-манап деп тандалып.
Бадыботко жалданып,
Жаман катын, жаш бала.
Карылык тартты сандалып,
Отун албай мал багып,
Оокат кылбай жан багып.
Орозо айтта биз кеттик,
Күнөөлүү болуп кармалып.
Кайта келсең көрөрбүз,
Кайрылып келсек айланып.
Туз буйруп мында байланып,
Туруп калсак жайланып.
Керектүү тууган бар болсоң,
Келерсиң бизге шайланып.
Кекенген душман калгандыр,
«Кетти го» - деп айдалып.
Ала-Тоо калды көрүнүп,
Ан сайын көңүл бөлүнүп.
Агайын-тууган эл калды,
Буурчактай жашы төгүлүп.
Баары коштошуп, байкуш эл калды,
Кантейин, жер кучактап боздошуп.
Кейишим тартып артыман
Келүүчүм барбы калкыман.
Талабым сенден бир кудай,
Тайдырбагын баркыман.

Ажырытсаң кудурет,
Бапа, желдең калкымдан…
Айланып туз буйрабы,
Ага-тууган жалпыңдан.
Каракол, Жууку калаа жок,
Санаа бир күлүк бири жок.
Сабылсам элдин иши жок,
Калкынан азган кишимин,
Кадырым билер киши жок.
Ала-Тоо калды алыска,
Амал жок анда барышка.
Көбүнчө салам айтамын,
Көргөн билген таанышка.
Канчалык болду ынтызар,
Калкымдан бир күн кез келет,
Кайтып элге барышка.
Ийри, түзүн ылгачы,
Ишибиз турат калыста.
Караколдон айдалдык.
Беш-алты күнү токтолуп,
Жылчыксыз пенде жок болуп.
Ара күрмө биз кеттик,
Айыпталбай сот болуп.
Параходко отурдук,
Алты-жети топ болуп.
Кечки саат ондордо,
Пароход кетти октолуп,
Көңүлгө кайгы жык толуп.
Жалгыздык башка түшкөндө,
Жанды жүрөк от болуп.
Кызыл өңүм боз болуп,
Кыйла дарттар козголуп.
Кылган кайратың үчүн,
Кыяматтык дос болуп.
Бир түн жүрүп сандалып,
Ксмеден чыктык кыйналып.
Нааразы болуп ыйладык.
Көтмалдыга келгиче,
Көздүн жашын тыйбадык.

Кылчайып артым карасам,
Көгөрүп көлүм көрүнөт,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Тегереги бийик калың бак,
Ысык-Көл сенден кеткен соң,
Темтең болгон жылкыдай,
Тегеренип дүйнө күн,
Эки көздөн кетет жаш,
Айланайын Ысык-Көл,
Адырдан аркар маараган,
Ак түздөн торгой сайраган.
Үңкүрдөн үкү талпынган,
Үстүртөн күкүк чакырган.
Сүлөөсүн ташка көлбүгөн,
Жан бүткөндүн баарысы,
Ысык-Көлдө төлдөгөн.
Айланайын Ысык-Көл,
Сен айткандай жер белең,
Жайыгында жылаан бар,
Коңулунда коен бар.
Бөксөсүндө бөрү бар,
Тоосунда кары бар.
Токоюнда сазы бар,
Ошондо жан бүткөндүн баары бар.
Таш таманы тапталган,
Таруусу кумдай акталган.
Күнгөй-тескей жер калды,
Жыргалдуу бугу эл калды.
Талаа жерде тастайып,
Тасма калды кайран жер.
Бөлөк жерде бөлтөйүп
Бөрүбаш калды кайран жер.
Орто жерде оркоюп,
Оргочор калды кайран жер.
Балыгы жылкы сугартпас,
Бакасы адам уктатпас,
Ысык-Көл калды кайран жер.
Биз ошол жерден жөнөдүк.
Араба менен калдырап,

Айнектей көзүм жалдырап.
Артыбыздан солдаттар,
Айдап келет балдырап.
Кандай болот кайып баш,
Карап туруп жалдырап.
Төрт күн жүрүп Токмокко келип түшмөк,
Буюрган жердин насиби бура тартты.
Келип калдык ошентип,
Кенен Фрунзе шаарына
Көбүнө салам айтамын
Көрүп билген баарыңа.
Айтарсың салам биз үчүн,
Ак сакалдуу карыга.
Алла-таала медет кылаар,
Пендесинин зарына.
Азиздик келип башыма.
Айтмак болдум жарыя,
Айдалып келди бир канча,
Ак сакалдуу карыя.
Кеңештердин өкүмү
Кеңчилик кылса элине,
Кеңештерден үмүт бар,
Ойноп-күлүп жүргөн жок,
Же көңүлдөн кетпейт амал жок.
Уктап бир жатсам таң атпайт,
Ого тете кеч кирбейт,
Мусаапырлык жолунда.
Убайымсыз тынч жатпай,
Уктай албай керилип.
Кандай иштер болду деп,
Кайгылуу түндөр берилип.
Кайрылып кетер күн барбы,
Карчыга куштай теминип.
Башымдагы азыркы,
Капалуу күндөр жеңилип.
Он күн жүрүп арада,
Өкүнчүлүк санаада.
Оодарылып биз кеттик,
Фрунзе деген калаага.

Каралык түшүп моюнга,
Калдык мынча жалаага.
Бактысыздык күнүмдүк,
Башка келсе калаба.
Кетирээр болсо кудайым,
Кезеги көп жака да.
Ак-караны ылгабай,
Айтып айыпталдык карага,
Кайырлуу кылсын кудайым,
Калтырды мынча санаага.
Баштан тайса дөөлөт-бак.
Башыңан калаар алтын так,
Алла ырайым кылбаса,
Алым начар ушу чак.
Кар кылбастан кудайым,
Койсо боло дени сак.
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жазоол жалал жалгыз ак.
Адилеттүү султансың,
Айыптоону өзүң тап.
Кайрадан кылсаң жазылат,
Өкүмөт айыптуу деп асылат.
Башка келген дөөлөттү
Бактысыздык качырат.
Бактың туура келгенде,
Байлыгың кайдан жашынат.
Арам эти тартканда,
Аксап көңүл басылат,
Жарашса бакты дөөлөтүн.
Баратып жолуң ачылат,
Ар кимдин сөзүн сүрөшүп,
Алып жүрсөң асырап,
Аракет үчүн мол тапсаң,
Андан мындан кашылап.
Эп көрбөсө өкүмөт,
Ээси кайда жашырат.
Алланын иши болгон соң,
Ар ким биздей чачылат.
Айдалып келдик алыска,

Агайын сенден ажырап.
Атадан туулуп өскөн жер,
Айтсак көңүл ачылат.
Ар борумун эске алып,
Айткым келди азыраак.
Эртели-кечти эстесем,
Эки көзүм чачырап.
Ушу жерден кудайым,
Кетирер бекен батырак,
Көк шиберге үй тиксе,
Көркүнө чыгып чатырап,
Күн тийгенде силкинип,
Күкүгү муңдуу чакырат.
Торгойго улап сайрашып.
Тоосунда улар бакырат.
Тоодагы түздө токтосо,
Токойдон кыргоол, коену
Козголуп качып койбосо.
Ошол өңдүү жеринен,
Өкмөт айдап козгосо.
Кудайым тилек биреби,
Бечера пенде боздосо.
Эриккен көңүл басылбайт,
Экинчи кайта кошпосо.
Айдалып жатсам калкыма,
Алдыман шамал тозбосо.
Адырдан бөрү, түлкү алган,
Аңчылар кармап мүлк алган.
Кудай кылса чара жок,
Кутулуп мындан ким калган.
Өзүмдүн ушу жеримден,
Упасыз экен шум жалган.
Алым начар медет кыл,
Азирет Аалы шер балбан.
Өзөндө булак сазы бар,
Ошондо өрдөк, казы бар.
Агала туйгун куш салып,
Атып алчу машы бар.
Алла-таала салган соң,

Ар ким биздей чачылаар.
Агайым сени эске алып
Анын үчүн кылдым зар.
Айдалып узак кетти деп,
Унутуп бизди калбагын.
Урук-тууган сен үчүн,
Ушунчалык зарладым.
Кайрат кылам ойлонуп,
Калың желдең арбагын.
Ниеттен табат ар пенде,
Аяты бар алланын
Өз пейлине жараша,
Үйдөгү элди жалгагын.
Алым начар кудурет,
Артын өзүң оңдогун.
Беттеше турган күн болсо,
Убададан танбагын.
Жууку, Чычкан атагың,
Алыста калды караанын.
Туулуп өнүп өскөн жер,
Тузуңду качан татамын.
Акырында колдой көр,
Арбагың желдең атанын.
Айланайын Ысык-Көл,
Адамдын бугун ачарым.
Самаганын алуучу,
Караколдой базарың.
Кашында турат бир көркөм
Касиеттүү мазарың.
Жарды-байың белгисиз,
Көптөн бери кыдырып,
Көрбөдүк сиздей жерди биз.
Тилесе түшкө киргизип.
Көрбөдүк андай жерди биз.
Айлана Ала-Тоо болгон,
Адыры терең коо болгон,
Эшикке чыксаң солкулдап,
Эпкини тийип калкылдап,
Кыбыладан жел болсо.

Кыймылдап чөбү былкылдап,
Ыраңы жашыл көк болгон.
Ыргалган сары чөп болгон,
Жердеп бир жүргөн элимдин,
Жегенде көөнү ток болгон.
Эстесем ушул жеримди,
Эзилип ичим чок болгон,
Кайран бир Жууку, Ысык-Көл,
Кадырың бүгүн жоктолгон.
Абдан малы куунаган,
Азаматтар дуулаган.
Адырыңдан кулжа, кийикти
Атуучу мерген улаган.
Адис мерген кез болсо.
Ажалдуу кийик сулаган,
Аркырап аккан Кашка-суу.
Адырдан аркар сулаган,
Түрлөнүп чыккан түрлүү чөп,
Түрлөнүп гүлү бураган,
Түн уйкумда ушу жер.
Түшүмө кирсе кубанам.
Эртеси көзгө көрүнбөй,
Эмгектүү менин убарам.
Ажизлердин абалын,
Аман болсо сураган,
Уругу кыргыз калкың бар.
Көрүүгө түрлүү наркы бар.
Алмач өркөч алты нар,
Жабдык салып үстүнө,
Жапса килем жаркырар.
Ойдон кетпейт ушу жер.
Ошончолук баркы бар,
Ат жабдыгы күмүштөн,
Ар болуму келишкен.
Булактаган келиндер.
Бура тартып ыргыштап,
Кымбаттуу чапан кийгени,
Кылыктуу жорго мингени.
Кыз-келиндер ыргыштап,

Кызыл-тазыл кийгени.
Суурултуп күлүк ат минип,
Суктанып жүргөн кез ушул,
Ала-Тоо калды айланаң.
Аркалап атың байлаган,
Жылжытып жылкы айдаган.
Чыңыртып кулун байлаган,
Күнгө тилин кайраган.
Күкүк муңдуу сайраган,
Көк жашыл чөп ошентип,
Көркүнө чыгып жайнаган.
Жыйрылып бир аккан суусу бар.
Жыргалдуу жерлер ушулар.
Ошондо ойноп күлгөнүм,
Ойлонсо көңүл бузулар.
Бурулуп бизге бул жерден,
Буйруп койгон туз барбы.
Кантейин Алла салганын,
Калемде жазган ушулар.
Бешенеге бүткөндө.
Бечера пенде учурар.
Күнгөй бир тескей жеринен,
Ар бир мырза керилген.
Ажыратып эркимден,
Айдап бир келген элинен,
Кең Ысык-Көл жер ошол,
Ардактуу желдең эл ошол.
Алды-артымды карасам.
Айланам турат темир тор,
Калкыма эсен кайтарга,
Кадыр алла берсе жол.
Айдалып келдим Фрунза,
Жууку, Чычкан жеримден.
Тамашалуу сөзү бар,
Жайкалып ыраң керилген,
Ар жеринди мен эстеп,
Акылым эчен бөлүнгөн.
Карагай, жайлоо, сырт жерим,
Жаннаттай болуп көрүнгөн.

Кайрылып көрөр бекенбиз,
Сактаса кудай өлүмдөн.
Жайкалган кыргоо адырың,
Санаама түштү кадырың.
Чакыр-Корум, Туюкту,
Оюмдан кетпей сагындым.
Ак терек, мазар, көлүм бар.
Кадырлуу желдең элим бар.
Арам тер чыгып айрылып,
Бар бекен сизге жолугаар.
Капаста жатам камалып,
Айлана салган тору бар.
Барскоон, Тамга, Тосордун,
Айрылып келдим ошондон.
Акыйкат өкмөт текшерип,
Далай жан кайра бошонгон.
Кош Жаргылчак жер калды.
Бапа, желдең эл калды.
Ак куулар учкан асмандан,
Артыкча Ысык-Көл калды.
Кайсы бирин айтайын,
Баары жогу тең калды.
Кош Кызыл-Суу белиң бар,
Калың дөөлөс элим бар,
Айрылып сизден биз келдик,
Жазылган тагдыр ушулар.
Жети-Өгүз, Шалба текши жер,
Санаамдан кетпейт калың эл,
Эстесем кетпейт көздөн жаш.
Жараткан жанар тилек бар,
Оргочор калды арада,
Капалык түштү санаага.
Жараткан кудай жардам бер,
Арттагы жалгыз балага.
Өмүрүңдү мен тилеп,
Аманат кылдым ааламга.
Сагындым жайык талааны,
Мен тарттым далай санааны.
Жараткан алла сактачы,

Арттагы жалгыз баланы.
Кайра көрөр бекемин,
Калың журт сенин араңды.
Айланайын Ысык-Көл,
Суусу тунук жайнаган,
Арт жагымды ойлонуп,
Ичим оттой кайнаган.
Торгою күндө чакырган,
Күкүгү муңдуу чакырган,
Тоосунда улар чакырып.
Токоюң кыргоол оттогон,
Жараткан кудай тилек бер,
Кайгылуу болду калың эл.
Тилек бер кудай артыма,
Айтайын салам калкыма.
Пайгамбар Азиз жардам бол,
Ичтеги менин дартыма.
Жалгызым менин окуса,
Атакем жазган арман деп,
Эки жашар кезинде.
Ойлогон мени кайгы жеп,
Жалгызым мени окуса.
Эл-журтка жазган салам деп,
Окуса, жазган катымды.
Чыгардым ичтен дартымды,
Кылбаска сабыр айла жок.
Сактасын алла жалгызды,
Жараткан адам атаны.
Топурактан жан кылып,
Ааламда болгон Сулайман.
Жер жүзүнө хан болуп,
Искендер падыша өтүптүр.
Жер жүзүн кезип сап кылып,
Ыбрайым бу да өткөн.
Курман кылып баласын,
Арапат тоосун кан кылып.
Азирети Илияс дагы өткөн,
Адам заттан артылып.
Мухамбет өткөн Мустафа,

Үмөтүм деп кайгырып.
Төрт ыймам өткөн жалгандан,
Диндин жолун шам кылып.
Ошолордун урматы,
Жалгызга кудай кубат бер.
Жараткан кудай жар кылып,
Жардамыңды кыл Илияс.
Эстесем агат көздөн жаш,
Капаста жатып камалып.
Кар болуп турат азиз баш,
Асан менен Кусейин.
Азирет Аалы жардам бол,
Салам кат жазып кагазга.
Ак кагазга койдум кол,
Кайгыда мен жатамын,
Кадырлуу тууган эсен бол,
Артымда калды калың эл,
Кызыр Илияс тилек бер.
Зул жалал өзүң билбесең,
Мен болдум пенде күнөкөр.
Кенедейден кошулган,
Байбичеме айтам саламды.
Сабырдан башка чара жок.
Кападар болбой жүрө көр,
Кубат берсин жалгызга.
Айткан бир сөзүм биле көр,
Салам айттым байбичем.
Амандык болсо көрүшөм,
Кападар кылба жаныңды.
Айткан бир сөздү сен билсең,
Сактасын кудай жалгызды.
Сабырлык берип жанына,
Кудайым берген кур койбой,
Кылсын деп эрмек жаныңа.
Капаста жатып буулугуп,
Салам кат жаздым барыңа,
Байбиче айттым саламды,
Сактасын жалгыз баланды.
Сабырлык кылып бел байла,

Билерсиң санаа капамды.
Жашап бир келген кезимде,
Башка бир түшкөн заманбы.
Жалганда кылар арман жок,
Бир көрсөмчү деп жүрдүм,
Селимкан жаздым салам кат.
Айтканым сизге аманат.
Сабырлык кылып кайрат кыл,
Капалык кылсаң болоор дарт,
Байбиче менен балдарды.
Аман сизге тапшырдым,
Ай, караңгы түн болоор.
Айтканым сизге сын болоор,
Ден соолук берсе жаныма.
Беш жыл экен адамга,
Беш күн деген күн болоор.
Сабырлык кылып бел байла,
Кападар болбой гүл жайна.
Байбиче менен баламды,
Кайгылуу кылбай жакшы бак.
Сыйын жалгыз кудайга,
Сабырдын түбү сары алтын,
Жалгызым менин канатым.
Жараткан кудай тилек бер,
Он сегиз миң ааламды,
Бар кылып өзүң жараттың.
Төшөктө жатып кармалдым,
Он жетинчи февраль.
Арттагы катын балага,
Агайын-тууган көзүң сал,
Амандык кылсын барыңды,
Жараткан теңим зул жалал,
Жахандын иши кыйгача,
Сөз айттым журтум бир канча.
Балдарга көзүң сала көр,
Бириңе ичиң бураса.
Мен кеттим Ташкент жерине,
Салам кат жаздым элиме.
Куданын иши амал жок,

Кайгырып Ысык-Көлүмө,
Мен кеттим алыс айдалып,
Санаамын кайгы сандалып.
Лохолтахыуз жерине.
Кандайлык экен жазгандык,
Мен кеттим алыс тарапка.
Капалап жатам камакта.
Арам тер чыгып айрылып,
Чыгарар бекен азатка.
Мен кеттим лагер жумушка,
Кез болдум мындай турмушка.
Арманым жок жалганда,
Кайрадан журтка тургузса.
Табылбай айла ажалга,
Жазылып иштер азанда,
Казасы жетти төрт адам.
Окуңуз дуба намазга,
Тапшырдым салам элиме.
Ким көмбөй салган Карим мула,
Дуба окуңуз аларга.
Ар кайсы турган жеринде,
Мамыркан кетти ажалдан.
Ким калаар журтум капкадан,
Арманда болду агайым.
Айдалып келген сапардан,
Ноорузбай кетти агабыз.
Жар болсун сизге аллаңыз,
Арманда болду калың эл,
Катын менен балаңыз.
Тагдырдын иши амал жок,
Ушундай болду чамабыз.
Иманын тилеп алладан,
Капалык кылып жазабыз.
Ага акем ажы Базарбай,
Ал киши кетти сапарга ай.
Иманың болсун саламат,
Жараткан жалгыз бир кудай,
Арманда калды калганың.
Топурак сизге сала албай,

Дуба окудук артыңан,
Кабырыңа бара албай.
Жалгандын иши жар келбес,
Көңүлдөгү санаадай.
Секетай кетти багланым,
Көтөр дос алла салганын.
Арманда болдук кайгырып,
Артыңда калган агайын.
Жазууда артык иш болбос,
Дуба кыл журтум калганым.
Бир бала калды артында,
Ушул иш болду убайым.
Каракол, Жумгал, Нарындан,
Канча агаин жатасың.
Карыптарга пайгамбар,
Берер бекен батасын.
Камактан балдар бошонуп,
Кубантар бекен атасын.
Кайрылып көрүп эл-журтун,
Чыгарар бекен капасын.
Абдыбек, Акун агалар,
Азапка бирге жатасың.
Аулиялар жар болсун,
Берер бекен батасын.
Ардактаган жаш балдар,
Көрөр бекен атасын.
Агайын көрүп эл журтун,
Арылтар бекен капасын.
Кармалган Акун, Абдыбек.
Кадырлаш эки карыя,
Кан болгон деп атасын.
Маркашты кошту жанына,
Канча жан какшап зарланат,
Карар бекен зарына.
Карыялардын бу кезде,
Соолук бер алла жанына.
Айдалып келди Нарындан,
Эркимбай, Көкүл карыя,
Акылбек, Шормат, Алжанды,

Ал үчөөнү кошту жанына,
Ар ким актан зыркырайт,
Карар бекен кубатты.
Агайым бүтүн барыңа,
Жат кылып катка жазамын.
Жараткан ысмын калкына,
Жалпыга тийген бир алла,
Жаркырап бүтүн жалпыңа.
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жаныңда жок шеригиң.
Зарлайбыз алла өзүңө,
Жазыксыз канча карыбың.
Айтып жазып көрөйүн,
Алланын исмин шарыбын.
Алла өзүң бир жалгыз,
Акылдаш жок шеригиң.
Айдай болуп жаркырап,
Асманга тийген жарыгың.
Ар убакыт тилейт өзүңдөн,
Азапта канча карыбың.
Абалы Алла жаратты,
Азирети Адам атаны.
Ага ылайым жанына,
Жупту кылдың абаны.
Адамдын баары жаралып,
Ал экөөнөн тарады.
Алардын тийип батасы,
Арылтаар бекен жараны.
Башында жалгыз жараттың,
Баш кылып Адам атаны.
Баргыча апа болсун деп,
Коштуң ага обаны.
Баары адам баласы,
Шол экөөнөн тарады.
Батасын берип азиздер,
Басаар бекен санааны.
Айтайын сөздү сыйынып,
Абалкы өткөн Калыйдан.
Азаптын түшүп отуна,

А киши чыккан жалындан.
Олуя бүтүн пайгамбар,
Тилейбиз жардам барындан.
Отчулар алар кутказып,
Ошо көргөн жабырдан.
Кагазга жазып тилеймин,
Абалкы өткөн Калыйдан.
Кармалбай чыккан киши ким
Каапырлар салган жалындан.
Кайта, кайта тилейбиз,
Канча олуя барындан.
Карыяларды куткарып,
Алаар бекен жабырдан.
Карыя кызыр пайгамбар,
Канча олуя жапалы.
Ар бир түрлүү азиздин,
Өч киши болгон аласы.
Кор болгон эмес ар убак,
Кандай бир берген батасы.
Карыяларга жар болсо,
Калбас эле капасы.
Арбын жашап жалгандан,
Улукман өткөн дүйнөдөн.
Акиретин калгын тез,
Алар отко күйбөгөн.
Аманатка карабай,
Ак марыйга сүйлөгөн.
Алар бизге жар болсун,
Айрылар элек күнөөдөн.
Кары Улукман көп жашап,
Калган жок алар дүйнөдөн.
Карабастан жалганга,
Кыямат жолун сүйлөгөн,
Касиет бар башында,
Калп сөзгө алар жүрбөгөн.
Карыялар жардам тилейбиз,
Кутказар бекен түрмөдөн.
Падыша болгон Сулайман,
Барча жандын баарына.

Барып туруп чакырса,
Бардыгы анын жанында.
Башкарып сурап аларды,
Кароочу экен алына.
Камакта жаткан пендесин,
Көз салаар бекен зарына.
Кан болгон экен ал киши,
Кай-кайсы жандын баарына.
Кашына келген барчасы,
Кайра айтпастан жанына.
Кара кыл жарган бек адам,
Кароочу экен алына.
Карып болгон бизлерди,
Карар бекен зарына.
Азизлерди бир Алла,
Артыкча жакшы караган.
Алланын кылган буйругу,
Айыптуу курттар талаган.
Ар түрлүү кысымчылыкты,
Киши көргөн жарадан.
Анар чындап көз салса,
Айрылар элек жалаадан.
Мурунку өткөн азизди,
Бир алла жакшы караган.
Бүткөн боюн айыптар,
Буйрук менен курттар талаган.
Бир түрлүү ошондой жабырдан,
О киши көргөн жарадан.
Бул акырындан көз салса,
Бошотоор эле жалаадан.
Азирети Жусупту,
Агасы орго салганы,
Атасы Жакып кайгыдан,
Азиз болуп калганы.
Абалтадан ошондой,
Паанасыз аманаттын жалганы,
Арылаар элек азаптан,
Алардын тийсе жардамы.
Карабастан Жусупту,

Карангы зындан салганы.
Кайгыга күйүп атасы,
Кароо болуп калганы.
Кайырсыз ушул дүйнөдөн,
Кимдердин болбойт арманы.
Карып болгон бизлерге
Тиер бекен жардамы.
Алланын жери аталып,
Ар убак казат жолуна,
Аалы арслан камынган.
Азирет кызыр пайгамбар,
Чыккан эмес жанынан.
Азаптап бизди бошотуп,
Алаар бекен жалындан.
Кай жердеги казатка,
Кармашып Аалы камынган.
Кай бирлери бет болсо,
Качырып арслан чамынган.
Калкалап кызыр бабабыз,
Калган эмес жанындан.
Кайгыда жатсак бизлерди,
Калкалаар бекен жалындан.
Калк тилеген жардамды,
Каусун көсөм бириндеп.
Кашыңа шайтан жолобой,
Качкан таксыр сүрүндөн.
Калкка ашкере көрүнүп,
Касиетиң билинген.
Канча жан жатат көлдө деп,
Капканга буттан илинген.
Агайым жардам тилеген,
Азирети пириңден.
Олуялар ал кезде,
Ашкере болуп билинген.
Алында шайтан жолобой,
Алибети сүрүндөн,
Агайын тилейт жардамды.
Азапка буттан илинген,
Олуялар түз жолдон,

Чыккан эмес тайгылып.
Алла бейиш жараттың,
Алар үчүн жай кылып.
Азапта жатат канча жан,
Азарланып кайгырып.
Ал кайгыдан агайын,
Бошоор бекен айрылып.
Пайгамбарлар жаман жол,
Баскан эмес тайгылып.
Бейишти алды жаратып,
Мусулманга жай кылып.
Бир канча киши туткунда
Буркурашат кайгырып.
Бул кайгыдан агайым,
Бошоор бекен айрылып.
Ал Мустафа пайгамбар,
Аллага-жакын бир өзү.
Абалын нуру жараткан,
Асыл көрүп мүнөзүн.
Алладан зарлап тилеген,
Үмөтүнүн күнөөсүн.
Азаптан бизди бошотчу,
Акырасул бир өзүң.
Биринчи достум деп айткан,
Муканбеттин бир өзүн.
Мурун кутун жараткаң,
Мунун көрүп мүнөзүн.
Бергин деп досту сураган,
Момундардын күнөөсүн.
Биз карыпты туткундан,
Бошотуучу бир өзүң.
Адамдан шейит кылдың го,
Асан менен Үсөндү.
Азиз башын көтөрүп,
Алды жезит мүчөңдү.
Аларга чыдап тура албай,
Алда канча киши өлдү.
Ал эки асыл жар болуп,
Алаар бекен кишенди.

Капырдан шейит кылдың го,
Карматып Асан-Үсөндү.
Кар кылып башын кесишип,
Кармап жүрдү мүчөндү.
Калбайбыз деп ал шейиттен,
Канчалык анда киши өлдү.
Кайгыдан алар бошотуп,
Алар бекен кишенди.
Кадимден бери караңгы,
Казак, кыргыз балдары.
Качан болсо керек деп,
Кайышып молдо кармады.
Кайырсыз ошол дүйнөдөн,
Кимдердин калбайт арманы.
Карыплыктан атанын,
Колдоор бекен арбагы.
Абалда өткөн караңгы,
Артыкча кыргыз балдары.
Амал кылбай окууга,
Асылып молдо кармады.
Ажырап молдоң айрылып,
Алардын турат арманы.
Азаптан өтөп куткарып,
Алаар бекен арбагы.
Азапка адам түшөбү,
Ак жеринен кысылып.
Ар түрлүү жаман иштерден,
Калдык эле тыйылып.
Абакта жатат канча жан,
Агынан келип жыйылып.
Улуу пайгамбарлардын,
Арбагына сыйынып.
Кайгыга адам түтөбү,
Кармалып актан кысылып.
Кадимкидей жүрүштөн,
Калдык эле тыйылып.
Камакта жатат канча жан,
Катарлашып жыйылып.
Карай көр деп атанын,

Арбагына сыйынып.
Арбагын Карга акенин
Алыма медер этемин
Алла Таалам туз буйруп,
Айлыма жетер бекенмин.

# КАРГА АКЕНИН УРПАКТАРЫ

**Карга акенин 1 – аялынан: Чотон, Адыл, Кожотай, Жаныбек, Шанияз.**

**2 – аялынан: Чекир, Чоңмурун, Дөөрүк, Козуайдар, Телкозу.**

**Чотондон – Бейбит, Чынгыш, Чыныбек, Суранчы, Жүзбай деген 5 уул.**

1. Бейбиттен тарагандар – Сөпөй, Мааткерим, Маамыт, Байсерке
1) Сөпөйдүн балдары – Жарашбай, Чолпонбай, Өмүркан, Дүйшөкө
а) Жарашбайдан – Калык, Токтобай, Белек.
Калыктан – Тилебалды, Жуку
Тилебалдыдан –Бектур, Мурат, Азат.
Мураттан – Кайрат, Адилет
Азаттан – Алмамбет
Жуукудан – Нурбек, Бакыт, Алмаз, Рустам.
б) Чолпонбайдан – Турат.
в) Өмүркандан – Турсунбай, Мукаш, Бейшебай,
Бейшебайдан – Шаршемби, Улан, Нурлан, Нурслан.
Шаршембиден – Эрнис, Калыс.
г) Дүйшөкөдөн – Турдубай.
2). Мааткеримдин балдары – Турдумамбет.
3). Маамыттын балдары – Үсөнбек, Турсун, Кабыл
а). Үсөнбектен – Канат, Бакыт.
Канаттан – Атабек, Шербек
Турсундан – Табылды, Кабыл, Абыл
Табылдыдан – Алибек
Кабылдан – Чынгыз
4). Байсеркенин балдары – Асанакун
Асанакундан – Жаки, Байзак, Кубан
Жакиден – Мирлан
1. Чотондун Чынгышынан тарагандар – Токбай.
1). Токбайдын балдары – Абдыбек, Акынбек, Сооронбай
а). Акынбектен – Эрмекбай, Асанбай,Шаршемби
Эрмекбайдан – Токтосун, Бектурган, Бекказы, Жайлообек, Эдилбек, Кадырбек
Токтосундан – Айбек, Анарбек
Бектургандан – Мелис
Бекказыдан – Канатбек
Жайлообектен – Улан

Эдилбектен – Шерик
Кадырбектен – Азизбек
Асанбайдан – Эрик
Эриктен – Адилет
б). Сооронбайдан – Асек, Абдрасул, Акжолтой
Асектен – Орозон, Айтбек, Бактыбек, Канатбек, Талантбек
Орозондон – Эрнис
Бактыбектен – Бекназар
Абдрасулдан – Урмат, Сапарбек, Кубан
Акжолтойдон – Руслан
1. Чотондун Чыныбегинен тарагандар – Баймурат.
1). Баймураттын балдары – Үмөт, Чама, Орозакун, Маамыт, Ысак, Апсамат, Абдыбата
а). Чамадан – Касым, Абдылас, Садыр, Асан.
Касымдан – Жолдошбек.
Абдыластан – Тынчыбай, Каныбек, Кайырбек, Кубаткул, Жумадыл, Азамат, Нурбек.
Тынчыбайдан – Бакыт, Бактияр.
Каныбектен – Тилек, Нурсултан.
Садырдан – Кубаныч
Кубанычтан – Жыргалбек, Жанарбек, Нурбек, Айбек, Анарбек, Искендер.
б).Маамыттан – Дүйшөнкул , Сатыгул
Дүйшөнкулдан – Догдурбай, Мелис, Акжолтой.
Догдурбайдан – Кубан, Таалай, Эркин
Акжолтойдон – Октябрь, Элдияр
Сатыгулдан – Турдугул, Кабылбек, Адылбек, Замирбек, Турусбек, Турдубек.
Турдугулдан – Альберт, Айбек
Кабылбектен – Чынгыз
Адылбектен – Руслан.
Замирбектен – Улан, Бакыт, Бакай.
Турусбектен – Камчыбек
в). Ысактан - Зарылбек, Уланбек.
Зарылбектен – Азамат, Нурлан, Болот.
Уланбектен – Бакыт.
2. Чотондун Суранчысынан тарагандар – Акмат, Байчоро, Битикен
1). Байчородон – Келди
Келдиден – Асанбек

2). Битикенден – Бейшемби
Бейшембиден – Жумаш
Жумаштан – Эсенгул, Улукбек, Марат, Манас.
Эсенгулдан –

2. Чотондун Жүзбайынан тарагандар –
Улуу аялынан – Алымбек, Сагынбек.
Кичи аялынан – Жоомарт, Муса, Байтик.

1). Алымбектен – Кулу
2). Сагынбектен – Абдырай, Абылкасым, Дүңү, Тазыке
а). Тазыкеден – Аянбай,
Аянбайдан – Марат, Адилет
3). Жоомарттын балдары – Жаамыт, Турар
а). Турардан – Турганбек, Нурбек, Нурлан, Мирлан, Айбек, Болот
Турганбектен – Арслан.
Нурбектен – Элдияр, Калысбек
Нурландан – Элеман
4). Мусанын балдары – Табалды, Асанкадыр, Үсөнкадыр, Үсөнбек, Асанбек.
а). Табалдыдан – Турсунбек, Рыскулбек, Талантбек, Аскат, Бактыбек, Майрамбек, Марс, Алмаз, Кенжебек, Замирбек.
Талантган – Алтынбек, Асылбек, Азамат, Эрмек.
б). Асанкадырдан – Толкун, Айбек, Дайырбек.
в). Үсөнкадырдан – Улан.
г). Үсөнбектен – Мирлан
д). Асанбектен – Бахтияр, Нурдин, Алишер, Адилет.
Б). Байтиктин балдары – Болотбек, Бексултан, Бектемир, Бектурган.
1). Бексултандан – Кубаныч, Тынчтык
2). Бектемирден – Алмаз, Асан, Үсөн.

**II. Адылдан – Молтой, Багыш, Арынбай деген 3 уул**

1. Адылдын Молтойунан тарагандар – Термечик, Кербен, Сарбан, Базек, Эркинбай.

1). Термечиктин балдары – Жаркынбай, Орузбай, Алдашбай, Өмүр.
а). Жаркынбайдан – Токтобек, Турдубек
Токтобектен – Усупбек, Турусбек
Усупбектен – Талантбек, Алмазбек, Мелисбек, Кутманбек, Бактияр
Алмазбектен – Темиркул

Турусбектен – Максат, Эмил, Кенемте, Майрамбек, Сүймөнкул.
Максаттан – Эсентур
Турдабектен – Аскер
Аскерден – Мурадил, Жеңиш, Максат
Мурадилден – Руслан, Дастан
б). Өмүрдөн – Мукаш
2). Кербенден – Чолпонбай
а). Чолпонбайдан – Асан
3). Сарбандан – Урманбет, Токтомамбет.
а).Урманбеттен – Үсөн, Асан, Эсен
Үсөндөн – Доскулу, Догдурбай, Кулболду, Камчыбек, Канатбек, Муратбек, Алымкул
Доскулудан – Чынгыз, Элдос
,Догдурбайдан – Алмаз.
Кулболдудан – Нурлан, Аманбек.
Камчыбектен – Мирлан.
Канатбектен – Руслан, Улан
4). Базектин балдары – Садыбакас, Асанакун
а). Садыбакастан – Качкын, Тойгонбай, Узак
Качкындан – Тилек
Тойгонбайдан – Улан
Узактан – Данил, Дамир
б). Асанакундан – Касымбек, Дүйшөнбек, Медербек, Асан, Эсен.
Касымбектен – Кубан
Дүйшөнбектен – Таалайбек, Талантбек, Нурлан
Медербектен - Аманбек, Адылбек
Асандан – Азамат, Актилек
Эсенден – Илимбек, Кубанычбек
Б). Эрдинбайдын балдары – Абдымамбет, Кадыркул, Рыскул, Кыдырмыш
а). Абдымамбеттен – Арсар, Сулайман, Алмаз
Арсардан – Кылычбек, Найзабек
Кылычбектен – Бактыбек, Адылбек
Найзабектен - ?
Сулаймандан – Кубан, Эрнис, Алайбек
Алайбектен – Айбек, Айдарбек
Намаздан – Болот.
б). Кадыркулдан – Абдразак, Абдрасул, Күмөнбай, Ишенбай, Айтбай.

Абдразактан – Болот.
Абдрасулдан – Жаныбек, Жанузак
Күмөнбайдан – Бакыт, Кайырбек
Ишенбайдан – Артур
2). Адылдын Багышынан - Муса
3). Адылдын Арынбайынан тарагандар – Дүкү.
1). Дүкүдөн – Белек.
Белектен – Талант.

**III. Кожотайдан – Атантай, Тайлак, Эркетай, Талант, Керимбай 5 уул.**

1. Атантайдан тарагандар – Уржан, Урумбет, Байымбет
1. Уржандын балдары – Бейшемби, Муса, Абдрахман.
а). Бейшембиден – Темирбек, Мукамедий
Темирбектен – Бакыт, Марат, Жеңишбек
Мукамедийден – Жанарбек, Нургазы
б). Мусадан – Каналбек, Каныбек, Карыбек, Кадырбек, Алыбек
Каналбектен – Өмүрбек, Замирбек, Шабырбек, Акылбек, Асылбек.
Өмүрбектен – Кубанычбек, Айбек
Замирбектен – Нурсултан
Шабырбектен – Мирлан
Каныбектен – Алтынбек, Темирлан, Элбай
Карыбектен – Тойчубек, Жолдошбек
Кадырбектен – Алмаз, Нурлан, Таалайбек
Алыбектен – Азамат.
в). Абдракмандан – Садырбек, Сабырбек
Садырбектен – Мирлан, Нурдин, Муслим, Урустам
Мирландан – Актилек
Сабырбектен – Улан, Кубан .
2. Урумбеттин балдары – Курман
а). Курмандан – Жумабай
Жумабайдан – Эсенбек
Эсенбектен – Рысбек, Турусбек, Туратбек
Турусбектен – Кубан
3. Тайлактан тарагандар - Жалгап, Бөлөкбай, Берикбай
1. Жалгаптан – Өмүракун, Мусакун.
2. Берикбайдан – Жумадыл, Жумагул, Ишенбай
а). Жумагулдан – Асангазы, Үсөнакун, Талант, Болот.
Асангазыдан – Канат, Жеңишбек, Адилет, Азим

Үсөнакундан – Марс
Таланттан – Айдар
б). Ишенбайдан – Асанакун, Аскар, Үсөнбек, Сагынтай, Алымбек
Асанакундан – Эрмек, Чубак
Эрмектен – Сыргак
Үсөнбектен – Сагынбек, Мирлан, Амантур
Сагынтайдан – Алымкул, Алмаз, Алтынбек
Алымбектен – Эркинбек, Эдилбек
3. Эркетайдан тарагандар - Жайыкбай
1. Жайыкбайдан – Казы, Жакиш, Чөдөн.
а). Чөдөндөн – Желдеңбай, Бектурган.
Бектургандан – Руслан
4. Телтайдан тарагандар – Дуулат, Орозобай.
1. Дуулаттан – Токтомуш, Асанаалы.
а). Асанаалыдан – Бакыт
5. Керимбайдан тарагандар – Абдракман, Талып, Абдрай
1. Талыптын балдары – Кемелидин, Жумалидин.
а). Кемелидинден – Кубат, Бакыт, Аскар, Азат, Кенжебек
Кубаттан – Эрлан, Айбек
Бакыттын – Эржан, Бекжан
Аскардан – Керим
б). Жумалидинден – Сапарбек, Нурбек, Улукбек,
Авазбек, Азатбек,
Улукбектен – Актилек.

**IV. Жаныбектен – Берик, Тынай, Рамат, Кулмат, Амандык, Супатай 5 уул**.

1. Жаныбектин Беригинен тарагандар – Алжан, Кулжан, Байжан, Алай.
1). Алжандын балдары – Абдыкалык.
а). Абдыкалыктан – Ишенбек, Мукаш, Жакшылык
Ишенбектен – Кыдыкбек, Сыдыкбек, Баатырбек
Кыдыкбектен – Таалайбек, Атай, Азамат, Эрмек
Сыдыкбектен – Айтбек
Баатырбектен – Айбек, Эркинбек
Мукаштан – Бакытбек, Анарбек, Нурбек
2. Кулжандын балдары – Чолум, Акун, Жамаш, Кадыр
а). Чолумдан – Тынчы
Тынчыдан – Эркин
б). Акундун 1- аялынан – Канимет, Борбодой, Молдогазы, Асанкалый, Уркалый

2 -аялынан – Догдурбай, Ургазы, Асан.
Каныметтен – Болот, Жумабек, Турат, Рысбек
Борбодойдон – Жумадыл, Орозон, Кылыч, Алмаз, Аваз, Абай.
Орозондон – Данияр
Молдогазыдан – Бакаш
Асанкалыйдан – Кубат, Урмат, Исмат
Уркалыйдан – Эрик, Мелис
Догдурбайдан – 4 уул
Ургазыдан 1 уул
3. Байжандан – Турпанбай, Шаршеке
4. Алайдан – Амазакун.
Амазакундан – Токтомуш
2. Жаныбектин Тынайынан тарагандар - Кеңешбай, Толукбай, Болукбай, Болгонбай, Корголдой.
1. Кеңешбайдын балдары – Жума
2. Толукбайдын балдары – Жакып, Асанаалы, Асанбек
а). Жакыптан – Эсенгул, Карыбек, Каныбек, Калысбек
Эсенгулдан – Улан, Урмат
Карыбектен – Азамат, Саламат, Самат.
Калысбектен – Майрамбек, Алтынбек, Жакшылык, Шерик.
б). Асанаалыдан – Үсөнбек, Эсенгелди.
Үсөнбектен – Капазбек, Төлөсүн, Турусбек, Сыргак
Капазбектен – Бакыт, Таалай.
Төлөсүндөн – Данияр, Бактияр.
Турусбектен – Айбек
Сыргактан – Сейтек
Эсенгелдиден – Эрнис
3. Болукбайдын балдары – Муканбет
а). Муканбеттен – Өмүрбек, Өмүракун, Өмүраалы, Кадырбек, Талант.
Өмүрбектен – Мирлан, Калыбек
Өмүракундан – Азат.
Өмүраалыдан – Нурбек, Эрлан
3. Жаныбектин Раматынан тарагандар – Козубек, Шадыбек
1). Козубектин балдары. – Дүйшөн, Абдылда, Бейшен
а). Дүйшөндөн – Акадил
2). Шадыбектин балдары – Жумабай, Кайбылда
а). Кайбылдадан – Токторбек, Дарканбек
Токторбектен – Бактыбек, Мырзабек, Адылбек, Садырбек, Замирбек, Аскарбек

Бактыбектен – Улан
Мырзабектен – Эркин, Эрлан
Дарканбектен – Талант, Марат, Мурат.

4. Жаныбектин Кулматынан тарагандар -

1 – аялынан – Малай, Тагай, Бокбасар
2 – аялынан – Дыйканбай, Ишенбай, Алышбай.

1). Малайдан тарагандар - Мамбет, Сасы, Жумаалы, Дүйшөнаалы.

А). Мамбеттен – Кудайберген, Калыбай, Кенжебай
Калыбайдан – Алмаз, Нурбек, Акжолтой
Алмаздан – Кубат
Акжолтойдон – Кайрат
Кенжебайдан – Нурлан, Улан,

Б). Сасыдан – Чоюн, Кадыш
Чоюндан – Жапар, Капар
Жапардан – Азиз
Капардан – Данияр
Кадыштан – Дайырбек, Жеңишбек, Эрмек
Дайырбектен – Кубаныч, Бактыбек

В) Жумаалыдан – Турсунбек, Турдубек, Турганбек, Турарбек, Каныбек
Турсунбектен – Жаныбек, Аваз, Иляз.
Турдубектен – Искендер, Темирлан, Нурлан
Турарбектен – Сейит, Талант
Каныбектен – Аман

Г). Дүйшөнаалыдан – Жолоочу, Жоломан
Жолоочудан – Бакыт, Рустам.
Жоломандан – Адилет, Азамат.

2). Тагайдын балдары – Дүйшөбай, Сопу

а). Сопудан – Зарылбек, Зарыпбек
Зарылбектен – Оболбек, Мырзабек, Аскарбек, Алтынбек
Оболбектен – Нурдин, Мирлан, Эрлан, Эржан, Эрмек
Мырзабектен – Нурлан, Нуржан
Аскарбектен – Жоомарт
Зарыпбектен – Эрнис, Бектен, Бактияр

3). Дыйканбайдын балдары – Замир

а). Замирден – Анарбек, Мунарбек, Алымбек, Адылбек

5. Жаныбектин Амандыгынан тарагандар – Акмат, Жакып, Исан.

1. Акматтын балдары – Токтосун, Шаршемби.

а). Шаршембиден – Черик, Талантбек, Алмазбек, Авазбек

Чериктен – Азамат.
Талантбектен – Максат, Айбек
Алмазбектен – Турат.
Авазбектен – Нурбек, Бактыбек, Нурадил.

2. Жакыптын балдары – Шонур
3. Исандын балдары – Дөөлөс, Жолдош.

а). Дөөлөстөн – Канатбек, Сабырбек, Жаныбек, Кубатбек, Акылбек, Маратбек

Канатбектен – Руслан, Мирлан
Сабырбектен – Сейитбек
Жаныбектен – Кутман, Темирлан
Жолдоштон – Атабек, Эркебек
Атабектен – Айдар

6. Жаныбектин Супатайынан тарагандар – Абдылда

1). Абдылданын балдары – Токон, Урмат.

а). Токондон – Марат.
б). Урматтан – Саламат, Санжар.

**V. Шанияздан – Мураке, Олжобай, Өмүрзак, Айчеке, Кооман – 5 уул**

1. Шанияздын Муракесинен тарагандар – Орозобек

1). Орозобектин балдары – Дөөталы, Абдыкадыр, Калык, Бугубай.

А). Дөөталынын – 1 – аялынан Урдөөлөт
2 – аялынан Султан, Ыдырыс.

Урдөөлөттөн – Кайыпбай, Сагдылда, Бектур, Эсентур
Кайыпбайдан – Тыныбек, Таалайбек, Төлөгөн, Талант.
Тыныбектен – Калысбек
Сагдылдадан – Канат, Каныбек, Намаз, Улан, Азат, Кудайберген
Бектурдан – Нурлан, Мирлан, Нурбек, Айбек
Эсентурдан – Эмил, Адилет.
Султандан - Мүсүраалы, Муратаалы
Мүсүраалыдан – Таалайбек, Кубанычбек
Кубанычбектен – Өмүрбек
Таалайбектен – Темирлан, Баян
Муратаалыдан – Максат, Бакыт, Урмат
Бакыттан – Данияр, Байэл
Урматтан – Умарали
Ыдырыстан – Жумаш, Имаш

Жумаштан – Тилек, Тимур, Азамат
Имаштан – Алтынбек, Асылбек, Азизбек
б). Абдыкадырдан – Түлөбай, Эркинбек
Түлөбайдан – Конокбек, Алибек, Атабек
Конокбектен – Улан, Руслан, Амантур, Темирлан
Алибектен – Темир
Атабектен – Уларбек
Эркинбектен – Алыке, Алый, Канат, Кадырбек , Жыргалбек
Алыкеден – Элдияр, Эрнис
Алыйдан – Кайырбек, Дайырбек, Тилек
Кадырбектен – Марат
в). Калыктан –Күлүмкан
г). Бугубайдан – Ыбыке
Ыбыкеден – Асан, Эсен
Асандан – Жыргалбек, Алмазбек, Адылбек, Амантур.
Эсенден – Жеңишбек, Эдилбек, Майрамбек
2. Олжобайдан тарагандар – Кыдыр, Муканбет, Качаган.
1. Кадырдан – Асан
2. Муканбеттен – Токтогул
а). Токтогулдан – Керимбек
Керимбектен – Максатбек, Мыктыбек, Алсейит
3. Качагандан – Турсунбек, Эсентур
а). Эсентурдан – Марс
3. Өмүрзактан тарагандар – Курманаалы, Жунушаалы, Бегаалы
1. Курманаалынын балдары – Обонбай, Сооронбай
а). Обонбайдан – Карыпбай, Калыбай, Алыбай, Эсенбай, Өмүрбай
Карыпбайдан –Кубанычбек, Жаныбек
Кубанычбектен – Акылбек
Калыбайдан – Жыргалбек, Алтынбек, Таалайбек
Алыбайдан – Кайырбек, Айбек,
Эсенбайдан – Канатбек
2. Жунушаалыдан – Саадек
а).Саадектен – Желдеңбай,
Желдеңбайдан – Айтбай, Бакыт, Рахат, Урмат, Максат, Азамат
Айтбайдан – Азат
Бакыттан – Улан, Кубан,

Рахаттан – Ырысбек
Урматтан – Ноорузбек

4. Айчекеден тарагандар – Өмүрчү, Берикбай
1. Өмүрчүдөн – Бекбоо
а) Бекбоодон – Алтымыш
Алтымыштан – Каныбек, Темирбек, Ырысбек
Каныбектен – Улан, Нурлан, Нурсултан
2. Берикбайдын балдары – Ысырайыл, Үсөнаалы
1. Ысырайылдан – Бектеш, Белек, Төлөн, Кенжебай
2. Үсөнаалыдан – Амангелди
а). Амангелдиден – Алмазбек, Канатбек
Алмазбектен – Санжарбек, Айбек
Канаттан – Атай
5. Коомандан тарагандар – Токтонбай, Бокбай, Ботбай .
1. Токтонбайдан – Кадыркул, Садыркул, Мамыркул, Шамыркул
а). Кадыркулдан – Турсунакун, Жолдошбай
Турсунакундан – Туратбек, Советбек, Дайырбек, Муктарбек, Курманбек
Туратбектен – Жоомарт
Жолдошбайдан – Муратбек
2. Бокбайдан – Алдаш, Данапия
а). Данапиядан – Бекташ, Төлөмүш, Болотбек, Канатбек
Төлөмүштөн – Элизбар
Болотбектен – Айбек
Канатбектен – Санжарбек
3. Ботбайдан – Ондон
а). Ондондон – Саруу, Дөөлөс
Дөөлөстөн – Окен, Камчыбек, Сталбек, Урматбек
Окенден – Алыбек
Камчыбектен – Жаныбек
Сталбектен – Айбек, Мирбек
Урматбектен – Адилет.

**Карга акенин 2 – аялынан – Чекир, Чоңмурун, Дөөрүк, Козуайдар, Телкозу 5 уул**

**VI. Чекир уулунан тарагандар - Акылтай, Бакытай, Жантай, Көкө, Деркенбай, Маткан, Тойтук, Тазабек**

1. Акылтайдын балдары – Атамкул, Өзүбек
2. Атамкулдан – Асанакун, Молдогазы, Иманкожо

а). Иманкожодон – Мустафа, Туратбек
Мустафадан – Исламбек, Жоодарбек
Туратбектен – Ильяс, Кыяс

6. Бакытайдын балдары – Ыстам
1. Ыстамдан – Асанбек

3. Деркенбайдын балдары – Садык
1. Садыктан – Эсенбек

а). Эсенбектен – Айтбек, Адылбек, Кубатбек, Акылбек, Бакытбек
Айтбектен – Нурбек
Адылбектен – Жоломан
Кубатбектен – Мирлан
Акылбектен – Элеман.

4. Маткандын балдары – Сыдыкбек
1). Сыдыкбектен – Болотбек
5. Тойтуктун балдары – Мамбетиса
1). Мамбетисадан – Токторбай

а). Токторбайдан – Кубатбек, Максатбек, Муктарбек, Мирбек, Нурбек

7. Тазабектин балдары – Сүйүнбай.

**VII. Чоңмурун уулунан тарагандар – Бердибек, Шадыкан, Ботокан**

1). Бердибектин балдары – Данабай, Мамбетакун, Асаналы, Абыкей
2). Абыкейден – Жакып, Муканбет

а). Муканбеттен – Эсенгул, Асанкадыр
Асанкадырдан - Аскербек
Аскарбектен – Бексултан

2). Шадыкандын балдары – Мамыркан
1). Мамыркандан – Турганбай

а). Турганбайдан – Табылды
Табылдыдан – Алмазбек, Камчыбек, Акылбек

3). Ботокандын балдары – Токтомамбет, Урманбет, Элебес
1). Урманбеттен – Ишенбай

а). Ишенбайдан – Тилекмат, Таалайбек, Бакытбек
Тилекматтан – Кубаныч , Кайрат

2). Элебестен – Асанбек, Сагалы, Садырбай
а). Сагалыдан - Конокказы, Бекказы, Кайырбек, Аскар
Конокказыдан – Улан, Руслан, Темирлан
Бекказыдан – Нурсултан
б). Садырбайдан – Айтбек, Жолдошбек, Каныбек
Айтбектен – Эркин
Каныбектен – Эрмек

**VIII. Дөөрүк уулунан тарагандар – Ажыбай, Калча**

1. Ажыбайдын балдары – Чодук
2. Калчанын балдары – Айдаркан, Мамыт.
1. Айдаркандан – Желденбай, Кубат, Болот, Жууку, Урмат Мурат, Максат.
а). Желденбайдан – Адилет
б). Болоттон – Төлөгөн, Жаныбек

**IX. Телкозу уулунан тарагандар - Байтик, Бээрман, Акынбай**

1. Бээрмандан – Кыдырмыш
2. Акынбайдан – Эсентур
а). Эсентурдан – Адилет

**Эскертүү:** - Бул маалыматтарды тактап жана иретке келтирген - Аскер Муканбетов. Андан бери бир далай жыл өтүп кетти. Жаңы наристелер, көз жаргандар, тизмеге кирбей калгандар да бардыр. Аларды келечекте толуктоо зарыл.

## КАСИЕТТҮҮ КАРГА АТА

*Үсөнбек Асаналиев*

Арбагыңдан айланайын Карга ата,
Абалтадан ажал жанга каргаша.
Жер жүзүнө пенде сыйбас эле го
Берген жанын кудай кайрып албаса.

Кайда өлбөсө пайгамбарлар, заабалар,
Кайда олуя, машайыктар, дааналар.
Жанган отуң жалп деп өчүп түбөлүк
Жердин асты жай турбайбы пааналаар.

Карга атама берген акыл, жашты да,
Кадыр-сыйды, касиетти, бакты да.
Кудурети чындап сүйгөн себептүү
Ортон колдой он азамат тапты да.

Кең Жуукуну кенен жайлап мекендеп,
Өйдө-төмөн көчкөн тура эчендеп.
Жүз он жашка чыккычакты жарыктык.
Бир да жолу оорубаптыр кеселдеп.

Башты дагы, жашты берген Кудайым,
Көз жумгуча эч тартпаптыр убайым.
Даңазаңыз жылдан жылга артылып,
Кылымдарга кала берсин ылайым.

«Карга аке!» - деп кары-жашы сыйлаган,
Кадыр-баркы келет өчпөй кыйладан.
Касиеттүү улуу адамдын урпагы
Болуп калуу ченебеген сый маган.

## МАЗМУНУ

Карга аке ........................................................................................ 3

Каргаакенинбаталары...................................................................................61

Даанышмандар...........................................................................69

Казал-таберик...................................................................................94

Карга акенин урпактары ....................................................................121

Касиеттүү Карга ата .......................................................................134

Редактор *Мусакун Сатыбалдиев*
Компьютердик калыпка салган *Жаныбек Кудайбергенов*

Басууга 03.01.2011 кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84х60 $^{1}/_{32}$. Көлөмү 8,5 б.т.
Print Express басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Куренкеев к, 89, тел., 37-61-25
Нускасы 500 даана



Үсөнбек Асаналиев - филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, комузчу, түркolog, 1932-жылдын 14-августунда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Дархан айылында төрөлгөн.

1956-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Кыргыз Илимдер академиясынын түркология секторунда, Кыргыз ССР энциклопедиясында эмгектенген. Кыргыз Мамлекеттик университетинде узак жылдар иштеген. Учурда Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде сабак берет.

Көптөгөн илимий эмгектердин, адабий чыгармалардын автору. "Сөз-соолот", "Ой-оомат", "Кеп-кербен", "Арзуу", "Жакшы сөз - жан азыгы", "Сап-санат" китептеринин автору.